# ЭРДИКТЕР ЭЧ КАЧАН УНУТУЛБАЙТ

1941 – 1945

2015





1941 – 1945

Улуу Жеңишке 70 жыл

# Эрдиктер эч качан унутулбайт




НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 2137

Масы
2015

УДК 830.52
ББК 85Ки 9-6
С45

*Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына арналган ушул китептеги материалдардын жарымынан кобун Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу, эмгектин ардагери, ардагер журналист жердешибиз Сатымкул ава Садыков даярдап берди. Андыктан аксакал жердешибизге Ноокен районундагы Масы айыл окмотунун жетекчилигинин атынан, ошондой эле ушул китепке кирген согуштуп жана оруктун катышуучуларынын жакындарынын атынан терең ыраазычылык билдиребиз.*

ISBN 978-9967-04-321-9

*Китепти басып чыгаруу учүн кеткен чыгымдарды айыл өкмөттүн эсебинен каржылоону колго алган Масы айыл өкмөтүнүн башчысы Маматов Махмуд Баймурзаевичке, аны колдогон Масы айылдык кеңешинин депутаттарына, согуштун жана оруктун ардагерлери тууралуу материалдарды чогултууга көмөк көрсөткөн Масы айыл өкмотүнүн аскердик каттоо бөлүмүнүн башчысы Айдаров Салыжан Тешебаевичке жана ага жардам берген айыл өкмөттүн кызматкерлерине Масы элинин атынан ыраазычылык билдиребиз.*

С4702300100-15
ISBN 978-9967-04-321-9

УДК 830.52
ББК 85Ки 9-6

# УЛУУ ЖЕҢИШТИ АЛЫП КЕЛГЕНДЕРГЕ ТААЗИМ!



*Урматтуу окурман!*

Бул китеп 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата-Мекендик согуштагы жеңиштин 70 жылдык маарекесине карата чыгарылып, немеңтик баскынчыларга каршы согушта эл-жерибизди фашизмдин кулчулугунан куткаруу үчүн кан-жанын аябай салгылашып бизге, Улуу Жеңишти алып келген аталарыбыздын, оруктун оор жүгүн аркалап, күн-түн дебей эмгектенип, ошол жеңишти жакындатууга оз эмгектери менен салым кошкон энелерибиздин жана аталарыбыздын урматына арналды.

Мындан 70 жыл мурдагы тарыхка саресеп салсак, кандуу согушка жалпы Кыргызстандан катышкан эр азаматтардын катарында азыркы Масы айыл өкмотүнүн аймагынан 516 адам Советтик Армиянын сабында өзүнүн мекен алдындагы ыйык милдетин отөөго аттанган. Алардын ичинен 300дөн ашык жердешибиз фашисттер менен болгон салгылашууларда эл-жерин душмандан коргоп жатып, баатырларча курман болуп, өз мекенине кайтпай калган.

Ал эми 215 жоокер оз элине кайтып келип, чарбалык жумуштарда эмгектенип, өлкобүздүн осүп-онүгүшүнө эбегейсиз зор салым кошту. Алар үй-бүлө күтүп, уул-кыздуу болушуп, кийинчерээк ошөл уул-кыздары да өз мекени үчүн ак ниеттүүлүк менен эмгек кылышты. Бирок ардагерлерибиздин согуштан алган запкысы өздөрү менен кошо жашап, жүрөгүндө кетпес так бойдон калды. Алардын басып өткөн даңктуу өмүр жолу кийинки муундарга үлгү болуу менен катар Ата-Мекенди, эл-жерди урматтап сүйүүгө, көздүн карегиндей сактоого, улуулардын жолун улап, коргоого үндөп турат.

Тилекке каршы, мезгил учкан куш сымал зымырап, Улуу Жеңишти алып келген аталарыбыздын, энелерибиздин катары барган сайын суюлуп баратканы өкүндүрот. Андыктан

70 жылдыктын урматына ардагер ата-энелерибиздин басып өткөн өмүр жолун чагылдырып, китеп кылып чыгаруу максатында алардын тизмесин тактап, козү өтүп кеткендеринин омүр жолун, жасаган эмгектерин изилдеп, мүмкүн болушунча жазууга аракет кылдык. Анткен менен да айрым ардагерлердин балдары чет жактарда жашап, иштеп жүргөндүгүнө, аларды таанып-билгендердин арабызда калбай баратканына байланыштуу бир топтору тууралуу маалымат ала албай калдык. Эгер бул китепке кирбей калган ардагерлер жөнүндө билген инсандар болсо, маалыматтарын бизге жеткирсе, кийинки юбилейлик жылдарда толуктап жазууга даярбыз.

Мага берилген мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ушул китептин негизин жазган журналист, өзүбүздүн масылык жердешибиз, Улуу Ата-Мекендик согуштун жана эмгектин ардагери, ардагер журналист Садыков Сатымкул авага, согуштун катышуучулары тууралуу маалыматтарды алууга комөктошкөн Ноокен райондук аскер комиссариатына терең ыраазычылык билдирем.

Жеңиштин 70 жылдык маарекесин тосуу бактысына ээ болгон согуштун жана оруктун ардагерлерине бекем ден соолук, бакубат турмуш, бактылуу карылык, уулдан урмат, кыздан кызмат көрүүсүн каалайм. Ал эми согуштан кийинки жылдарда олкөбүздүн кайрадан бутка туруусуна оз эмгеги менен татыктуу салым кошуп, бирок бүгүнкү жыргал турмушту көрүү насибине ээ болбой, козү өтүп кеткен ардагер аталарыбыз менен энелерибиздин арбактарына таазим этип, алардын жаркын элестери кийинки муундардын жүрогүндө түбөлүк жашай берээрине терең ишенем.

Улуу Жеңиш майрамыңыздар кут болсун, кадырлуу калкым! Жергебизде ар дайым бейпилдик окүм сүрүп, эч качан кан төгүлгөн согуш болбосун! Бизге Улуу Жеңишти камсыз кылып берген улуу муундарга түбөлүк урмат жана даңк!

*Махмуд МАМАТОВ,*
*Ноокен районундагы Масы айыл өкмөтүнүн башчысы.*

## СӨЗ БАШЫ



Улуу Ата Мекендик согушта Совет мамлекети фашисттик Германиянын үстүнөн жеңишке жетишип, бир эле Совет элин эмес, дүйнөдөгү көптөгөн элдерди фашизмдин туткунунан бошотту. Ошол жеңиш Совет эли үчүн оңой-олтоң эле колго кире калган жок. Ал үчүн миллиондогон жоокерлерибиз кан майданда өзүн окко тосуп, мүрт кетишти. Орукта калып эмгектенген адамдарыбыз өтө оор кыйынчылыктарды, кааттчылык менен ачкачылыктарды башынан өткөрүп, көпчүлүгү эмгек талааларында набыт болушту.

Булардын баарын мен, согушка чейин тылда эмгектенген эмгекчи, согуш учурунда душман менен бетме-бет согушкан жоокер, согуштан кийин кыйраган чарбаны калыбына келтирүү иштеринде активдүү катышкан, өз элинин патриот инсаны катары, бардыгын өз көзүм менен көрүп, жон терим менен сезип келип, анан сиздерге айтып отурам, урматтуу окурмандар.

Булардын бардыгын тизмелеп, айтканымдын себеби, азыркы жаштар жана келечектеги муундар өздөрүнүн чоң ата, чоң энелери кандай оор күндөрдү басып өтүп, бардык кыйынчылыктарды жеңип, өздөрүнүн урпактары үчүн азыркыдай жыргал заманды камсыз кылып кетишкенин билишсин жана ар дайым эстерине ала жүрүшсүн дегеним.


Дүйно жүзүндөгү элдердин бардыгын кулга айлантып, өздөрү бүт дүйнөгө ээлик кылуу максатын көздөгөн арам ойлуу фашисттердин тилектерин таш каптырып, алар баштаган экинчи дүйнөлүк согушка чекит койгон Улуу Жеңишке быйыл 70 жыл толуп отурат. Мындан ары андай кан төгүлгөн каргашалуу согуш эч качан болбосун, эч ким өз жакындарынан боодо ажырабасын деген улуу тилегимди урматтуу окурмандарга арнап, бардыгыңыздарды Жеңиш майрамы менен чын дилден куттуктап кетээр элем.

*Сатымкул САДЫКОВ,*
*Улуу Ата Мекендик согуштун*
*жана эмгектин ардагери.*

# БИРИНЧИ БӨЛҮК

# *Майдандан кайтпай калгандар*

## *Улуу Ата-Мекендик согушта элибиздин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөштө баатырларча курман болгондорго түбөлүк даңк!*



1. Абдиев О.
2. Абдукадиров Р.
3. Абдукеримов Р.
4. Абдуллаев З.
5. Абдуллаев Т.
6. Абдурахманов А.
7. Абдураимов С.
8. Абдураимов Т.
9. Абдураимов Х.
10. Абдурахманов Б.
11. Абдурахманов М.
12. Абдурашев Т.
13. Абдухалиев С.
14. Абдыкалиев А.

15. Азизов А.
16. Азизов М.
17. Азизов М.
18. Азимбаев О.
19. Айдаров М.
20. Айдаров Р.
21. Айилчиев С.
22. Айилчиев Т.
23. Аккозиев А.
24. Алибаев М.
25. Алибоев А.
26. Алиев Х.
27. Аликеев Ж.
28. Аликеев М.
29. Алимкулов Д.
30. Алимкулов Х.
31. Алимов С.
32. Анаркулов Б.
33. Аракулов А.
34. Арзикулов Б.
35. Артиков А.
36. Артиков И.
37. Артиков К.
38. Артиков Н.
39. Артиков С.
40. Артиков Х.
41. Артиков Ш.
42. Артиков Э.
43. Асанов О.
44. Асанов С.
45. Асанов Т.
46. Асранов Х.
47. Атабаев А.
48. Атабаев Я.
49. Атакулов П.
50. Атакулов Х.
51. Ахмадалиев А.
52. Ахмадалиев Т.
53. Ахмадов К.
54. Ахматов Г.
55. Ашуралиев К.
56. Байзаков А.
57. Байымбетов К.
58. Байышбаев А.
59. Балтабаев А.
60. Бахрибоев К.
61. Бахрибоев Т.
62. Бегалиев Т.
63. Бекжигитов Ж.
64. Бекматов И.
65. Бекназаров Д.
66. Бекназаров М.
67. Бекназаров Т.
68. Болташев А.
69. Борботаев К.
70. Ботиров О.
71. Ботиров Ю.
72. Гайназаров Т.
73. Дадабаев А.
74. Дадажанов М.
75. Далибаев Г.
76. Дүйшоев Т.
77. Жолдошев О.
78. Жолдошов А.
79. Жолдошов К.
80. Жудамушов Б.
81. Жумабаев А.
82. Жумабаев А.
83. Жумабаев К.
84. Жумабаев М.
85. Жумагулов М.
86. Жумаев Т.
87. Жусубалиев О.
88. Зияев М.

89. Исакулов М.
90. Исмаилов А.
91. Исмаилов Ш.
92. Исраилов Ю.
93. Кадиров С.
94. Кадиров У.
95. Калымбетов Т.
96. Канаев А.
97. Канаев Д.
98. Карабаев С.
99. Карабаев А.
100. Карабаев Ж.
101. Карабаев М.
102. Карабаев Х.
103. Каримов Х.
104. Касимов М.
105. Кассиров С.
106. Кахаров Х.
107. Кахаров Х.
108. Кенжибаев И.
109. Киргизбаев К.
110. Козаков А.
111. Козаков Б.
112. Комилов М.
113. Коткаров А.
114. Кочкаров С.
115. Кочкоров К.
116. Кочоров А.
117. Кудратов Р.
118. Кудратов Р.
119. Курбанбаев Б.
120. Курбанкулов М.
121. Курбанов М.
122. Кыдыров А.
123. Кыдыров Р.
124. Мавланкулов Ж.
125. Мавланкулов Ж.
126. Мадгазиев С.
127. Мадраимов Ж.
128. Мадраимов К.
129. Мажримов А.
130. Мамажигитов С.
131. Мамарасулов А.
132. Мамарасулов К.
133. Мамарасулов У.
134. Мамаюнусов Н.
135. Мамаюнусов С.
136. Мамитов А.
137. Мамитов М.
138. Мамитов М.
139. Мамитов Т.
140. Мансуров М.
141. Мансуров Ю.
142. Мараимов М.
143. Матанов И.
144. Маткабилов Н.
145. Матраимов Ж.
146. Машрабов
147. Миралиев Х.
148. Мирзаев И.
149. Мирзаев К.
150. Мирзаев О.
151. Мирзакамалов
152. Мирзакулов М.
153. Мирхакимов Д.
154. Мирхакимов Т.
155. Молдалиев Т.
156. Моминов А.
157. Моминов Ю.
158. Момунов С.
159. Мусабаев Х.
160. Мырзапаязов О.
161. Назаров Т.
162. Назирбеков С.

163. Наралиев Х.
164. Наралиев Я.
165. Нарбаев Т.
166. Нарбаев Т.
167. Нарбаев Х.
168. Наркулов К.
169. Наркулов Х.
170. Нематов И.
171. Нишанов А.
172. Нишанов Б.
173. Норбоев М.
174. Омаров А.
175. Омаров Х.
176. Омаров Ю.
177. Омурзаков Т.
178. Орозалиев Т.
179. Орозматов М.
180. Орунбаев А.
181. Орунбаев З.
182. Орунбаев Т.
183. Орунбаев Х.
184. Османов А.
185. Османов А.
186. Османов Р.
187. Османов Х
188. Осмоналиев Т.
189. Осмонкулов А.
190. Осмонкулов И.
191. Осмонов Б.
192. Осмонов К.
193. Пайзиев Д.
194. Палапанов Э.
195. Парманов Б.
196. Парманов М.
197. Парпиев С.
198. Пирназаров Х.
199. Пирназаров Х.
200. Разалиев Р.
201. Разиков К.
202. Раимов А.
203. Режапов А.
204. Рискулов М.
205. Рискулов М.
206. Розибоев Т.
207. Сатволдиев К.
208. Садыков М.
209. Сариков Ж.
210. Сариков Т.
211. Саримсаков Х.
212. Сатбалдыев Д.
213. Сативалдиев Г.
214. Саттибаев Н.
215. Сидиков Ш.
216. Сулайманов Н.
217. Сулайманов П.
218. Султанов М.
219. Султанов О.
220. Суяркулов И.
221. Тажибаев А.
222. Тажибаев С.
223. Тажибаев Ш.
224. Тажибоев Ш.
225. Тажримов С.
226. Ташиев Н.
227. Ташов А.
228. Ташов М.
229. Ташполатов
230. Ташполатов А.
231. Темиров А.
232. Темиров Р.
233. Темиров Х.
234. Темиров Х.
235. Тешабаев М.
236. Тиланбаев О.

237. Тойчукулов А.
238. Токушев С.
239. Торакелдиев О.
240. Торакулов Д.
241. Тораханов Н.
242. Тошболтаев А.
243. Тошболтаев Х.
244. Туракелдиев К.
245. Тургунбаев М.
246. Тургунов Ж.
247. Тургунов К.
248. Тургунов Ю.
249. Турдалиев Б.
250. Турдибаев Р.
251. Турдибаев Х.
252. Турдибоев Х.
253. Турдубаев С.
254. Уркинбаев А.
255. Урубаев Н.
256. Хайдаров Д.
257. Хайдаров Н.
258. Хайдаров О.
259. Хайдаров Р.
260. Хайдаров Р.
261. Хайдаров Т.
262. Хайдаров Ю.
263. Хакимов Р.
264. Халбаев Ж.
265. Халкозиев Ш.
266. Халматов А.
267. Халматов А.
268. Халматов А.
269. Халматов А.
270. Хамиджанов Г.
271. Хамрабаев О.
272. Хамрабаев Т.
273. Хамрабаев Э.
274. Хамрабаев Э.
275. Хамракулов С.
276. Хасанов А.
277. Хожиев М.
278. Холбоев С.
279. Холбоев Т.
280. Холматов Ш.
281. Хурбаев А.
282. Хурмаматов А.
283. Хурмаматов И.
284. Хурмаматов М.
285. Хусанбаев М.
286. Хусанов М.
287. Чимирбаев З.
288. Чомонов З.
289. Чомонов Х.
290. Чондуев Ю.
291. Шабданов Т.
292. Шералиев Г.
293. Шербеков К.
294. Шеримбаев А.
295. Шеримбаев М.
296. Шерматов А.
297. Шерматов Ч.
298. Эгамбердиев А.
299. Эгамбердиев А.
300. Эгамбердиев Ш.
301. Эргашев А.
302. Эргашев К.
303. Эргашев Р.
304. Эргашов Д.
305. Эрчораев М.
306. Эсанкулов Д.
307. Юлбарсов П.
308. Юлдашев К.
309. Юлдашев Х.
310. Якубов М.



## АТЫ АТАЛСА, КУТУ СҮЙҮНӨТ

1941-1945-жылдарда азыркы Масы айыл аймагынан аскерге чакырылып, согушка катышкан, бирок согуштан кийинки жылдарда Россия, Казакстан, Өзбекстан жана башка республикаларга көчүп кетишкен, же согушка катышкандыгын тастыктоочу документтерин түрдүү себептер менен жоготушкан согуш ардагерлери тууралуу макалалар бул китепке кирген жок. Төмөндө алардын аттары менен фамилиялары, туулган жылдары жана кайсы фронтто болгону тууралуу гана кыска маалымат берип жатабыз. Эгерде алдыда алардын документтери табылып калса, анда алардын согуштагы эрдиктери тууралуу гезиттерге жазып, кийинки юбилейлик китептерге киргизгенге аракет кылабыз. Алардын көрсөткөн эрдиктери эч качан унутта калбайт.

1. Гасилин – 1917-жылы туулган, Брянск фронту.
2. Зикеев Петр Васильевич – 1910-жылы туулган, Сталинград фронту, 299-аткычтар полку.
3. Захаров Георгий Владимирович – 1904-жылы туулган (капитан), Түндүк-Батыш фронту, 312-өзгочо полк.
4. Коваленко Федор Иванович – 1924-жылы туулган (лейтенант), Курск дугасы, 219-аткычтар полку.
5. Тохтахунов Талип – 1923-жылы туулган, Түндүк-Батыш фронту, 380-аткычтар полку.
6. Хакимов Бурхан Салаутдинович – 1916-жылы туулган, Түндүк-Батыш фронту, 259-аткычтар полку.
7. Эшимбетов Шакир – 1923-жылы туулган, 1-Белоруссия фронту, 118-аткычтар полку.
8. Тажиматов Бакир – 1905-жылы туулган, 3-Украина фронту 7-дивизия. 291-полк.
9. Хурмаматов Эсенбай – 1916-жылы туулган, 1-Белоруссия, 1-Украина фронттору.
10. Мусаев Атамкул – 1900-жылы туулган, Ленинград фронту.
11. Атабаев Режепбай – 1924-жылы туулган, 3-Украина фронту.
12. Жакбаров Мамасыдык – 1913-жылы туулган, Сталинград фронту.
13. Мирхакимов Парман – 1909-жылы туулган, (маалымат жок).
14. Сарыков Ахматжан – 1905-жылы туулган, (маалымат жок).
15. Орозматов Макамбай – 1923-жылы туулган, 3-Украина фронту, Курск дугасы.

16 Деканов Ачилди – 1902-жылы туулган, 3-Украина фронту.

17 Юлдашов Нурдин – 1906-жылы туулган, 2-Белоруссия фронту.

18 Абдураимов Нарбай – 1925-жылы туулган, Калининград фронту.

19 Раимов Асанбай – 1920-жылы туулган, (маалымат жок).

20 Курбанов Тажибай – 1914-жылы туулган, Сталинград фронту, 149-аткычтар полку.

21 Валеев Герез – 1922-жылы туулган, 3-Белоруссия фронту.

22 Мадраимов Мамадали – 1903-жылы туулган, 2-Украина фронту.

23 Рахматов Расул – 1911-жылы туулган, Калининград фронту.

24 Бешкемпиров Маман – 1905-жылы туулган, Таганрог шаары.

25 Сарымсаков Мариф – 1919-жылы туулган, Новгороддогу десанттар болүгү.

26 Нирматов Хасанбай – 1911-жылы туулган, (маалымат жок).

27 Насирдинов Дадамырза – 1902-жылы туулган, Белград шаары, 109-гвардиячылар полку.

28 Марков Максим Григорьевич – 1923-жылы туулган, 3-Украина фронту.

29 Муншуков Петр Петрович – 1917-жылы туулган, Плоцк, Курск шаарлары, озгөчө авиабатальон.

30 Номанов Мырзажан – 1926-жылы туулган, 265-артиллерия полку.

31. Топчубаев Эргеш – 1924-жылы туулган, Белград, Харьков шаарлары жана Польша.

32. Сабиров Аким – 1918-жылы туулган, 1-Белоруссия фронту.

33. Громов Алксандр Григорьевич – Сталинград, Киев, Харьков шаарлары.

34. Мамутов Орман – 1926-жылы туулган, Чыгыш Пруссия, 113-аткычтар полку.

35. Маматов Жумабай – 1900-жылы туулган, 813-батыш аткычтар полку.

36. Алимкулов Зухридин – 1914-жылы туулган, 179-артиллерия дивизиясы. .

37. Калиев Алимбек – 1914-жылы туулган, 2-Прибалтика фронту.

38. Каримов Мамасали – 1913-жылы туулган, 42-гвардиячы аткычтар полку.

39. Бахтияров Наби Каримович – 1916-жылы туулган, 1-Украина фронту.

40. Бегматов Нурпазыл 1913-жылы туулган. 5-күжүрмөн армия, 62-танкалык полк.

41. Бечелов Асибай – 1913-жылы туулган, Калининград фронту.

42. Нурматов Жумабай – 1926-жылы туулган, 94-авиаполк.

43. Касымов Ганыбай – 1920-жылы туулган, 6-гвардиячы танкалык полк.

44. Карабаев Дыйканбай – 1926-жылы туулган, 48-батыш аткычтар полку.

45. Карашов Жалил – 1926-жылы туулган, 12-батыш кавалерия полку.

46. Мамасалиев Юлдашбай – 1924-жылы туулган, 287-аткычтар полку.

47. Матисаев Насир – 1923-жылы туулган, 44-кавалерия полку.

48. Мадраимов Орунбай – 1926-жылы туулган, 425-конвойдук полк.

49. Миралиев Арапбай – 1910-жылы туулган, 20-өзгөчө аткычтар полку.

50. Матибаев Жусуп – 1910-жылы туулган, 236-аткычтар полку.

51. Наралиев Рахманжан – 1925-жылы туулган, 87-аткычтар полку.

52. Пирматов Максыт – 1921-жылы туулган, 196-аткычтар полку.

53. Салиев Муктар – 1925-жылы туулган, 685-аткычтар полку.

54. Силкин Андрей – 1927-жылы туулган, 365-аткычтар полку.

55. Скиданов Владимир Яковлевич – 1926-жылы туулган, Воронеж фронту.

56. Сатаров Адылбек – 1926-жылы туулган, фронттун тылдагы бөлүктөрүндө.

57. Тажибаев Абдулла – 1925-жылы туулган, (маалымат жок).

58. Ташматов Мамадали – 1916-жылы туулган, 180-зениттик полк.

41149-45

59. Тайлаков Жуманали – 1922-жылы туулган, 32-аткычтар полку.

60. Уметалиев Арыкбай – 1922-жылы туулган, 374-аткычтар полку.

61. Хамдамов Ташполот – 1926-жылы туулган, (маалымат жок).

62. Юсупов Мамажан – 1926-жылы туулган, Манчжурияда Япондорго каршы согушкан.

63. Пономарева Наталья Алексеевна – 1923-жылы туулган, 1-Белоруссия фронту.

64. Хатипов Абдулхай Харизович – 1921-жылы туулган, Дуклински ашуусундагы согушта катышкан.

65. Курбанов Азиз – 1921-жылы туулган, 812-миначылар полку.

66. Тажибаев Торажан – 1924-жылы туулган, Воронеж фронту.

67. Жуков Владимир Георгиевич – 1918-жылы туулган, 3-Белоруссия фронту

68. Усманов Шукуржан – 1917-жылы туулган, 2-Украина фронту.

69. Сулайманов Малик – 1924-жылы туулган, 5-гвардиячы дивизия, 16-полк.

70. Карабаев Алымназар – 1924-жылы туулган, Волхов, Прибалтика фронттору.

71. Мирзахожаев Мухамед – 1897-жылы туулган, 2-Прибалтика фронту.

72. Ходаков Алексей Кузьмич – 1910-жылы туулган, 88-өзгөчө батальон.

73. Зулпиев Артыкбай – 1923-жылы туулган (маалымат жок).

74. Казаков Атакан – 1923-жылы туулган, 8-минемётчулар полку.

75. Хамракулов Азим – 1926-жылы туулган, 192-танкка каршы полк.

76. Эрчороев Өсор – 1913-жылы туулган, 20-аткычтар полку.

77. Юлдашов Жалал – 1920-жылы туулган, 226-аткычтар полку.

78. Усенов Балтабай – 1912-жылы туулган, 99-аткычтар полку.

79. Жолдошов Момун – 1921-жылы туулган, 8-гвардиячылар дивизиясы, 50-аткычтар полку.

80. Атабаев Режапбай – 1904-жылы туулган, Днепропетровск, 4-аткычтар полку.

81. Жапаров Мамасадык – 1913-жылы туулган, Харьков шаары, 97-аткычтар полку.

82. Юнусов Юлдашбай – 1907-жылы туулган, 61-артиллериянын аткычтар бригадасы.

83. Абжапаров Абдугапар – 1926-жылы туулган, 3985-конвойдук полк.

84. Кулумбетов Абдинаби – 1912-жылы туулган, 32-кавалерия полку.

85. Абдураимов Хамиджан – 1916-жылы туулган, 844-артиллерия полку.

86. Орозов Мавлян – 1912-жылы туулган, өзгөчө танкалык рота.

87. Сатыбаев Хажимырза – 1897-жылы туулган, 86-аткычтар полку.

88. Касымов Турат – 1907-жылы туулган, Калининград фронту.

89. Беккелдиев Тиркеш – 1912-жылы туулган. 22-аткычтар батальону.

90. Баев Кочкорбай – 1925-жылы туулган, 116-танкалык полк, мех. корпус.

91. Барахтянский Григорий Леонтьевич – 1910-жылы туулган, 417-артиллерия полку.

92. Дадабаев Юлдаш – 1914-жылы туулган, 558-аткычтар полку.

93. Еникеев Салих Абубакирович – 1919-жылы туулган, 84-кавалерия полку.

94. Исакжанов Нематжан – 1925-жылы туулган, 83-аткычтар полку.

95. Каримов Момунжан – 1919-жылы туулган, 730-аткычтар полку.

96. Мажримов Мамадали – 1903-жылы туулган, 166-аткычтар полку.

97. Матмусаев Мойдун – 1925-жылы туулган, 81-полк.

98. Шерматов Саипбек – 1917-жылы туулган, 148-аткычтар полку.

99. Юнусов Хамиджан – 1923-жылы туулган, 326-запастагы аткычтар полку.

100. Балтабаев Номанжан – 1923-жылы туулган (маалымат жок).

101. Каримкулов Калмурат – 1900-жылы туулган (маалымат жок).

ЭКИНЧИ
БӨЛҮК

# *Согуш хроникасы*



## МОСКВА АСТАНАСЫНДАГЫ САЛГЫЛАШУУЛАР

Бир миң тогуз жүз кырк биринчи жылы жыйырма экинчи июнь күнү таңкы саат тортто гитлердик Германия СССР менен түзгон тынчтык келишимин бузуп, Украинанын борбору Киевди бомбалады. Ошол күндон Совет эли үчүн Улуу Ата Мекендик согуш башталды.

Фашисттер 1940-жылдан баштап эле СССРге каршы согуштук "Барбаросс" планын түзүп жаткан болчу. Алардын максаты бир жарым-эки айдын ичинде Советтик Армияны биротоло талкалап, Москва, Ленинград шаарларын басып алуу, Архангельскини алып, Волга дарыясына чыгуу, Уралды басып алып, Совет мамлекетин толук багынтуу эле. Ошону менен бирге Орто-Азиядагы республикалар менен Казакстанды Германиянын колониясына айлантууну коздогон.

Гитлер Венгрия, Румыния, Польша жана Финляндия сыяктуу мамлекеттерди оңой-олтоң эле басып алып, аларды озүно куралдаш шерик кылып алган. Ошондон улам Гитлердин согуштук күчтору эбегейсиз кобойгон. Анткени Германия оз аскерлеринен сырткары Европа

мамлекеттеринин 180 дивизиясын кошуп алган. Ошондо фашисттик Германиянын карамагында 5, 5 миллион жоокер, 4300 танк, 47 миң замбирек, 5000 самолёт болгон. СССРдикине караганда самолёттору үч эсеге, жоокерлеринин саны бир жарым эсеге, башка курал-жарак жана ок-дары запастары да бир кыйла көп болчу.

Кыскасын айтканда Улуу Ата Мекендик согуш 1418 күнгө созулду. Душман менен эң айыгышкан катуу салгылашуулар үч жерде жүз берди: биринчиси – Москваны коргоодогу, 1941-жылдын 30-сентябрынан 1942-жылдын 22-апрелине чейинки согуш, бул согуштун фронту миң километр кеңдикти ээлеген. Москва багытындагы фронтко душмандын эң ири күчү жыйналган. Фашисттердин "Центр" аталган бул тобунда 1 миллион 800 миң жоокер жана офицерлер, 15 миңден ашык замбирек жана минамёттор, 1700 танкасы болгон, 1390 самолёт абадан чабуулга өтүп турган. Ошол эле учурда Советтер Союзунун Куралдуу Күчтөрүнүн курамында 1 миллион 200 миң жоокер, 7600 замбирек-минамёттор, миңге жетпеген танка, 700гө жетпеген самолёт болгон.

Немецтик фашисттер Москваны басып алуу үчүн атайын "Тайфун" деп аталган планын түзүшкөн. Москваны айланта коргоп турган Духовщина, Рославль, Глухово калааларындагы аскерлерди бөлүп-бөлүп муунактап салып, Москвага кирип барууну көздөшкөн. Москванын жанындагы Вязьма жана Брянск аймактарындагы күчтөрдү талкалап, бир учурда түндүктөн да түштүктөн да чабуул жасап, Москвага оңой эле кирип барабыз деп ойлошкон.

Гитлер өз армиясына: "Москваны ушундай бекем курчагыла, ал жактан бир дагы Совет жоокери, бир дагы шаар тургуну чыгып кете алгыс болсун!" – деген тапшырманы берген. Ноябрь айына чейин Москваны толук ээлеп, 7-ноябрь күнү Кызыл Аянтта парад уюштурууну да пландаштырып койгон болчу.

1941-жылдын 30-сентябрында немецтер Москваны көздөй чабуулду башташты. Алар Калинин, Малый-Рос-

лавск, Можайск, Волоколамск шаарларын басып алышып, Тула шаарына жакындашты. Тула менен Москванын аралыгы 100 километрге жетпейт эле.

Москва ото оор ахвалда калды. КПСС Борбордук Комитети, Мамлекеттик Коргоо Комитети борбор шаар Москваны коргоо үчүн чечкиндүү чараларды көрүп, жаңы күчторду алып келишти. 13-октябрь күнү Москва шаарында партиялык активдин чогулушу болуп, бардык коммунисттер менен комсомолдун мүчөлөрүн, шаардын бардык тургундарын душманга каршы катуу туруп, Москваны коргоого, колдон келишинче душманга сокку урууга, кандай болбосун жеңишти камсыз кылууга чакырган чечим кабыл алынды.

-Москва үчүн туруктуулук жана чыдамкайлык менен акыркы кашык каныбыз калганча салгылашабыз, өлсок да Москваны душманга бербейбиз, - деди партиянын Москва шаардык комитетинин биринчи секретары А. С. Щербаков. Миңдеген москвалыктар партияга мүчөлүкко отүштү. Күндоп-түндоп тыным албай, коргонуу чептерин курушту. Уралдан, Сибирден, Ыраакы Чыгыштан эшелондордо куралдар, жоокерлер, азык-түлүктөр Москвага жеткирилди. Советтик аскерлер Москванын ар бир карыч жерин коргоого алышты.


Москваны коргоодо Кыргызстандан барган генерал-майор Панфиловдун дивизиясы бир кадам да артка чегинбей, катуу салгылашты.


Жетинчи ноябрь күнү болсо Москвадагы Кызыл Аянтта немецтер эмес, Советтик жоокерлер Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 24 жылдыгына арналган аскердик параддан өтүштү. Параддан өткөн жоокерлер, аскердик техника түз эле согушка жоноп жатышты.

Он алтынчы ноябрь күнү Панфилов дивизиясынын жоокерлери Дубосеково темир жол разъездинде тарыхта кайталангыс зор эрдик корсотүштү. Бул тууралуу тарыхта жазылып, коптөгөн чыгармаларда айтылып жүрөт. 1941-жылы 18-ноябрда дивизия гвардиялык дивизия аталып, ага Панфиловдун ысмы ыйгарылды. Бул

дивизиядан 34 жоокерге Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Панфилов дивизиясынын курамында салгылашкандардын катарында кыргызстандыктардан С. Жусуев, Т. Үмоталиев, Ж. Бараканов, А. Нургазиев, О. Турдалиев, Т. Агасов, К. Бообеков, А. Исмаилов, О. Мамырбеков, Ш. Усубалиев, Т. Шамшиев, А. Юсупов, согуштан кийинки жылдарда 1960-жылдарга чейин Сузак районундагы "Эркин" колхозун башкарган С. Атабеков жана башка бир топ жоокерлер сыйланышкан. Панфилов дивизиясынын курамында биздин Ноокен (мурдагы Ленин) районунан Н. Абдыракманов, С. Эшбаев, А. Оморалиев, М. Усенов жана С. Жолдошевдер болушкан.

Ошол кездеги СССРдин борбору болгон Москва шаарын фашисттик баскынчылардан коргогон панфиловчулардын бири да азыр арабызда жок. Ал маркумдардын топурагы торко, акыреттери абад болушун, артында калган урпактары узак жана бактылуу өмүр сүрүшүн жараткандан тилеп калалы.





## ГЕРМАНИЯНЫН КЫЙШАЮУСУЗ БАГЫНУУСУ

Бир миң тогуз жүз кырк бешинчи жылдын сегизинчи майы. Сааттын жебеси туп-туура жыйырма төрттү көрсөткөндө советтер Союзунун маршалы Георгий Константинович Жуков, Улуу Британиянын авиациясынын башкы маршалы Артур Теддер, генерал Кар Спаатс, адмирал К. Беррау жана генерал Делатр де Тасинь менен генерал В. Соколовский залга кирип келишти. Маршал Жуков башкарманын эки чыканактуу отургучун ээлеп, анын оң жагынан Теддер, сол жагынан Спаатс орун алышты. Мындан тышкары Жуковдун куралдаш жолдоштору, аскер башчылар да анын жанынан орун алышкан.

Эшик ачылып, башын төмөн салган калыбында, параддык костюмчан, колуна күрөң колкап кийип, маршалдык кооз таякча кармаган фельдмаршал Кейтель келет. Советтер Союзунун маршалы германиянын фельдмаршалынын көзүнө тике карап:



*Сүрөттө Германиянын кыйшаюусуз багынып берүүсү тууралуу актыга кол коюу учуру чагылдырылган.*

- Сиздин колуңузда кыйшаюусуз багынып берүү тууралуу акт барбы? – деп сурады. Теддер бул суроону англис тилине которду.

- Ооба, актты окуп чыктым, ага кол коюуга даярбыз, - дейт фельдмаршал көз айнегин ырастап. Анан президиумга Германиянын жаңы президенти гросс-адмирал Дениц кол койгон документтерди узатат.

Маршал Жуков дагы сурады:

- Делегация актка кол коюуга даярбы?

- Даярбыз, - деп жооп берди фельдмаршал. Чөнтөгүнө дайым салып жүрчү калемин колуна алып.

Ошентип, 1945-жылдын 8-майынан 9-майга өткөн түнү Германиянын биротоло жеңилип. Кыйшаюусуз багынууга моюн сунгандыгы жазылган, беш нускадан турган капитуляция актысына СССРдин атынан маршал Жуков, Германиянын атынан фельдмаршал Кейтель кол коюшкан.

Ошол күнкү капитуляция жоролгосүнө СССРдин

союздаштары болгон АКШ менен Англиянын окүлдору Д. Эйзенхауэр, Д. Тассиньи, Б. Монтгомери жана башка расмий адамдар катышты.

Эртеси – 9-май күнү Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин майрамы жарыяланды. Мына, быйыл ошол тарыхый улуу майрамдын 70 жылдыгын белгилеп жатабыз.



## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮК

# *Эрдиктер эч качан уттундурулбайт*

ӨӨКЕН РАЙОННУҢ ТӨРБӨР...
КИТЕПКАНАЗЫ
Инв. № 2137



Абдиллажан Карабаев 1925-жылы азыркы Ноокен районунун борбору болгон Масы айылында карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ал кезде Совет мамлекети жаңыдан куралгандыктан дыйкандар жеке кожолук болуп, ар ким өзүнө берилген жерди өз алдынча иштетишчү. Абдиллажан 12-13 жашынан эле кетмен көтөрүп, ата-энесине жардам берип жүрдү. Балалыгы бактылуу күндөргө эмес, аянычтуу күндөргө бай эле. Жакшы дагы алардын бактысына 1937-1938-жылдарда колхоздоштуруу башталып кетип, алардын үй-бүлөсү да алгачкылардан болуп колхозго кошулду.

Он сегизге жаңы толуп, кырчындай жигит болгон кезинде, 1943-жылы Абдиллажанга да аскерге чакыруу кагазы келди. Ушундай болоорун Абдиллажан да, анын ата-энеси да күтүп жүрүшкөн болчу. Кантсе да эненин жүрөгү бала дегенде бир башкача элжирейт эмеспи. Абдиллажандын апасы да уулунун аскерге кетээрин билгенде бир боздоп ыйлап алып, бирок, тагдырга баш ийип, үшкүрүп отуруп калган.

Ошентип, Абдиллажан Карабаев Советтик Армиянын катарына чакырылып, Тула шаарындагы 339-запастык полкко барып түшөт. Аскердик машыгуулардан өткөн соң, 118-аткычтар полкунун жоокери катары Россиянын бирт топ шаарларын, Польшанын борбору Варшава шаарын бошотууга катышкан. Андан ары согуш менен жүрүп отуруп, Польшанын Краково шаарын бошотуудагы салгылашууда оор жаракат алды. Госпиталда жатып, дарыланып, ден соолугу согуштук аракеттерге каты-

шууга мүмкүн эмес деп табылгандан кийин аскерден демобилизацияланып, туулган жерине кайткан.

Каарманыбыз согуштан кайткандан кийин Апыртан айылындагы Андреев атындагы колхоздо алгач бригадир, кийинчерээк участка башчысы. Кампа башчысы болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Согуштагы эрдиктери жана согуштан кийинки колхозго кылган эмгеги бааланып, орден жана бир нече күжүрмон медалдар, ошондой эле төш белгилер жана Грамоталар менен сыйланды. Перзенттерине мыкты тарбия берип, алардын бардыгын эл керегине жарай турган инсандардан болуп жетилишине шарт түздү. Мусулманчылыктын бешинчи парзы болгон ажылык парзын өтөп келип, жаштарга насаатчы болду.



# ЭКИ СОГУШТУ КӨРГӨН ЖООКЕР



Куранбай Розибаев 1915-жылы 1-майда мурдагы Ленин районуна караштуу Ленин-Жол айылында туулган. 1936-жылы Жалал-Абад шаарындагы мугалимдер мектебин аяктап, өзүнүн айылындагы мектепке мугалим болуп келип, тарыхтан сабак берет. 1937-жылы Ношкен айылындагы мектепке директорлукка дайындалып, эки жыл иштеди. 1939-жылы аскерге чакырылып, Финляндиядагы согушка катышкан. 1940-жылы 48-автополкто айдоочулукка окуган.

Улуу Ата-Мекендик согуш башталып кеткенден кийин сержант чининде 3-Украина фронтунда согушка кирет. 1942-жылдын мартынан 1944-жылдын ноябрь айына чейин 64-автополкто айдоочу болуп кызмат өтөгөн. Согуш бүтөөр алдында оор жараланып, госпиталга түшөт. Бир нече ай госпиталда жатып дарыланат. Ден соолугу андан ары аскерде кызмат өтөөгө жараксыз болот да, медициналык комиссиянын чечиминин негизинде 1945-жылы 30-октябрда аскерден бошотулат.

Аскерден кайткандан кийин Москва колхозунда колхозчу болуп иштеди. Ал эми 1956-жылдан 1983-жылга чейин айылдык мончонун башчысы болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Төрт кыз, бир уулдун ардактуу атасы, коптогон небере-чеберелердин чоң атасы, жаштардын насаатчысы болгон Куранбай аксакал 2007-жылы 3-апрелде жарык дүйнөдөн өттү.

## КАДЫРЛУУ ПЕДАГОГ



Руденко Фёдор Акимович 1923-жылы 3-мартта Рыбачье (азыркы Балыкчы) шаарында туулган. 1940-жылы Жалал-Абад шаарындагы мугалимдер институтун бүтүрүп, ушул эле шаарда иштеп калат. 1941-жылы согушка мобилизацияланып, немецтик фашисттерге каршы салгылашууларда бир далай эрдиктерди корсоткон.

Сталинград шаарындагы катуу согушта Фёдор Акимович бутунан жараланып, госпиталда дарыланат. Айыгып чыккандан кийин кайра согуштук аракеттерге кирип кеткен. Согуш аяктагандан кийин Жалал-Абад шаарына келип, шаардык комсомол комитетинин биринчи катчысы болуп иштеди. 1954-жылдан 1960-жылга чейин Сузак районунун Октябрь айылындагы балдар үйүндө директор болуп эмгектенди.

Андан кийинки жылдарда Ленин районунун билим берүү тармагына которулуп, Ленин-Жол айылындагы №1 жана Кызыл-Туу орто мектебинде орус тили мугалими болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Согуштагы эрдиктери бир нече күжүрмөн медалдар менен бааланса, билим берүү тармагындагы эмгеги да мамлекет тарабынан тиешелүү деңгээлде бааланып, бир катар сыйлыктар менен сыйланган. 1993-жылы дүйнөдөн кайткан.

## СОГУШТА ДА, ЭМГЕКТЕ ДА КУЖУРМӨН



Тешебай Айдаров 1926-жылы Ноокен районунун Масы айылында туулган. 1944-жылы мекенди душмандан коргоо үчүн Советтик Армиянын катарына чакырылган. Борисоглебск шаарында аскердик машыгуулардан өткөн соң, Минск областынын Слуцк шаарындагы 79-дивизиянын 910-аткычтар полкуна барып түшөт.

Фашисттик баскынчылар күтүүсүз согуш баштап, тез аранын ичинде Белоруссияны бүтүндөй басып алып, басып алган жерилеринде ээнбаштык кылышып, үч жыл ичинде Белоруссиянын 1200 айыл-кыштактарын бүлүндүрүшкөн эле. Ошол айылдар менен шаарларда жашаган 2 миллиондон ашык адамды туткунга алып, аябай азапка салышкан. Мындай жапайы жырткычтыктарга, зордук-зомбулуктарга Белоруссиянын эли айласыздан чыдады. Белоруссиянын баатыр элинен 140 миңден ашуун партизан чыгып, партизандык отряддарда немистерге каршы согушушту.

Башкы командачы Сталиндин буйругу менен Белоруссиянын аймагында тезинен түзүлгөн биринчи, экинчи жана үчүнчү Белоруссия фронттору немистерге каршы аёосуз күрөшүп, катуу сокку урду. Фашисттер менен согушуу үчүн СССР өзүнүн 1 миллион 400 миң жоокерлик армиясын, 31 миң даана оор курал, 5 миң самолёт жана 5 миңден ашык танка чогулткан. Немистер да ушуга жараша көптөгөн аскер күчтөрүн ушул багытка бурган. Белоруссиянын аймагында аябай катуу согуш болгон.

Белоруссиядагы согушка активдүү катышкан Тешебай Айдаров андан ары Латвиянын Рига, Лиепая шаарларын душмандан бошотууга катышты. Согуш бүткөн-

дон кийин ал Слуцк шаарына кайтып келип. Аскердик кызматын улантты. Анын төшүнө тагылган күжүрмөн ордендер менен медалдар, төш белгилер согушта көрсөткөн эрдиктерин айгинелеп турат.

Аскерден демобилизацияланып келгенден кийин ал "Большевик" колхозунда катардагы дыйкан, табелчи, бригадир болуп көп жыл эмгектенди. Бригаданы башкарган жылдарда пахтанын ар гектарынан 35 центнерге чейин жеткирип түшүм алууга жетишкен. 1984-1990-жылдар аралыгында колхоздун текшерүү комиссиясынын төрагасы, эгемендүүлүк жылдарынын алгачкы жылдарында айыл өкмөттүн аксакалдар кеңешинин төрагасы болуп эл үчүн эмгек кылды.

Тешебай Айдаровдун 8 перзенти – Махамаджан, Салыжан, Шермахаммат, Алишер аттуу уулдары жана Махабатхан, Фаридахан, Саидахан, Дилосахан аттуу кыздары бар. Алардын бардыгы турмуш жолун өз алдынча улап, оздорунун ак эмгеги менен өз журтунун өсүп-өнүгүүсүнө салым кошуп жатышат.





Ноокен районундагы Масы айылында Тажибай Жолдошовду таанибаган адам жок. Ал 1917-жылы Ноокен районундагы Сарбия айылында (азыркы Майлуу-Суу шаары) туулган. Совет бийлиги орногондон кийин Кыргызстандын атчандар полкунда кызмат отоп, генерал Эргеш Алиев менен бирге басмачыларга каршы күрөшкөн.

1937-1938-жылдарда бардык Союздук республикаларда, анын ичинде Кырыгызстанда да түрдүү автожүрүш, атчан жана лыжа менен жүрүштор уюштурулуп, жаштарды спорт менен тарбиялап чыныктыруу иштери колго алынган эле. Ал кезде Кыргызстанда спорттун коптогон түрлору али анчейин жетиле элек болчу. Бирок, алгачкы жүрүштор, ашуулардан лыжа менен ашып отүүлор уюштурула баштаган. 1937-жылы Алматы шаарында лыжачылардын алгачкы семинары болуп, ага Кыргызстандын жаштарынан 20 адам жиберилген. Алар ал жерден лыжа тебүүнү бышыктап үйронүп келишкен.

Бир жылдан соң, 1938-жылы 1-январда Фрунзеден Новосибирск шаарына чейинки аралыкты лыжа менен басып отүү пландаштырылган. Жанагы 20 адамдын ичинен лыжаны мыкты тебе ала турган беш жигит тандалган. Алардын арасында биздин каарманыбыз Тажибай Жолдошов да бар эле. Лыжачылар жолго керектүү бардык шаймандар менен камсыз болуп, жүрүшко даяр турушту.

Ошентип, 1938-жылдын 21-январында курамында Т. Жолдошов, Н. Жуков, Н. Богданов, Л. Семенов жана Н. Озеров болгон лыжачылардын тобун Фрунзе шаарынын борбордук аянтынан сапарга узатышты. Лыжачылар жалаң лыжа тээп жүрүп отуруп, Сибирдин ызгаардуу

суугуна моюн бербей, далай айыл-кыштактарды аралап, ээн талаалардан өтүп, Новосибирск шаарына жетип барышкан. 28-февраль күнү лыжачылар өз убадаларын абийирдүүлүк менен аткарып, Фрунзе шаарына кайтып келишкен. Ал окуяга быйыл 77 жыл болду...

Тажибай Жолдошов 1938-1941-жылдар аралыгында жогорку партиялык мектепти бүтүрүп, Ноокат районундагы Көк-Бел совхозунун парткомунун жетекчиси болуп иштеди. Отуз-Адыр каналынын курулушунун башында турду. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал оз ыктыяры менен согушка жөнөйт. Панфилов дивизиясынын курамында Москваны душмандан коргогон.

Москваны ала албай, мизи майтарылган фашисттер бар күчүн Курск тарапка чогултқан учурда Тажибай Жолдошов ошол эле Панфилов дивизиясы менен биргеликте Орел жана Белгород шаарларында душманга каршы согушкан. 1943-жылдын жаз айларында душмандын армиясын артка сүрүп бара жатканда ал оор жаракат алып, госпиталда жатып айыккан соң, Кыргызстанга кайтып келген.

Улуу ата Мекендик согуштагы эрдиктери бааланып, биринчи даражадагы "Улуу ата Мекендик согуш" ордени, "Күжүрмон эмгеги үчүн", "1941-1945-жылдагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгени үчүн" медалдары, бир нече юбилейлик медалдар жана төш белгилер менен сыйланган.

Согуштан кийин Т. Жолдошов эл депутаттарынын Ленин райондук Советинин аткаруу комитетинин жооптуу катчысы, партиянын Ленин райкомунун инструктору, эл депутаттарынын Жаңы-Жол райондук Советинин аткаруу комитетинин торагасы, Сакалды МТСинин директорунун орун басары, Ленин жолу колхозунун төрагасы кызматтарында иштеди.

Тажибай Жолдошов арабызда жок. Анын жаркын элеси кыргыздан чыккан алгачкы лыжачы, Улуу Ата Мекендик согуштун жана эмгектин ардагери катары жердештеринин жүрөгүндө түбөлүк жашап калды.



Москва астанасында, андан кийин Сталинградда чоң жоготууларга учураган немецтик баскынчылар Москваны алуу ниетинен дагы эле кайтпай, эми коңүлүн Курск булуңу тарапка бурушту. Алардын мындай арам ойлорун алдын ала билип алган Советтик Армиянын командачылары күчторүн кайрадан курап, Борбордук фронтту түзүштү жана ага командачы этип генерал Н. Ф. Ватутинди дайындашты.

Борбордук фронттун тыл жагында болсо Степной фронту түзүлүп, ага да генерал Ватутин кол башчылык кылды. СССРдин бул жердеги коргонуу чеги 250-300 километрди камтыды. Кыска мооноттүн ичинде Советтик Армия озүнүн жондом жана мүмкүнчүлүкторүн кайра түптоого үлгүрдү. Коргонуу курулмаларын курууга Курск, Орел, Воронеж областтарынын элдери да чоң жардам беришти.

Немецтер да жон жатпай, Курск булуңуна “Тигр” деп аталган жаңы үлгүдогү танкаларын, “Фердинанд” деп аталган оор куралдарын келтиришти. Жаңы үлгүдогү кубаттуу аскердик техникалар менен эми чындап жеңишке жетишебиз деген фашисттердин тилеги бул жерде да таш капты. Эбегейсиз катуу салгылашуулар болду. Айрыкча Прохоровск районундагы танкисттердин айыгышкан салгылашуусу тарыхта калды. Өто чоң эмес майдандагы согушка 1200 танка катышкан. Советтик пехотанын аскерлери, танкисттер, учкучтар, артиллеристтер жана аткычтар душманга ар кадамда катуу сокку уруп турушту. Курск булуңундагы согушта немецтик баскынчылар 500 миң жоокеринен, 1500 танкасынан,

3000 замбирегинен жана 3700 самолётунан ажырап, эбегейсиз чоң жоготуу тартты.

Советтик учкучтар Н. Кожедуб, А. Покрышкиндер мына ушул Курск булуцундагы урушта үчүнчү жолу Советтер Союзунун Баатыры наамына арзышкан. 1943-жылы 5-августта Советтик жоокерлер Орел, Белгород шаарларын душмандан биротоло бошотушту.

Дагы бир масылык жердешибиз Артыкбай Худайбердиев да Курск булуңундагы салгылашууларга активдүү катышып, ошол жердеги жеңишке оз салымын кошуп келген. Ал болсо согуштан кийинки жылдарда пенсия жашына жеткенге чейин "Москва" (мурдагы "Большевик") колхозунда алдыңкы сугатчы катары үзүрлүү эмгектенди. Бул эки инсан тең азыр арабызда жок. Алардын жаркын элестери жердештеринин жүрөгүндө бекем сакталып келүүдө.





Сатымкул Садыков 1924-жылы 22-январда Жалал-Абад областынын азыркы Ноокен районундагы Масы айыл аймагына караштуу Беш-Жыгач айылында туулган. Кыштак Масы айылынан 5 километр алыста болуп, мектеп жок болчу. Ал кичинесинен озү китеп сатып алып, сабаты бар адамдардан тамганы үйротүп коюусун отүнүп, оз алдынча окуганды, жазганды үйрондү. 1937-38-окуу жылында айылда башталгыч мектеп ачылды, бул учурда ал кадыресе окуганды жана жазганды билип калган болчу. Ошондуктан аны дароо эле экинчи класска кабыл алышты. Анын сабаттуулугун, үлгүлүү жүрүш-турушун эске алган мугалим ошол эле жылы аны 3-класска которду. 1941-жылы Масы айылындагы орто мектептин 5-классына барды.

Улуу ата Мекендик согуш башталып кеткенден кийин мектепке бара албады. “Большевик” колхозунун №9 бригадасында табелчи болуп иштеп калды. 1942-жылдын августунда Ленин райондук аскер комиссариаты тарабынан аскердик кызматка чакырылып, ошол эле күнү райондон 18 бала Ата Мекенди душмандан коргоо үчүн жонөп кетишти.

Россиянын Саратов шаарында аскердик машыгуулардан откон соң, Сатымкул Садыков 1943-жылы 15-январда бир топ жоокерлер менен бирге Воронеж шаарындагы ички аскерлердин 125-полкуна барып кошулду. Аны полктун Россошь шаарындагы гарнизонуна болүштү. Ошол учурда немистик баскынчылар шаардын батыш тарабына жакындап калышкан экен. Алардын куралдарынын тарс-турс эткен үндору угулуп турду. Душ-

мандын самолёттору айланадагы шаар-кыштактарды бомбалаш үчүн тынымсыз учуп өтүп жатканы даана көрүнүп турду. Жоокерлер ачык асман алдында тамактангандан соң, командир мындай деди: -Биздин гарнизонубуз 13-январдан бери Воронеж фронтунун курамында душманга каршы согушуп жатат. Алдыбызда душман жоокерлерин Россошко жолотпой, Острогожск шаарынан ары көздөй чегиндирүү милдети турат. Ал үчүн биз азыр темир жолдун аркы жагындагы окоптор менен траншеяларга жайгашып алып, бастырып келе жаткан душманды ок менен тосуп, артына кайтаруубуз керек!.

Командир айткандай, немистер башаламан болуп бастырып келе башташты. Биздин жоокерлер бардыгы автомат, мылтык, ок-дары жана гранаталар менен толук куралданышкан. Командирдин "Огонь!" деген буйругун гана күтүп жатышты. Душмандын жоокерлери абдан жакындап келген учурда командирдин буйругу жаңырды. Буйрукка удаалаш душманды көздөй бардыгы бирдей куралдардан ок жаадырышты. Алардын бир даары ок тийип кулап калышты. Тирүү калгандары артын көздөй качып жөнөштү. Жакын жайгашкан танкчылар менен артиллериячылар да чабуулга өтүшүп, душманды бир нече чакырым артка сүрүп ташташты.

Москва шаарынан чыккан "Календарь воина на 1990 год" деп аталган калың китептин 16-бетинде дал ошол 1943-жылдын 13-январынан 27-январына чейин Воронеж областынын Россошь жана Острогожск шаарларындагы согуштук операция тууралуу так маалымат жазылып турат. Дал ошол 13-27-январдагы согуштук операцияларда Сатымкул ава да катышкан.

Ички аскерлер полку Воронеж фронтунун курамында Украинанын Харьков, Сумы шаарларын жана ондогон айыл-кыштактарын душмандан бошотушкан. 1943-жылдын 3-сентябрына чейин согушта болду. Андан соң Воронеж фронту таркатылып, андагы жоокерлер башка фронтторго бөлүнүп кетишти. Ал эми ички аскерлер бөлүктөрү фронттон биротоло бошотулду. Сатымкул

Садыков болсо Кавказдын айрым элдерин Орто-Азия республикаларына эвакуация кылууга катышты, эвакуация иштери 1943-жылдын октябрынан 1944-жылдын май айына чейин улантылды.

Андан соң ал конвойдук курамда кызмат өтөп, туткунга алынган немистерди согушта кыйраган объектилерди калыбына келтирүү иштеринде иштетип жүрдү. Кийинчерээк мамлекет ал туткундарды да боштондукка чыгарып, өз өлкөлөрүнө кайра жеткирген. Демобилизация болордон алдын Сочи шаарындагы КГБнын аскер бөлүгүндө кызмат өтөп, 1950-жылы өз мекени болгон Масы айылына келди.

Согуштагы эрдиктери, ички аскерлер курамындагы күжүрмөн кызматы үчүн Сатымкул Садыков "Улуу ата Мекендик согуш" ордени, "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата мекендик согушта Германияны жеңгени үчүн", "Украинанын коргоочусуна" деген медалдар, маршал Жуковдун, Баграмяндын атына чыгарылган медалдар, бир канча төш белгилер менен сыйланды.

Аскерден кайткан соң, мурда өзү иштеп кеткен "Большевик" колхозуна мүчө болуп кирди. Колхоздо табелчи, баштапкы комсомол уюмунун катчысы болуп иштеди. Согушка кетпестен мурда эле колхоздун дубал гезитинде редактор болуп, областтык гезиттерге да макала жазып жүрчү. Аскерден кайткандан кийин колхоздо иштеп жүрүп, калемин кайра колуна алып, райондук "Жеңиш жолунда", областтык "Ленин жолу", "Ленинский путь", республикалык "Ленинчил жаш" газеталарына макалаларды жаза баштады. 1954-жылдын май айынан баштап, 1996-жылга чейин алгач Ош областынын, кийин Жалал-Абад областынын кыргыз жана өзбек тилдеринде чыгуучу "Ленин жолу", "Ленин йули", "Акыйкат жарчысы", "Жалолобод тонги" газеталарында кабарчы болуп үзгүлтүксүз иштеди. Ошол эле учурда 1993-жылдан 1996-жылга чейин Жалал-Абад областтык журналисттер союзунун жоопту катчысы болуп да иштеп жүрдү.

Областтык газеталарда иштоо менен бирге республикалык газета-журналдар, коңшулаш Казакстандын, Өзбекстандын жана Кара-Калпакстандын газеталары менен да байланыш түзүп, макала жазып, КыргызТАГ менен кыргыз радиосуна да үзбөй кабар жөнөтүп турду. Азыркы күнгө чейин областтык жана республикалык газеталарда макалалары жарык корүп турат.

Эми каарманымибыздын үй-бүлөсү тууралуу эки ооз айта кетели. Өмүрлүк жубайы Октамхан 1928-жылы туулган. Ал атадан эрте ажыраган. Аллакул, Бегижан аттуу агалары Улуу Ата Мекендик согушка кетип, бири Украинада, экинчиси Курскиде курман болгон. Өктамхан 12 жашынан “Большевик” колхозуна мүчө болуп иштеген. Сатымкул ава аскерден кайткандан кийин, 1952-жылы аны менен турмуш курду. Алар беш уул бир кыздуу болушту. Уулдарынын бардыгы Советтик Армияда мөөнөттүү аскердик кызматын өтөштү. Үйлөнүп-жайланып, ар бири торттон перзенттүү болушту. Кызы да турмушка чыгып, ал дагы торт перзенттүү болду. 24 небереси, 41 чебереси бар.

Жубайы Өктамхан колхоздо эпкиндүү эмгек өтөп, бир сезондо 14-15 тонна пахтаны кол менен терүүгө жетишкен. Анын эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, эки жолу “Эмгек Кызыл Туу” ордени, беш медаль жана үч төш белги менен сыйланды. “1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш учурунда оруктагы каарман эмгеги үчүн” медалы менен да сыйланган.



Маразык Юсупов 1924-жылы Жалал-Абад областындагы азыркы Ноокен районунун Шайдан айылында туулган. Ал жаштайынан эмгекти сүйүп чоңойду. 1939-1942-жылдарда көмүр кенинде иштеди. 1942-жылы жашы он сегизге толо электе оз каалоосу менен согушка аттанды. Аскердик машыгуулардан өтүп, 72-дивизиянын 2-гвардиялык аткычтар полкуна түшкөн. Ошол кезде немистик баскынчылардын армиясы Курск булуңундагы согуштарга даярданып жаткан болчу. Душманга каршы Советтик жоокерлер катуу салгылашып, Курск, Белгород шаарларын бошотушту. Мына ошол кандуу салгылашууларда Маразык Юсупов да баатырларча катышты.

Андан кийинки согуштарда да кужурмондуулук менен согушуп журуп, оор жаракат алып, аскерге жараксыз болуп калгандан кийин демобилизацияланып, оз айылына кайтып келди. Согушта корсоткон эрдиктери үчүн бир канча медалдар жана тош белгилер менен сыйланган. 2013-жылы Курск салгылашуусунун 70 жылдыгына арналып Россияда чыгарылган юбилейлик медал менен сыйланды.

Ал согуштан кайтып келгенден кийин да оз Ата Мекени үчүн ак кызмат кылды. 1950-1952-жылдарда Оштогу финансы техникумун окуп бүтүрүп, Ноокен районунун бир катар колхоздорунда, мекеме-ишканаларында бухгалтер, башкы бухгалтер болуп үзүрлүү иштеди. 1987-жылы ардактуу эс алууга чыкты. Үч уул, эки кыздуу болуп, алардын бардыгын окутуп, билимдүү кылды, үйлөп-жайлап, эл катарына кошту.

Улуу Ата Мекендик согуштун жана эмгектин арда-

гери Маразык Юсупов 2014-жылы 90 жаш курагында дүйнөдөн кайтты. Анын жаркын элеси жакындарынын, аны таанып-билгендердин жүрөгүндө түбөлүк жашай берет.





Советтик жоокерлер немистик баскынчыларды артка карай ишенимдүү сүрүп бара жаткан 1944-жылдын күз айларында Карягды Матказиев кызмат отогон чалгынчылар взводу Белоруссиянын Гомель шаарынан 40 чакырым аралыкта турган эле. Тумандуу кечтердин бирinde Карягды жетекчилик кылган чалгынчы жоокерлер тобуна взводдун командири, улук лейтенант Круглов душман тараптан “тил” кармап келүү тапшырмасын берди.

-Бул иштин отосүнон чыга алар бекенбиз, жигиттер, - деп сурады ал кол астындагы жоокерлерден. Алар бир добуштан: -Албетте, отосүнон чыгабыз, - деп жооп беришти. Карягдынын кооптонгонунда жан бар болчу. Анткени качып бара жаткан фашисттер баары-жокко мина комүп кетишкен болушу мүмкүн эле.

Беш жоокер кардын үстүндө үч саат сойлоп жүрүп барышты. Түн жарымынан оогон кезде, үргүлоп отурган немистердин үстүно капыстан бастырып барышып, бир офицер жана бир нече жоокерди колго түшүрүштү. Кыргызстандык жонокой жигит Карягды Матказиев ошондо биринчи жолу “Эрдиги үчүн” медалы менен сыйланды.

Согуш менен дагы алга карай жүрүп отурушуп, Брест шаарына жакын жердеги Буг дарыясына жетишти. Дарыяны штурм менен кечип отүшүп, немистердин позициясын ээлеп алышты. Бирок биздикилер дарыянын кыргагында калып, фашисттер доңсоого орношуп алшкан эле. Карягды баштаган чалгынчылар тобу дагы чалгынга чыкты. Бул жолкусунда алар колго алмакчы болгон “тил” ожорлук кылып, качууга камынды. Качып жоногон душман жоокерлерин атып салып, доку-

менттерин алуудан башка арга калган жок. Бирок колго түшүрүлгөн документтердин да биздикилерге пайдасы тийди. Дивизиянын штабы душмандын планын билип алып, жоокерлердин алга аракеттенүүсүнө буйрук берди. Ошентип, катуу салгылашуулардын натыйжасында Брест артындагы бир нече шаар-кыштактар душмандан бошотулду. Мына ошол салгылашууларда Карягды Матказиев "Кызыл жылдыз" орденин алууга татыктуу болду.

Карягды Матказиев 148-гвардиялык дивизиянын курамында согуштук узун жолду басып өтүп, 1945-жылдын март айында Чыгыш Пруссияга жетип барып, Кенхгсберг (азыркы Калининград) шаарын алууга катышты. Немистер шаарды таштап качып баратып, баары-жокту миналаштырып кетип жатышты. Балдардын оюнчуктары, сааттар, арактын бөтөлкөлөрү ар жерде чачылып жатты, бирок, алар жип аркылуу минага туташтырылган, алсаң эле жарылат. Бир күнү Карягды Кенсхгсберг шаарындагы ураган үйлөрдү аралап жүрүп, бир үйдүн эшигине жашыруун мина орнотулганын байкап калды. Дароо сапёрлорду чакырып, минаны зыянсыздантырышты. Үйгө киришкенде ылдый жактан кыздардын ачуу чаңырыгы угулду. Корсо фашисттер үйдүн жертөлөсүнө он жети орус кызды камап кетишкен экен, аларды аман-эсен куткарып алышты.

Карягды кызмат кылган дивизия Берлинге чейин жетип, Берлиндин түштүк тарабынан шаарга кирип барды. Берлиндеги катуу салгылашууларга катышкан Карягды бул жерде көрсөткөн эрдиктери үчүн "Даңк" ордени менен сыйланды. Согуш жылдарында гвардиячы Карягды Матказиев эки орден жана сегиз медаль менен сыйланган. Согуштан кийин эки жыл бою дагы армияда калып, жаш жоокерлерди жоокердик жөндөмдүүлүккө үйрөттү.

Ал согуштан кайтып келгенден кийин узак жылдар бою "Москва" колхозунда ак ниеттүүлүк менен эмгектенди. Жалал-абаддык, сузактык, базар-коргондук ку-

ралдаш достору, ноокендик куралдаш жердеши Ходаков Алексей Кузьмич жонундо ар дайым эскерип, алардын аттарын сыймык менен тилге алаар эле. Карягды 1985-жылы дүйнодон кайтты, бирок анын жаркын элеси копчүлүктүн жүрогүндо дагы эле жашап жүрот.



## БЕРЛИНДИ БАГЫНДЫРГАН ЖООКЕР



Хурбай Асранов 1919-жылы Ленин (азыркы Ноокен) районундагы Масы айыл аймагына караштуу Беш-Жыгач айылында туулган. Жети жылдык мектепти бүткондон кийин "Большевик" колхозунда табелчи болуп иштеп жүрдү. 1944-жылы 9-августта аскерге чакырылып, түз эле батышты көздой фронтко жөноп кетти.

Баргандан эле 597-аткычтар полкуна түшүп, 1945-жылдын октябрына чейин аскердик милдетин отоду. Аталган полктун курамында жалаң согушуу менен жүрүп отуруп, фашисттердин борбору Берлинге чейин жеткен. Салгылашуу учурунда алдынан каршы чыккан далай немистин офицерлерин жана жоокерлерин жер тиштеткен. Анын тайманбастыгы, кужүрмон аракеттери бааланып, "Кужүрмон эрдиги үчүн", "Германиянын үстүнон жетишкен жеңиш үчүн". "Берлинди алганы үчүн" медалдары менен сыйланган. Согуштан келгенден кийин да бир нече жолу юбилейлик меделдар менен сыйланды.

Айылына кайтып келгенден кийин "Большевик" колхозунун мал чарба тармагында узак жылдар бою эсепчи болуп иштеп, озүнүн ак эмгеги менен колхоздун мал чарбасынын онүгүшүно зор салым кошкон. Улуу Ата Мекендик согуштун финалында Берлинди алууга катышып, жеңишке озүнүн салымын кошкон Хурбай Асранов азыр арабызда жок. Бирок анын жаркын элесин жердештери эстен чыгарбай, ар дайым ысмын сыймыктануу менен тилге алышат.



Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Масы айылында 1902-жылы туулган Ташланбай Абдырахманов Улуу Ата Мекендик согушка чейин жана андан кийин өмүрүнүн акырына дейре "Большевик" (кийинчерээк "Москва") колхозунда жашап, эмгектенип өттү. Согушка чейин эле колхоздо эмгектенип, алдыңкы колхозчу катары таанылып калган эле. 1937-жылы Жалал-Абад округунан бир нече алдыңкы ишчилердин делегациясы Москва шаарына барган. Алардын арасында биздин каарманыбыз Ташланбай Абдырахманов да бар болчу.

1939-жылы болсо Бүткүл Союздук айыл эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышып келген. Ташланбай алдыңкы сугатчы эле болбостон, теримчилердин да алдыңкы сабында жүрчү. Ал терим сезонунда жети тоннадан ашырып пахта терип, стахановчу аталган.

Ташланбай Абдырахманов 1943-жылы аскерге чакырылып, 78-гвардиялык аткычтар полкуна барып түшөт. Полктун жоокерлери Россиянын бир катар шаарларын душмандан бошотушуп, Польшаны да немистик базкынчылардан тазалашкан. Андан соң бүтүндөй Бессарабияны фашисттердин баскынынан бошотушкан. Катуу салгылашуулардын биринде оң желкесинен жараланып, госпиталга түшөт. Айыгып чыккандан кийин 33-гвардиялык танкисттер полкуна кошулуп, согуш бүткөнгө чейин салгылашууларга катышып, Берлинге чейин барган.

Улуу Жеңишти Берлин шаарында белгилешкенин,

андагы кубанычтын көз жаштарын Ташланбай аке дайым эскерип айтып калчу эле. Көп улуттуу Совет калкы анда бир туугандай болуп, бири-бирине жылуу мээрим төгүп, бири-бирин жеңиш менен куттукташканы анын эч качан эсинен кетпеди.

Жеңиш менен кайткан Ташланбай Абдырахманов Ноокен районундагы "Большевик" колхозунун пахтачылык бригадасында бригадир болуп иштеп, бир нече жыл удаасы менен райондо эң алдыңкылардан болуп пахта тапшыруунун планын ашыгы менен орундатып турду. 1997-жылы Ташланбай аксакал бул дүйнө менен кош айтышты. Артында анын согуштагы кужурмөн эрдиктери, эмгектеги жетишкен ийгиликтери эстелик болуп калды.



# СОГУШТА СЫНАЛГАН ЭРК



Маматазим Шерматов 1915-жылы жарык дүйного келген. Улуу Ата Мекендик согушка 1942-жылдын январынан баштап катышты. Кычыраган кыштын суук күндорүндо, кан күйүп турган согуш талааларында анын эрки сыналды. Ата Мекени, элижери үчүн жан аябай салгылашты. Согушка киргенден баштап, 1944-жылдын сентябрына чейин Белоруссия фронтундагы 251-аткычтар полкунда, андан кийин 757-аткычтар полкунда болуп, далай фашисттердин жастыгын курутту. Бул арада озү да эки жолу жараланып, госпиталда жатып, дарыланып чыкты.

Эрдиктери үчүн бир топ күжүрмон медалдардын ээси болду. 1945-жылдын октябрында демобилизацияланып, туулган айылына кайтты. Айылында ак ниеттүүлүк менен эмгектенип жүрүп, “Кайратман эмгеги үчүн” медалы жана юбилейлик жециш медалдары менен да сыйланды. Бул инсан азыр арабызда жок болсо да анын согуштагы эрдиктерин, тынчтык жылдарындагы кажыбас кайрат менен кылган эмгегин эли эч качан унутта калтырбайт.

## КЫРААКЫ ЖООКЕР



Мислимбек Алимбеков 1924-жылы Жалал-Абад областынын мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районуна караштуу Ноокен айылында туулган. Мислимбек төрөлгөндөн кийин эле атасы кайтыш болуп кеткендиктен эне тарбиясын алып чоңойду. 1936-жылы Коммунизм мектебине кирди. 1941-1942-жылдарда "Коммунизм" колхозунда табелчи болуп иштеди.

1942-жылдын 13-сентябрында Мислимбекти райондук аскер комиссариаты аскерге чакырып, согушка жиберген. Ал түшкөн эшелон аны туура Россиядагы 339-запастык полкко жеткирди. Аскердик машыгуулардан өткөн соң, 101-аткычтар полкуна барып кошулду. Бул полк Советтер Союзунун маршалы Ф. И. Толбухин командачылык кылган 3-Белоруссия фронтунун курамында болчу. Ушул полктун жоокерлери менен биргеликте Украинанын бир нече шаар-кыштактарын фашисттерден бошотууга катышты.

Кыраакы жоокер Мислимбек Алимбеков "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн" медалы менен сыйланган. Бул медалды ага Ички иштер министрлигинин Украинадагы бөлүгүнүн начальниги генерал-майор Фадеев тапшырган. Мындан сырткары ал согуштагы эрдиктери үчүн согуштан кийинки жылдарда да бир нече юбилейлик медалдар жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

Мислимбек Алимбеков 1946-жылы 386-аткычтар полкунда уюштурулган сержанттык мектебин бүтүрүп, старшина аскердик чинин алгандан кийин, 1951-жылга чейин ички аскерлер полкунда взводдун командиринин орун басары болуп кызмат өтөдү.

Аскерден демобилизацияланып келгенден кийин Жалал-Абад шаарындагы 3 айлык кооператив окуу жайын бүтүрүп, Ленин райондук керек-жарак союзунда экспедитор, айылдык керек-жарак коомунда башчы болуп иштеди. 1953-1954-жылдарда дүкон башчысы, 1956-1958-жылдарда райондук соода тармагынын жетекчиси, андан кийин коомдук тамактануу уюмунун башчысы болуп иштеген. Ал соода жана коомдук тамактануу тармактарында иштеп турган жылдарда бул тармактар болуп корбогондой осүп, онүктү. Айлык, кварталдык жана жылдык пландары ашыгы менен орундалып турду. Мислимбек болсо ак ниеттүүлүк менен адал иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыкты. Аны озү менен бирге иштеген кесиптештери, айылдаштары жана таанып, билгендер терең урматташар эле. Азыр деле аны тааныгандар ал жонүндо жалаң жылуу пикирлерин билдиришет.



## ЧЕКИСТ-СЕРЖАНТ



Якубжан Кахаров 1924-жылы ошол кездеги Ленин (азыркы Ноокен) районунун Масы айылында туулган. Ленин жол орто мектебинин 7-классын жакшы жана эң жакшы деген бааларга окуп бүтүргөн. 1942-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Россиянын Саратов шаарындагы ички аскерлердин 5-запастагы полкуна барып түшкөн. Аскердик машыгуулардан өткөндөн кийин, 1943-жылы январь айында ички аскерлердин Сталинград областындагы 5382-аскердик бөлүгүнө жөнөтүлгөн.

Биздикилер Сталинграддагы салгылашууларда жеңишке ээ болгон соң, бул бөлүк Ростов областындагы темир жолдорду, станцияларды жана ири көпүрөлөрдү коргогон. Согушта көрсөткөн эрдиктери эске алынып, "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн" күжүрмөн медалы жана бир канча юбилейлик медалдар менен сыйланган.

Якубжан Кахаров армиядан кайтып келгенден кийин пенсияга чыкканга чейин Ленин райондук керек-жарак коомунда талбай үзүрлүү эмгек өтөдү. Айрым адамдарга окшоп иштен-ишке которула бербей, пенсия жашына жеткенче бир жерде иштеди. Анын ысмын эли эч качан унутпай, ар дайым сыймык менен эскерип келишет.



Сыдык Нышанов 1910-жылы Ленин (азыркы Ноокен) районундагы Масы айылында туулган. Кичинекейинен эмгек менен чоңойду. Ал эми "Большевик" колхозу уюшулган күндон тартып, колхозго мүчо болуп, кетменин желкеге алып, пахта талааларында эмгектенди. Пахта чабыкта болсун, сугатта болсун, башка талаа иштеринде болсун ал күнүно эки нормадан эмгек аткарып жүрдү.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал кетменин куралга алмаштырып, мекенди душмандан коргоого аттанды. Аскерге чакырылгандан кийин бир азыраак машыгуулардан отүп, 2-Белоруссия фронтундагы 234-кавалериялык полкко барып түштү. Бул жерде согуш аябай күчүно кирип турган болчу. Аябай катуу салгылашууларды баштан откорду. Кавалериянын атчандары тайманбастан катуу чабуулга откон учурда фашисттик жоокерлер качарга жер таппай калып, далай жолу куралдарын таштап, оз ыктыяры менен туткунга түшүп берген учурлары да болгон.

Кавалериячы жоокер Сыдык Нышанов Белоруссияны толугу менен, андан соң Польшаны немистик баскынчылардан бошотууга катышып, Германия жергесинде Улуу Жеңишти майрамдады. Германия кыйшаюусуз багынып берген соң, Сыдык Нышанов Ыраакы Чыгышта Япон милитаристтерин жок кылуу үчүн болгон согушка да катышкан. Бул согуш узакка созулган жок, үч айдын ичинде Япон аскерлери биротоло талкаланып, жеңилүүго мажбур болушту.

Тер ордуна кан тогүлгон согуштардагы кужүрмондүүлүкторү үчүн ал биринчи даражадагы "Улуу Ата

Мекендик согуш" ордени жана бир топ медалдар менен сыйланды. Батыштагы жана чыгыштагы кан күйгөн согуштарга катышкан Сыдык Нышанов жеңиш менен өз жергесине кайтып келген.

Согуштан келген соң, ал "Большевик" колхозунда алгач суучу, андан соң айдоочу болуп узак жылдар бою иштеди. Турмуш куруп, сегиз перзенттин атасы да болду. Анын бардык уул-кыздары атасын уятка калтырбай турган эмгекчил азаматтардан болуп чоңоюшту.

Махамаджан аттуу уулу тынчтык мезгилде Советтик Армияга чакырылып, Япониянын чек арасына жакын жердеги аскердик бөлүкто кызмат өтөп калат. Куду ошол болүкто согуш учурунда Сыдык аке да кызмат өтоп, Японияга каршы согушкан экен. Уулу жакшы кызмат отогондуктон аскердик болүктүн командири Сыдык акеге кат жолдоп, ушундай кайраттуу, тартиптүү жана патриот уулду тарбиялаганы үчүн ага ыраазылык билдириптир.

Батыштагы жана чыгыштагы фронттордун катышуучусу Сыдык Нышанов карылыктын бактылуу күндөрүн баштан кечирип, 2006-жылы 97 жашка караган курагында дүйнодон öттү. Анын артында татыктуу тарбия көргөн перзенттери. Эл үчүн эмгектенип жаткан неберелери калып, атанын ардактуу жолун улап жатышат.



Тажидин Мамараимов 1924-жылы 10-январда Ленин районундагы Ленин жол айылында туулган. Беш класстык билимге ээ болуп, тракторчулук кесипти тандап алган. 1942-жылдын 4-сентябрында аскерге чакырылып, 1943-жылдын январына чейин 85-аткычтар полкунда кызмат отоду. Андан соң, 13-артиллерия полкунда кызмат отоп туруп, тез эле 50-кавалериялык полкко которулган. Кийинчерээк 250-танкисттер полкунда да кызмат отоду.

Катуу салгылашуулардын биринде жаракат алып, госпиталга түшот. Госпиталда жатып дарыланганы менен согушка жараксыз болуп калгандыктан Тажидин Мамараимовду курулуш батальонуна которушкан. Ал жакта да кайратмандуулук менен эмгектенип, далай жолу алкыш жана мактоого арзыган. Согуш жылдарында бир топ медалдар жана тош белгилер менен сыйланган.

1946-жылдын март айында аскерден демобилизацияланып, оз айылына кайтып келди. Айылына келгенден кийин колхоздун түрдүү жумуштарын чын дилден аткарып жүрүп, ардактуу эс алууга чыкты. Азыр ал омүрлүк жары Рахила менен биргеликте бактылуу карылыктын доорун сүрүп жатат. Алардын Салидин, Салахидин, Камалидин аттуу уулдары, Букамила, Мавлюда, Мадинахан жана Данахан аттуу кыздары жана алардан таркаган коптогон неберелери менен чеберелери бар.



Сулайман Тойчукулов 1912-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. 1931-жылы айылдагы 7 жылдык мектепти жакшы баалар менен аяктаган. Ошол мезгилде элетте коллективдештирүү кызуу жүрүп жаткан учур эле. Ал ошондогу коллективдештирүү иштерине активдүү катышкан. 1932-жылы ал Өзгон районунун Куршаб айылындагы ветеринария-санитариялык курсту бүтүрүп келет. Ошол жылдарда Масы айылында "Кызыл октябрь", "Большевик" колхоздору уюштурулуп жаткан эле. Сулайман Тойчукулов ушул эки колхоздо эсепчи болуп иштеди.

Улуу Ата Мекендик согуш башталып, немистик баскынчылар тез күндордо эле СССРдин кыйла жерин басып алышты. Ошондо Сулайман аке да оз мамлекетин душмандан коргоо үчүн согушка аттанды. Согушка кирерден мурда аскердик машыгуулардан отүп, орнотулма пулемёт атууну үйрондү. Атактуу генерал Ватутин башкарган Воронеж фронтундагы жоокерлердин катарында Курск булуңундагы катуу салгылашууларга катышты. Ошондой айыгышкан согуштардын биринде катуу жараланып, госпиталга түшкон. Госпиталда жатып айыкканы менен согушка жараксыз болуп калгандыктан аскерден бошотулду.

Сулайман Тойчукулов согуштан кайтып келгенден кийин "Кызыл октябрь" колхозунда талаачылык иштери менен алектенди. Кийинчерээк "Кызыл октябрь" жана "Большевик" колхоздору бириктирилип, "Москва" колхозу уюштурулду. Тойчукулов ушул колхоздун пахтачылык бригадасында бригадир болуп коп жыл эм-

гектенди. 1948-1968-жылдар аралыгында ал башкарган бригада пахтанын түшүмдүүлүгүн гектарына 25-30 центнерден кемитпей, айрым жылдарда түшүмдүүлүктү гектарына 35 центнерге да жеткирген учурлары болгон. Анын бригадасы жыл сайын колхоз башкармасынын сыйлыктарына ээ болуп турду.

1969-жылы дан өстүрүүчү бригадага башчы болуп, буудайдын ар гектарынан 27 центнерден түшүм алууга жетишкен. Ал пенсияга чыккандан кийин да колхоздон кол үзгөн жок. Чогулуштарга катышып, жаштарга үгүт-насаатын айтып, кеп-кеңеш берип жүрдү. Анын үй-бүлөсүндөгү бардык балдары өзү сыяктуу эмгекчил чыгып, колхоздо болобу, же башка бир мекемеде болобу жакшы иштешип, башкаларга үлгү болушту.

Согуштагы эрдиктери үчүн биринчи даражадагы "Улуу Ата Мекендик согуш" ордени жана медалдар менен сыйланган жоокер, колхоздун өндүрүшүндө үлгүлүү эмгек өтөгөн дыйкан Сулайман Тойчукулов 1999-жылы 30-майда дүйнө салды. Анын ысмы элибизде унутулбай түбөлүк кала берди.



## МЕКЕН ҮЧҮН КАН ТӨККӨН



Миңбай Дадажанов 1923-жылы азыркы Ноокен районундагы Масы айылында туулган. Мектепте окуп, үч класстык билим алган. Андан соң жаштайынан "Большевик" колхозунда атбаш жетелеп иштеди. Трактор айдоочулукка болгон кызыгуусу анын тракторчу болуп калуусуна себеп болду. 1942-жылы 6-мартта райондук аскер комиссариаты тарабынан аскерге чакырылып, мекенди коргоого жөнөдү.

Аскердик машыгуулардан өтүп, запастык полкко түшот. Ал эми 1944-жылдын февраль айынан баштап 1945-жылга чейин кандуу согушка катышты. Согуш учурунда бир нече жолу жараланып, санитардык болүктордо дарыланып чыккан. 1947-жылы 18-мартта аскерден демобилизацияланып, айылына келген. Ошол жылдан баштап, пенсияга чыкканга чейин колхоздо трактор айдоочу болуп үзүрлүү эмгектенди.

Анын жубайы Зебихан да колхоздун пахта талааларында талыкпай эмгектенип жүрүп, пенсияга чыккан. Уулдары Рахманали, Халдарали, Хусанбай, кыздары Зиядахан менен Зияратхан да колхоздо ак ниеттүүлүк менен эмгектеништи. Миңбай Дадажанов мындан бир нече жыл мурда дүйнөдөн кайткан. Артында анын атын өчүрбой, жолун улоочу уул-кыздары жана небере-чебе-релери бар.

## КҮЖҮРМӨН ЖООКЕР



Жумабек Сулайманов 1922-жылы 22-декабрда Ош областынын Өзгон районуна караштуу Зергер айылында дыйкандын үй-бүлосүндо туулган. Айылдагы мектепте окуп, орто билимге ээ болгон. 1942-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Панфилов атындагы дивизияга барып түшот.

Күжүрмон жоокер Жумабек Сулайманов ал дивизиянын курамында Калинин фронтунда катуу салгылашууларга катышкан. Калинин областынын Торжок, Осташково шаарларын, андан ары Псков областынын Холм, Красный Луч, Чхачево шаарларын жана ал шаарларга жакын жайгашкан айыл-кыштактарды немистик баскынчылардан бошотууга катышкан. Күжүрмөн жолун андан ары улантып, Совет Армиясынын катарында Латвиянын Лиепая шаарын бошотууга да оз салымын кошкон.

Ошентип, согуштарда жүрүп, 1943-1944-жылдардын аралыгында эки жолу жаракат алып, экоондо тең госпиталда дарыланат. Экинчи жолку жаракатынан соң согушка жараксыз болуп калгандыктан курулуш батальонуна которулуп, взводдун командири милдетин аткаруу менен согушта кыйраган завод, фабрикаларды, курулуш имараттарын кайра калыбына келтирүү иштерине активдүү катышкан.

Ал согушта корсөткон эрдиктери үчүн биринчи даражадагы "Улуу Ата Мекендик согуш" ордени, "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн" жана "Эрдиги үчүн" медалдары, Советтик Армиянын бир нече юбилейлик медалдары менен сыйланган.

1946-жылы аскерден кайтып келип, 1950-жылга чейин Өзгөн районундагы Зергер айылдык кеңешинин катчысы, 1950-1951-жылдары партиянын Өзгөн райондук комитетинин инструктору болуп иштеди. 1951-жылдан райондук милицияда иштей баштады. 1954-жылы Латвиядагы жогорку милиция мектебине жиберилип, аны аяктаган соң, Өзгөн, Кара-Суу, Токтогул, Ноокен райондорунун ички иштер бөлүмдөрүндө кызмат кылды. Кыргызстандын ички иштер органдарында 28 жыл талыкпай иштеп, катардагы милиционерден милициянын майору чинине чейин жетти. Милициянын ардактуу сыйлыктары жана медалдар менен сыйланган.

Жумабек Сулайманов 2012-жылы 26-августта 91 жаш курагында бул дүйнө менен кош айтышты. Элибиз анын татыктуу эмгегин баалап, маркумдун жаркын элесин эч качан унутпай, түбөлүккө жүрөгүндө сактап калат.

Жумабек Сулаймановдун үй-бүлөсү, артында калган балдары тууралуу да кыскача айта кетүүнү эп көрдүк. Аялы Турган Мамаюсупова 1928-жылы туулуп. 1984-жылы дүйнөдөн кайткан, Баатыр эне. Балдары: Сулайманов Асылбек 1948-жылы туулган, азыр пенсионер. Сулайманова Айнагүл 1956-жылы туулган, медицина кызматкери. Сулайманов Муса 1957-жылы туулган, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясында иштейт. Сулайманов Эркин 1960-жылы туулган, "Кыргызнефтегаз" ААКда иштейт. Сулайманов Асан жана Үсөндөр 1963-жылы туулушкан, отставкадагы милиционерлер. Сулайманов Жапар 1966-жылы туулган милициянын запастагы кызматкери. Сулайманов Таалай 1968-жылы туулган, "Кыргызнефтегаз" ААКда иштейт. Ибраева Алмагүл дарыгер.

Маркум Жумабек Сулаймановдун бардык уул-кыздарына, небере-чеберелерине бекем ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт каалайбыз.



Ураимжан Жакбаров 1926-жылы Ленин районунун масы айылында туулган. Ленин жол мектебинен 8-классты бүтүргөн. 1944-жылдын ноябрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, СССРдин ички аскерлеринин мектебинде окуду. Снайпердик кесипке ээ болуп чыккан соң, алгач 3263-запастагы аткычтар полкунда кызмат кылды. Андан соң 425-аткычтар полкуна которулуп, немистер менен болгон согушка катышкан. Согуштагы кужурмон аракеттери үчүн "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгени үчүн" медалы жана бир топ башка медалдар менен сыйланган.

Советтик Армиянын катарынан демобилизацияланып келгенден кийин Ленин райондук ички иштер бөлүмүнө катардагы милиционер болуп ишке кирет. Анын райондук милицияда иштеп жүргөндөгү аткарган иштерин канча мактасаң да жарашат. Анткени райондогу уурулар менен аёосуз күрөшүп, коомдук тартиптин сакталышына да чоң салым кошту. Эмгеги бааланып, медалдар, төш белгилер жана грамоталар менен сыйланды.

Азыр ал ардактуу эс алууда. Аялы Хайитхан менен бактылуу турмуш кечиришип, 3 уул, 4 кыздуу болушту. Уулдары Камил, Сабыр, Салыжан, кыздары Розихан, Насиба, Назира, Наилалар ата-эненин татыктуу тарбиясын алып, ыймандуу уул-кыздардан болуп чоңоюшту. Учурда Ураимжандын бир нече ондогон небере-чебөрелери бар. Бул үй-бүлөнү айылдаштары үлгүлүү үй-бүлө катары ар дайым алкоо менен тилге алышат.

## МИЛИТАРИЗМГЕ КАРШЫ СОГУШКАН



Ормон Дадажанов 1926-жылы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Бала кезинде мектепке барууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Апасы Айымтилла "Большевик" колхозунда катардагы колхозчу болуп иштеген. Асан, Үсон аттуу эки инисин багуу үчүн Ормон жаштайынан бирөөлөргө жалданып иштеген. Согуш башталып кеткенден кийин булардын үй-бүлөсүнүн турмушу өтө начарлап кетти.

Ормон 1945-жылдын башында аскерге чакырылып, Владивостоктогу Угловая темир жол станциясында жайгашкан 1249-аскердик бөлүккө барып түшөт. Батышта Германия жеңилгенден кийин чыгышта Германиянын шериктеши болгон Японияны да биротоло талкалоо үчүн согуш башталган. Кыска мөөноттүн ичинде Япон армиясынын үстүнөн жеңишке жетишилди. Туткунга түшкөн япон жоокерлери калыбына келтирүү иштерине тартылды. Ошол учурда Ормон Дадажанов конвойдо кызмат өтөдү.

1950-жылы Ормон Дадажанов төшүнө "Японияны жеңгендиги үчүн" медалын тагынып, аскерден бошотулуп, айылына келди. 1950-1980-жылдар аралыгында Масы айылындагы МТСте ширетүүчү болуп иштеди. Пенсияга чыккандан кийин да бекер жүрбөй, 1991-жылдан 2012-жылга чейин музейде кароолчулук кылды.

Жашы 90го таяп калган Ормон Дадажановдун бир уул, алты кызы, жыйырма сегиз небереси жана отуз жети чебереси бар, бардыгы Масы айылында жашап жатышат.

## БАСМАЧЫНЫ ЖОЮП, ФАШИСТТЕРДИ КЫРГАН



Арапбай Абдыкадыров 1903-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Бала кезинен байлардын коюн кайтарып жүрдү. Кыргызстанда Совет бийлиги орноп, колхоздоштуруу иштери башталган кезде буга каршы чыккан байлар басмачылар менен бирге Совет бийлигине каршы күрөштү башташкан. Ноокенде район түзүлгөндөн кийин бул жактарда да жаңы жашоого каршы басмачылар пайда болгон.


Легендарлуу генерал Эргеш Алиевдин атчандар отряды Кыргызстандын түштүгүндө жана Фергана өрөөнүндө далай басмачылардын башчыларын, корбашыларды жок кылганы тарыхта жазылуу. Ошол басмачыларды жок кылууда Эргеш Алиевдин отрядынын курамында Арапбай Абдыкадыров да активдүү катышкан. Басмачылар биротоло жок кылынган соң, 1932-жылдан баштап Арапбай аке Масы айылында "Кызыл октябрь", "Большевик" колхоздорун түзүүгө да активдүү катышты. Колундагы жалгыз саан уюн колхозго өткөрүп берип, өзү бригадир болуп иштеди. Эмгекте башкаларга өрнөк көрсөтүп, бригаданын план-тапшырмаларын ашыра орундатууга жетишти.

Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан көп өтпой, ал Советтик Армиянын катарына чакырылды. 1942-1943-жылдарда Сталинградга жакын жайгашкан Калач, Орёл шаарларын душмандан бошотууда эбегейсиз эрдик көрсөттү.

Согушта катуу жараланып, айылына кайтып келгенден кийин да кол куушуруп отуруп алган жок. "Кызыл октябрь" колхозундагы пахтачылык боюнча бригада-

лардын бирин башкарууну колго алды. Эмгектен качпаган инсан пахтачылыкта дагы эле мурдагыдай ийгиликтерди жаратты. Бир нече жыл Ленинжол айылдык Советинин торагасы, колхоздун раисинин орун басары, аксакалдар кеңешинин торагасы болуп коп жыл үзүрлүү эмгектенди. Ал коммунисттик партиянын мүчосү болуу менен бирге озүно берилген ар кандай тапшырманы убагында жана толугу менен аткарууга аракет кылар эле.

Басмачыларга каршы жана фашисттерге каршы согуштардын катышуучусу Арапбай Абдыкадыров 1984-жылы 22-апрелде дүйнодон өттү. Согушта болсун, эмгекте болсун алдыңкы сапта туруп, башкаларга үлгү корсотүп келген Арапбай аксакалдын жаркын элеси ар дайым жердештеринин жүрогүндо жашайт.



## БООРДОШ УКРАИНАНЫ БОШОТКОН



Деканбай Османов 1921-жылы Ленин районундагы Масы айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайынан абдан тартиптүү, тартынчаак болуп өстү. Масы айылында "Кызыл октябрь" жана "Большевик колхоздору жаңыдан уюштурулганда жаш бала Деканбай колхозго мүчө болуп кирип, ат башын жетелеп иштей баштады. Ал кезде техника болбогондуктан жерлерди ат кош менен айдашчу, чигитти да атка чегерилген сеялка менен эгишчү. Деканбай бир аз чоңойгон соң, пахтачылык бригадасында чабыкчы, сугатчы болуп иштеди.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда аскерге чакырылып, мекенди коргоого кетти. Согушка кирерден мурда Саратов шаарындагы запастык полкто аскердик машыгуулардан өттү. Машыгуу убагында мылтыкты таамай атууну, граната ыргытууну, окоп казууну мыктылап үйрөнүп алды. Кийин туура Украина багытында аракеттенип жаткан аскерлердин сабына барып кошулду. Алгачкы согуштук аракеттерге 2-Украина фронтундагы аскерлер менен бирге Корсунь-Шевченковскийде катышты. Кат тааныбагандыктан кайсы шаарды, кайсы айылды душмандан бошотушканын биле албады. Болгону эки жылдан ашык согушта жүрүп, Украинаны толугу менен фашисттик баскынчылардан бошотушканын айтат.

Ал согуштан кайтып келген күндүн эртеси эле иштоо үчүн колхоз талаасына чыккан. Пахта бригадасында сугатчы болуп иштеп, күзүндө пахта терилген убакта кырманда пахта кургатуу, кургаган пахта буласын арабаларга жүктөп, кабыл алуу пункттарына жиберүү жу-

муштарын аткарар эле. Сугат ишин эң жакшы өздөштүргөндүктөн сууну үнөмдүү пайдалануу менен бирге пахтаны кандыра сугаруунун сырларын мыкты билчү.

Деканбай Османов согуштагы эрдиктери үчүн бир канча медалдар менен сыйланган. Жаштайынан эмгекти сүйүп чоңоюп. Эмгек менен картайган дыйкан эки миңинчи жылдардын башталышында дүйнөдөн кайтты. өзү өлгөнү менен анын эмгеги өлгөн жок. Аны жердештери устат дыйкан катары ар дайым эске алып турушат.





Юсуп Юлдашев 1897-жылы мурдагы Ленин азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Эр жеткен кезинде ушул эле айылдык Саламат аттуу кызга үйлонгон. Улуу ата Мекендик согуш башталганда озүнон бир топ жаш кичүү жигиттер менен катарлаш ал да мекенди коргоо үчүн аттанган.

Аскердик машыгуулардан откон соң, Россиянын бир нече шаарларында согуш майданында от кечип, душманга каршы салгылашууларга катышты. Катуу салгылашууларда эки жолу жараланган. Экинчи жолу жаралангандан кийин согушка жараксыз болуп, тылга - озүнүн айылына кайтып келген. Экинчи даражадагы "Улуу ата Мекендик согуш" ордени, "Германияны жеңгендиги үчүн" медалы жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

Согушта майып болуп кайткандан кийин, майып экенине карабай колхоздо эмгектенип, балдарына татыктуу тарбия берип жүрдү. Анын үч уулу, торт кызы болуп, алардын бардыгы мектепте окушчу. Кийинчерек балдары да колхоздо, мамлекеттик мекемелерде үзүрлүү эмгек отоп, элдин алкышын алууга татыктуу болушту. Анын балдары, неберелери, чеберелери акыл-эстүү, тартиптүү, ыймандуу болуп чоңоюшуп, атанын эмгегин акташты.

Юсуп аксакал Кудай берип жүз жылдан ашык жашады. Ал 1998-жылы бир жүз эки жашка караган курагында коз жумду. Балдары, небере-чеберелери сыймыктанарлык орноктүү омүрдү жашап отту.

# АЙЫЛДЫК АЛГАЧКЫ ТРАКТОРЧУ



Макамбай Юсупов 1907-жылы азыркы Ноокен районундагы Масы айыл өкмотүнө караштуу Беш-Жыгач айылында туулган. Айылда "Большевик" колхозу түзүлгөндөн баштап колхозго мүчө болуп кирген. Алгач колхозчу болуп иштеп жүрүп, Масыда МТС ачылгандан кийин тракторчулар курсунда окуп, траторчулук кесипке ээ болгон. Колхозго алгачкы эки трактор берилгенде, алардын бирин Макамбай аке башкарган. 1936-жылы колхозго дагы жаңы тракторлор келет. Ошондо Макамбай жаңы трактор менен пахта катар аралыгын иштетип, күндолүк нормасын эки эселетип аткарып жүргөн. Күзгү тоңдурмалоо, эрте жаздагы малалоо иштеринде да Макамбай аке алдыңкылардын катарында болду.

Атың өчкүр согуш малекеттин тынчтыгын бузуп, элди кайгыга салды. Ошондо Макамбай аке да душмандын мизин кайтарууну эңсеп жүрүп, 1942-жылы согушка кетти. Воронеж фронтундагы согуштарда активдүүлүк көрсөтүп жүрүп, катуу жараланды. Госпиталда жатып айыгып чыккан соң, согушка жараксыздыгынан айылына кайтып келет.

Согуштан кайткандан кийин пенсияга чыкканга чейин кохоздо тракторчу болуп, чын дили менен эмгектенди. Адал эмгек менен жүрүп, уул-кыздарын тарбиялап, эл катарына кошту. Ал 1990-жылы 83 жаш курагында бул дүйнө менен кош айтышты. Анын эмгеги, адалдыгы, ак ниет инсандык сапаттары эл арасында эстелип жүрө берет.

## СОГУШ ЖАНА ЭМГЕК ТАЛААСЫНЫН КҮЖҮРМӨНҮ



Мухтар Хамдамов 1926-жылы 13-августта азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Жаш кезинде эр жүрок, баатыр билек палван эле. Эч нерседен тайманчу, эч кимден корккчу эмес. Ал бала кезинде Өзбекстандын Ташкент областындагы туугандарыныкына кетип, ошол жакта жашап калган. Согушка да ошол жактан – Ташкент областынын Янгиюл районундагы Бешагач айылынан чакырылган. 62274-аскердик болүкто кызмат отогон. Согуш учурундагы эрдиктери үчүн "Германияны жеңгендиги үчүн" жана башка медалдар менен сыйланган.

1949-жылы 27-декабрда аскерден бошотулуп, масы айылына келип, "Большевик" колхозунун пахтачылык бригадасында эмгектенди. Колхоз башкармасы анын эпкиндүү эмгегин эске алып, бригада башчылыгына дайындаган. Ал башкарган бригада пахтадан мол түшүм алуу боюнча кохоздо эле эмес, райондо алдыңкы бригадалардын катарында болду. 1973-жылы анын бригадасы 70 гектар аянттагы пахтанын аргектарынан 40 центнерден түшүм жыйнап мамлекетке тапшырган. Бул – райондогу эң жогорку корсөткүч болчу. Пахта аянттарынан жыл сайын мол түшүм алууну ал жана анын бригадасы адатка айланткан.

Согушта эле эмес, эмгекте да эпкиндүүлүктү көрсөткон Мухтар Хамдамов эки жолу "Эмгек Кызыл Туу" ордени жана бир канчамедлдар менен сыйланган.

# ПУЛЕМЁТЧУНУН ЭРДИГИ



Ураимжан Кассиров 1918-жылы Ноокен районундагы Масы айылында жөнөкөй дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Беш-алты жашында ата-энесинен ажырап, жети жашынан бироолордун малын багып күн көрот.

Совет мамлекети орногондон кийин айылда “Кызыл октябрь”, “Большевик” колхоздору уюшулганда ал биринчилерден болуп “Большевик” колхозуна мүчө болуп катталган. Улуу Ата Мекендик согушка чейинки жылдарда колхоз башкармасынын мүчөсү, бригада башчысы болуп иштеп, оздук көркөм чыгармачылык ийримин түзгөн. Анын чыгармачылык жөндөмүн баамдаган район жетекчиси аны республиканын борборундагы комузчулар окуу жайына жиберген.

Окууну бүтүп келгенден кийин ал корком онорду өнүктүрүү менен эле чектелбей, дене тарбия менен спортту өнүктүрүүгө көңүл буруп, өзү да спорт менен такай машыга баштады. Ал аскердик кызматты 1940-жылы баштап, Украинанын Умань шаарындагы аскердик бөлүктө оз жигиттик милдетин өтөөгө киришти.

Гитлердик Германия СССРдин чегине күтүүсүздөн бастырып кирген түнү Ураимжан Кассиров түнкү кароолдо турган эле. Согуш башталганы тууралуу шум кабарды угаары менен ал “Тревога!” деп кыйкырды. Немистер Киев шаарын катуу бомбалап. Андан ары тездик менен алга карай бастырып келатышты. Ураимжан кызмат отоп жаткан аскер болүгү артка карай Сталинград шаарына чейин чегинип барган. Совет армиясынын Сталинграддагы контр чабуулунан кийин кайрадан алга карай чабуул менен жүрүп, немис аскерлерин сүрүп оту-

руп, Германиянын Дрезден шаарына чейинки узак согуштук жолду басып өттү. Ростов, Харьков, Киев, Житомир, Львов шаарларын фашисттерден бошотуу үчүн Советтик жоокерлердин катарында эрлерче салгылашты.

Ата Мекенди коргоо үчүн болгон согушта алардын взводу 500го жакын душман аскерин, 50дон ашык танкасын жана 20дай самолётун жок кылган. Украинанын Донецк шаарына жакын жердеги салгылашууда Ураимжан аке жеңил жаракат алып, госпиталда дарыланып чыккандан кийин дагы согушка кирип кеткен. Тирасполь жана Львов шаарларын алууда ал отделениенин командири болчу. Эрдиктери үчүн бир топ орден жана медалдар менен сыйланды.

Согуштан кайткандан соң ал узак жылдар бою колхоздо бригадир, участка жетекчиси, кампа башчысы болуп үзүрлүү эмгектенди. Өзүнөн кийинки муундарга эмгектин үлгүсүн көрсөттү. 90 жашка толгон кезинде да кол эмгегинен алыстаган жок.



## ТАНКИСТТЕРДИН УСТАТЫ



Кыргызбаев Казак Саипович 1925-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Атасы дүйнөдөн эрте өтүп кетип, апасынын тарбиясында чоңойду. Айылдагы Ленин-жол мектебинен окуп, жетинчи классты ийгиликтүү бүтүрүп алган соң, "Большевик" колхозунда табелчи болуп иштеди.

Советтик Армиянын катарына 1943-жылы чакырылган. Ошол кезде Украинада катуу согуш жүрүп жаткан эле. Ошондуктан Украинанын Харьков шаарындагы Харьков-2 танкисттер окуу жайы башкы командачы Иосиф Виссарионович Сталиндин буйругу менен Өзбекстандын Самарканд шаарына көчүрүлгөн болчу. Казак Кыргызбаев ошол окуу жайында 1943-жылдын январынан 1944-жылдын июнь айына чейин курсант болуп окуду. Андан соң кенже лейтенант чинин алып, болочок танкисттерди окутту. Анын алгачкы окуучулары Ата Мекендик согушта катышып, далай фашисттерди жер менен жексен кылышкан. Согуш аяктагандан кийин да ал аскердик кызматын улантып, Самарканддагы танкисттер окуу жайын мурдагы орду – Харьков шаарына көчүрүү иштерине көмөк көрсөткөн.

Окуу жайды толук көчүрүп бүтүшкөндөн кийин ал аскерден демобилизацияланып, өз мекенине кайтып келген. Аскерден келгенден кийин "Кыргызпотребсоюздун" окуу жайын бүтүрүп, соода тармагында бухгалтер болуп иштеди. Кыргызбаевдин аялы Аминахан тогуз кыз, бир уул төрөп, "Баатыр эне" медалын алган. Казак Кыргызбаев 1986-жылы дүйнөдөн кайтты. Кийинчерээк аялы да кайтыш болду. Алардын балдары жана неберелери "Москва" колхозунда эмгектеништи.



Гончарова (Грамокова) Мария Ивановна 1922-жылы Россия Федерациясынын Белгород областындагы Михайловский районунун Покровка айылында, жумушчунун үй-бүлосүндо туулган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда санитардык кызматты аткарып, согуш талааларынан жарадар болгон далай жоокерлерди сүйроп чыгып, олүмдон алып калган. Ал куткарып, айыктырган жоокерлердин копчүлүгү кийин кайрадан согушка кирип, фашисттерди улам артка карай чегинтүүго салым кошушкан.

Согуштан кийин, 1946-жылы Мария Ивановна үй-бүлосү менен Кыргызстанга кочүп келет. Кыргызстандын түштүгүндо далай пайдалуу иштерди аткарып, 1961-жылдан 1968-жылга чейин Шакафтар шаарчасындагы коомдук тамактануу мекемелеринде, мектеп интернатта үзүрлүү иштеди. 1968-жылдан баштап Ноокен районуна келип, Масы айылында жашап, иштеп жүрүп, 1986-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Согуш жылдарында ок жааган талааларда санитардык кызматты отоп, коптогон Советтик жоокерлердин омүрүн сактап калганы, согуштан кийинки кайратман эмгеги үчүн Өкмот Мария Ивановнаны медалдар жана тош белгилер менен сыйлап, эч качан эстен чыгарбай, майрамдарда, юбилейлерде ар дайым сый корсотүп келет.



Камил Арипжанов 1922-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында, жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1942-жылы Ленин райондук аскер комиссариаты тарабынан аскерге чакырылып, туура барып, аракеттеги 585-аткычтар полкуна түшот. Ошол, 1942-жылдын май айынан баштап, 1944-жылдын февраль айына чейин далай кан тогулгөн согуштарга катышып, далай эрдик көрсөттү. 1943-жылдын март айында сол колуна ок тийип жараланып, госпиталда дарыланып чыкты. Госпиталдан чыгаары менен кайра эле согушка кирип кетти. 1944-жылдын март айынан баштап согуш бүтконго чейин 350-аткычтар полкунда отделениенин командири кызматын отөдү.

1946-жылы аскердик кызматтан бошонуп, өз айылына келген. Аскерден кайткандан кийин узак жылдар бою райондук ички иштер болүмүндө иштеди. Милициянын ага лейтенанты наамын алган. Советтик Армиянын жана Совет милициясынын бир топ медалдары жана тош белгилери менен сыйланды.

Анын омурлук жубайы Шазадахан согуш жылдарында колхоздун башкармасынын катчысы болуп иштеген. Оруктагы эмгеги бааланып, “Кайратман эмгеги үчүн” медалы менен сыйланган. Камил Арипжанов аялы Шазадахан менен бир нече уул-кыздуу болуп, аларды эмгекчил, кайрымдуу инсандардан кылып тарбиялашты.

## УСТАТ ДЫЙКАНДЫН УУЛУ



Исакжан Курбанов 1917-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Анын ата-энеси дацкы чыккан дыйкан адамдардан болгон. Исакжан да ата-энесине окшоп эмгекчил болгондуктан жаштайынан эле "Большевик" колхозуна мүчо болуп, оз алдынча иштей баштаган.

Ал 1939-жылы аскердик милдет отоого чакырылып, эки жыл кызмат өтогондон кийин, аскерден бошотулаарда Улуу Ата Мекендик согуш башталып кетти. Исакжан кызмат отогон 130-дивизиянын 664-аткычтар полку толугу менен согушка кирип кетет. Исакжан да полктун курамында калып, далай айыгышкан салгылашууларга катышты. 1941-жылдын декабрында Бессарабия чегиндеги катуу согушта анын сол колуна ок тийип, госпиталга түштү. Дарыланып айыгып чыкканы менен согушка жараксыз болгондуктан аны согуштук аракеттерден бошотушкан.

1942-жылдын июнь айында ал өз мекенине кайтып келип, колхоздун жецил-желпи иштерин аткарып жүрдү. Бара-бара эмгекке аралашып отуруп, согушта майып болгон колу да кадимкидей иштеп калат. Ошентип, Исакжан Курбанов, анын аялы жана иниси Режапбай колхоздун алдыцкы ишчилеринин катарына кошулушту.

1950-жылы Базар-Коргон районунун Советск (азыркы Абдраимов) айылынан Арстанбапка баруучу асфальт жолду куррууда Курбановдор активдүүлүк корсотүшүп, күндүк норманы 150-200 пайызга орундатып турушту. Булардын эпкиндүү эмгеги тууралуу ошол учурда райондук газета жазып чыккан.

Исакжан Курбанов биринчи даражадагы "Улуу Ата

Мекендик согуш" орденинин жана бир нече медалдардын ээси. Аялы Караматхан менен беш уул, алты кыз- дуу болушуп, алардын бардыгын эмгекти сүйгөн, ак ниет инсандардан кылып тарбиялап чоңойтушту. Уул-кыздарынан таркаган коптогон неберелери менен чебе-релери мамлекетибиздин түрдүү тармактарында эл үчүн кызмат кылып, элдин алкышын алышууда.



## ТАНКАГА КАРШЫ СОГУШКАН



Торокан Мадияров 1922-жылы Жалал-Абад областынын мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районундагы Апыртан айылында туулган. 1942-жылы сентябрда Ленин райондук аскер комиссариаты тарабынан аскерге чакырылат. Адегенде 85-запастык аткычтар полкуна түшүп, аскердик машыгуудан өттү. Андан кийин 543-танкага каршы полкунда кызматын улантты. Бул полктун курамында согушуп жүргөн мезгилинде Россиянын көптөгөн шаарларын немистик баскынчылардан бошотуу үчүн болгон салгылашууларда далай кужурмондуулукту көрсөттү.

Бир нече жолу душман танкасы менен бет-маңдай келип, граната ыргытып, танканы иштен чыгарган. Дагы бир жолу немис танкасынын алды жагындагы тешикти мээлеп атып, ичиндеги танк башкаруучуну өлтүргөндүгү үчүн полктун командиринин алкышын алган. Мындан башка да бетме-бет атышууларда далай фашисттердин сазайын берген.

Ошентип, 83-гвардиялык полктун курамында согушуп жүргөн кезинде оор жараланып, госпиталга түшөт. Андан ары согуштук аракеттерге катышууга жараксыз болгондуктан, аскердик медициналык комиссиянын чечиминин негизинде демобилизацияланган. Согуштагы эрдиктери бир нече медалдар менен бааланган.

Согуштан кайтып келгенден кийин көп жылдар бою колхоздо үзүрлүү эмгектенип, жашы жеткен соң, ардактуу эс алууга чыккан. Согуштан кийинки эмгектери да колхоз жетекчилери тарабынан бааланып, бир топ баалуу сыйлыктарды алууга татыктуу болгон.

## МАСЫЛЫК ПРАПОРЩИК



Якубжан Ташпулатов 1924-жылы 56-октябрда Ленин районуна караштуу Ленин-Жол айылында туулган. 1942-жылы 11-майда райондук аскер комиссариатынын чакыруу кагазын алат. Өзү менен кошо чакырылгандардын катарында ал дагы аскерге жөнөп кетет. Аскердик кызматын Ыраакы Чыгыш аскер округундагы ички иштер аскер бөлүгүндө өтөдү. Ал кызмат өтөгөн аскер бөлүгү алгачкы жылдарда согуштук аракеттерге катышпаганы менен Советтер Союзунун чек арасын Япон милитаристтик армиясынан коргоп турушкан.

Ал эми батышта Германия жеңилгенден кийин, анын союздашы болгон Япония менен согуш башталды. Мына ошол согушта Якубжан Ташпулатов башка куралдаштары менен бирге согушка катышты. Чыгыштагы бул согуш деле батыштагы согуштан оңой болгон эмес. Советтик жоокерлердин далайы окко учуп, дагы бир далайы жараланган. Согуштан кийин аскерде прапорщик болуп кызмат өтөп, 1947-жылы өз мекенине кайтып келген.

Аскерден келгенден кийин үйлөнүп, 5 балалуу болду жана балдарына татыктуу тарбия берди. Согуш жылдарында жакырланып калган чарбаны калыбына келтирүү иштеринде активдүү катышты. Узак жылдар бою үзүрлүү эмгектенип, пенсияга чыккан Якубжан Ташпулатов 1999-жылы 28-апрелде бул дүйнө менен кош айтышты.

# КАЙРАТМАН АГА-ИНИЛЕР



Кахаржан Каимов 1918-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Айылда "Большевик" колхозу уюушулгандан баштап ал колхоздо иштеген. 1940-жылы аскерге чакырылып, андан ары Улуу Ата Мекендик согушка катышып калган. Совет Армиясынын 286-гвардиялык аткычтар полкунун курамында душманга каршы согушуп жүрүп, 1944-жылы февралда сол бутуна ок тийип, оор жараланган.

Анын Абдипатта аттуу иниси болуп, ал да колхоздо эмгектенген. Ага-инилердин балдары, неберелери да чарбада, мекеме-ишканаларда эмгектенишип, райондун өнүгүшүнө өздөрүнүн салымын кошушкан. Азыр бул ага-инилер арабызда жок. Аларды тааныган адамдар да аз калды. Жаштардын кобү аларды жакшы билишпейт.

Ушундай кайратман ага-инилер өткөн экен деп эстей жүрүшсүн деген максатта алар жөнүндө кыска болсо да колубузда бар маалыматты жарыялап жатабыз.

## ФРОНТТУК КҮЖҮРМӨН БАЙЛАНЫШЧЫ



Шакир Акбаров 1906-жылы Масы айылында туулган. Мектепте окуп, 2-классты бүтүргөн. 1942-жылы аскерге чакырылып, Совет Армиясынын 19-гвардиялык дивизиясында байланышчы болуп кызмат өтөгөн. Согуш учурунда байланышчылардын иши да жеңил болгон эмес. мөндүрдөй жааган окко карабай байланышты камсыз кылуусу зарыл болчу. Шакир Акбаров да согушта байланыш камсыз кылууда коптогон эрдиктерди корсоткон.

Корсоткөн эрдиктери бааланып, "Улуу ата Мекендик согуш" ордени жана бир топ медалдар менен сыйланган. Ал торт жыл ок учкан согуш талааларында жүрүп, 1944-жылы декабрь айында жарадар да болгон. 1946-жылы аскерден кайтып, оз мекенине келген. Келгенден баштап эле "Большевик" колхозунда тракторчу болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыккан.



Ураимжан Мамитов 1910-жылы Масы айылында туулган. Ал дыйкандын уулу болгондуктан кичинекейинен эле пахта талааларында эмгектенип өстү. "Большевик" колхозу түзүлгөндөн баштап ага мүчө болду. 1930-1940-жылдар аралыгында ал иштеген бригада 70 гектар жерге пахта эгип, Ураимжан суучулардын жетекчиси болгон. Анын козомолүндө гозолор сапаттуу сугарылгандыктан, күздө түшүмдү да жакшы берди, гектарынан 32 центнерден түшүм алынды.

1941-жылы пахта тегиз гүлдөп калган кезде немистер СССРге кол салды. Колхоздо иштеп жаткан эркектер биринин артынан бири аскерге чакырылып, мекенди коргоо үчүн кетип жатышты. Ошолордун катарында Ураимжан да ошол жылы согушка кетти. Тездик менен Прибалтиканы, Украинаны басып алып, Россиянын терецине сүңгүп келе жаткан фашисттердин күчүн кайтаруу кыйынга турган. Бирок, биздин жоокерлер акыркы деми калганга чейин согушуп жатышты...

1942-жылы Ураимжан Мамитов кызмат кылып жаткан Степное фронту Воронеж фронту менен күчторүн бириктирип, аларга Түштүк-Батыш жана Дон фронттору да колдоо корсотүп, немистик баскынчылардын мизин кайтара башташты. Немис армиясы Сталинградда шерменделерче жеңилип, Фельдмаршал Паулюс баш болгон 24 немис генералы, 330 миң жоокери колго түшүп беришти. Ошентип 1943-жылы Сталинград толугу менен Совет аскерлеринин колуна өттү. Биздин каарманыбыз эң оор салгылашуулардын катышуучусу болду. Сталинграддан соң Курск булуңундагы катуу согушка да катышты...

Душманды сүрүп отуруп, Украинанын Путвиль шаарына жакындап калганда Ураимжандардын полкундагы жоокерлер кыйла сейректеп калган болчу. Чабуул менен жүрүп отурушуп, душмандын тылына өтүп кетишкенин байкабай да калышыптыр. Полкто болгону 400гө жетпеген жоокер калган эле. Душман аскерлери аларды айлантыра курчап, туткунга түшүрүп алышты. Туткунга түшкөндөрдүн арасында Ураимжан Мамитов да бар болчу.

Немистер токойдун ичиндеги бир чоң үйдүн айланасын тикенектүү зымдар менен айланта тосуп, ага электр тогун жүргүзүп, тутукундарды ошол тикенек тордун ичине камап салышты. Туткундарды карап туруу үчүн азыраак жоокерлерин калтырышты. Эртеси туткундарды Германияга алып кетишмек. Совет жоокерлери өз ара сүйлөшүп. Ушул түнү туткундан качууну пландаштыра башташты. Алардын бактына түн жарымдан ооп калганда электр жарыгы өчүп калат. Ушуну эле күтүп турган туткундагы жоокерлер күч менен тикен торду бузуп качышат. Аларды күзөтүп жаткан немис солдаттарын көптөшүп ур-соккуга алып, куралдарын да тартып алышат. Тездик менен токойду аралай качып отуруп, Украин партизандарына жолугушат.

Генерал Ковпактын партизандары туткундан качкан биздикилерди өздөрүнүн штабына алып барып, аларды партизандык отряддарга бөлүштүрүштү. Курал-жарак берип, генерал Ковпактын колу коюлуп, мөөрү басылган күбөлүк да жазып беришти. Ураимжан ошол күбөлүктү сактап койгон экен, кийин айылдаштарына да көрсөткөн. Алар партизандык отряддарда да кужурмөндүүлүк менен аракет кылышты. Комүскөдө жүрүп да фашисттерге какшаткыч соккуларды уруп жатышты.

1944-жылдын аягында Украина партизандары Совет Армиясы менен бирикти. Партизандарга аскер кийимдери, курал-жарак берилип армия катарына кабыл алынды. Ураимжан Мамитов сержант чининде отделениенин командири болуп, экинчи жана үчүнчү Украи-

на фронтторунун курамында Украинаны толук бойдон бошотууга катышты. Андан соң Карпат тоолорун ашып өтүшүп, Польшанын чегиндеги немистик фашисттердин ташын талкан кылышты. Согушта корсоткон эрдиктери үчүн, “Улуу ата Мекендик согуш”, “Кызыл жылдыз” ордендери жана бир канча медалдар менен сыйланган.

Ураимжан Мамитов согуштан кийин оз мекенине келип, узак жылдар бою колхоздо суучу болуп иштеди. 1977-жылы бул дүйно менен кош айтышты.



## ОКУУГА БАРБАЙ, СОГУШКА КЕТТИ



Тургунбай Мамадалиев орто мектепти бүтүрүп, жогорку окуу жайына барам деп максат кылып жүргөн эле. Тилекке каршы, ал мектепти бүтүргөн жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып кетти. Аны менен бирге окуган теңтуштарынын бардыгы согушка кетишти. Тургунбай жашы он сегизге жетпегендиктен аны аскерге чакырышкан жок. 1942-жылдын жазында ал колхозго секретарь болуп калды. Антии-минткиче жашы он сегизге толуп, ага да аскерге чакыруу кагазы келди. 1943-жылдын март айы эле. Алар түшкөн эшелон Казакстандын Актюбинск шаарына барып токтоду. Жаш жоокерлер аскердик кийимдерин кийип, машыгууларга киришип кетишти...

Ошол жылы сентябрь айында Тургунбай кызмат өтөп жаткан 395-запастагы полктун жоокерлери Орша шаарына жиберилди. Бул жерде алар Белоруссия фронтунун 892-полкуна кабыл алынды. Шаардын батыш тарабында жүрүп жаткан согуштун даңк-дүңкү кулакка кадимкидей угулуп турат. Ушул жерде Тургунбай немистер менен бетме-бет келип, салгылашты. Далай немистин жоокерин жер тиштетти. Орша шаары үчүн болгон согушта Тургунбайдын башына осколка тийип, жараланды. Санчастта дарыланып алып, кайрадан согушка кирип кетти.

1944-жылы февраль айында Витебск шаарын бошотуудагы салгылашууда оң бутуна ок тийип, оор жарадар болот. Аны Тбилиси шаарындагы аскердик госпиталга жиберишти, андан Арменияныя Киров шаарындагы госпиталга которушту. Айыгып чыкканы менен согушка жараксыз эле. Ошол жылдын ноябрь айында Тургун-

бай Мамадалиевди согуштун майыбы катары оз мекенине жибериштти.

Айылына келгенден кийин "Большевик" колхозунун фермаларында эсепчи болуп иштеди. 1951-жылы Фрунзе шаарындагы колхоз жетекчилерин даярдоочу эки жылдык курска жиберилет. Курсту 1953-жылы бүтүрүп, колхоздун торагасынын орун басары, торагасы, партиялык уюмдун секретары жана башка жетекчилик кызматтарда иштеди. Турмуш куруп, үч уул, алты кыздуу болду. Уул-кыздарын озүно окшотуп эмгекти сүйүүго тарбиялады. Тургунбайды эл ар дайым кадырлап, анын созүн жерде калтырбай колдоп жүргон.



## АЙЫЛДАН ЧЫККАН АРТИЛЛЕРИЯЧЫ



Узакжан Карабаев 1919-жылы 10-май күнү Масы айылында туулган. Мектепте окуп, 7 жылдык билимге ээ болгон. Он жети жашынан "Большевик" колхозунда алгач табелчи, анан колхоз башкармасынын мүчөсү болуп иштеген. Колунан иш келген чечкиндүү кадр болчу.

1940-жылы аскерге чакырылып. Россия Федерациясындагы 309-артиллерялык полкко түшкон. Аскердик машыгуулардан өтүп, жоокердик тартипке үйрөнүп калган кезде немистик фашисттер СССРге күтүүсүздөн кол салды. Каардуу согуш башталып, Узакжан Карабаев кызмат өтөп жаткан полк согушка тартылды. Полктун курамында Узакжан аке Польша, Румыния. Чехословакия мамлекеттеринин чегинде далай айыгышкан салгылашууларга катышты. Бир өзү бир нече фашист жоокерлерин атып өлтүрдү.

Согуштагы эрдиктери үчүн "Улуу Ата Мекендик согуш" ордени, "Германияны жеңгендиги үчүн" медалы менен сыйланган. Согуш ССРдин жеңиши менен аяктагандан кийин, Узакжан Карабаев 1946-жылы аскерден демобилизацияланып, өз айылына келген. Аскерден келери менен эле мурда өзү иштеп кеткен "Большевик" колхозунун пахтачылык бригадасында табелчи, Масы айылдык кеңешинде бухгалтер, айылдык кеңештин төрагасы болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыккан.

Айылдык кеңештин катарынан алты жолку чакырылышында депутаттыкка шайланып, Масы айылынын өсүп-өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Анын эл үчүн кылган эмгегин эли эч качан унутпайт.

# ЛЕНИНГРАДДЫ БЛОКАДАДАН БОШОТКОН



Шеркозу Кыргызбаев 1917-жылы Сузак районундагы Кызыл-Туу айылында туулган. Ал жаштайынан эле дыйканчылыктын сырларын жакшы оздоштүрүп алгандыктан айылдагы "Кызыл-Байрак" колхозунда дыйкандардын эң алдыңкы сабында турган. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда оз ыктыяры менен Советтик Армиянын катарына кирген. Аскердик машыгуулардан отүп жаткан учурда мылтык, кол пулемёт атканды жакшы оздоштүрүп алган. Генерал Тимошенконун армиясынын курамында согушка катышып, канчалаган фашисттерди таамай атып, оңкосунан кетирген. Ленинград шаарын немистердин курчоосунан бошотууга да активдүү катышкан. Салгылашууларда корсоткон эрдиктери үчүн "Улуу Ата Мекендик согуш" ордени жана бир нече медалдар менен сыйланган.

Катуу салгылашуулардын биринде оор жарадар болуп, госпиталга жатып дарыланган. Дарыланганы менен дарыгерлердин согуштук аракеттерге катышууга жараксыз деген тыянагынын негизинде 1944-жылы 1-мартта аскерден бошотулуп, оз мекенине келген. Аскерден келгенден кийин пенсия жашына чейин колхоздо эмгектенген.



Аскар Жумагулов 1926-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал али он алтыга да толо элек бочу. “Кызыл Туу” колхозуна мүчө болуп кирип, жайкысын сууучу болуп пахта сугарса, күзүндө пахта терими башталгандан кырманда иштеди. Абдан тартиптүү бала болгондуктан, бригадир эмне ишти тапшырса да көңүлдөгүдөй кылып аткарууга аракет кылаар эле.

1944-жылы жашы он сегизге толгон кезде райондук аскер комиссариаты тарабынан чакырылып, аскерге жөнөп кетти. Саратов талааларында аскердик машыгуулардан өтүп, мылтык атууну, согуштун ыкмаларын жакшылап үйрөнүп алды. Ошол кезде согуш батышты карай сүрүлүп жүрүп отуруп, Польшанын аймагына өтүп калган болчу. Аскар Жумагулов душман менен Польша жеринде бетме-бет келди. Польша жерлери душмандан бошотулгандан кийин, душман армиясы андан ары чегинип отуруп, өз жери – Германияга кире качты. Ал жерде да өтө катуу салгылашуулар болду. Анткени немис армиясы да өз жерин коргоп калуу үчүн бар күчүн үрөп жатты. Бирок бари-бир алардын жеңилиши айкын эле.

Фашисттик Германия жеңилгенден кийин, Аскар Жумагулов да көптөгөн Советтик жоокерлер катары өз мекенине кайтып келди. Кайтып келген соң, “Москва” колхозунун пахтачылык бригадасында пенсияга чыкканга чейин катардагы колхозчу болуп, ак эмгек менен маңдай тер төгүп иштеди. Согуштагы эрдиктери “Улуу Ата Мекендик согуш” ордени жана медалдар менен бааланган.

## КЫРК ЖАШЫНДА КЫРГЫНДЫ КӨРГӨН



Хамракул Эргашов 1903-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин жеке дыйкан болуп иштеп жүрдү. Масыда колхоз уюшулганда колхозчу, арабакеч болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда эле алгачкылардан болуп согушка аттанды. Аскердик машыгуулардан откон соң, 1088-аткычтар полкуна барып кошулган. Россиянын бир нече шаарларын душмандан коргоого катышкан.

Ал 1941-жылдан 1944-жылга чейин жалаң согуш оту алоолоп турган шаар жана кыштактарда немистик фашисттерге каршы согушкан. 1944-жылдын күзүндо от кечип согушуп жүргон күндөрдүн биринде оор жарадар болуп, госпиталга түшот. Бир нече ай госпиталда дарыланганы менен ден соолугу согушка жараксыз болгондуктан, 1945-жылы аскерден бошотулуп, туулган айылына кайтып келген. Эрдиктери үчүн бир канча медалдар жана тош белгилер менен сыйланган.

Согуштан кайткандан кийин, омүрүнүн акырына чейин Масы айылындагы “Большевик” колхозунда катардагы кохозчу болуп эмгектенди. Анын жаркын элеси жердештеринин жүрогүндо түбөлүк сакталат.

## ЖИГИТ КЕЗИН ВАРШАВАДА СЫНАГАН



Бекеш Нурумбетов 1924-жылы Масы айылында туулган. Он сегиз жашка жаңыдан толгон кезде, 1942-жылы Ленин райондук аскер комиссариаты аны аскердик милдет отоого чакырат. Эми теңтуштары менен шапар тээп ойноор маалында, мекендин оор жүгүн мойнуна алып, согушка кетти. 85-запастык полкко барып, машыгуулардан ото баштаганда алгачкы ирет колуна курал кармады. Эң оболу курал атууну оздоштүрүп, андан кийин согуштук тактикаларды да кунт коюп үйрондү. Өзүнүн зээндүүлүгүнүн натыйжасында көп нерсени тез эле үйронүп алды.

Машыгуулар аяктап, 1943-жылы 118-аткычтар полкунун курамына кошулду. Ошондо он тогуз жашка кадам койгон кези эле. Автоматтардын татыраганы, замбиректердин гүмбүрогон коркунучтуу үндорү алгач согушка кирген учурда жүрөгүн бир болк эткизген. Согушка өзү да аралашып кеткен соң, коркуу эмне экенин сезбей да калды. Ошентип, фашисттер менен салгылашууга кирипти. Ар мүнөттө ажал келип калышы мүмкүн болгон мындай апаат согушта аны бир Кудай, анан озүнүн шамдагайлыгы сактады окшойт.

Ал он тогуз жашында Польшанын борбору Варшава шаарын бошотууга активдүү катышкан. Ага чейин Россиянын бир топ шаар, кыштактарын бошотушкан эле. Кырчындай жигит 543-танкалык дивизиянын 24-аткычтар полкуна которулгандан кийин кырчылдашкан салгылашуулар менен жүрүп отуруп, жеңиш күнүно чейин немистер менен согушкан.

Бекеш Нурумбетов согуштагы эрдиктери үчүн бир канча медалдар жана тош белгилер менен сыйланган.

1946-жылы аскердик кызматтан бошотулуп, оз мекенине кайтып келди. Аскерден келгенден кийин да кудум аскердегидей кужурмондуулук менен оз мекени үчүн эмгек отөдү.



## ОН СЕГИЗ БАЛАДАН БЕШӨӨ ГАНА КАЙТКАН



Абдыкерим Асанов 1924-жылы Ноокен (андагы Ленин) районунун Масы айылында туулган. Масы айылындагы №1-Ленинжол мектебинен 7-классты бүтүргөн. 1942-жылдын сетябрында аны райондук аскер комиссариаты аскердик милдет өтөөгө чакырган. Ошондо Абдыкерим менен бирге Ленин районунан дагы он жети бала бир күндө аскерге жөнөтүлдү.

Жалал-Абадга чейин жөө келишип, темир жол станциясынан поездге отурушуп, батышты коздой жөнөштү. Ташкент шаарына жеткенде ал жерден да аскерге чакырылгандар кошулуп, узун бир эшелон түзүлүп, ал эшелон Россияны коздой багыт алды. Саратов шаарында эшелондогу жигиттердин бардыгын түшүрүп, ошол жерде аларды батальон, рота, взвод жана отделениелерге болуп, полк түзүштү. Ошентип, ички аскерлердин запастагы 5-полку түзүлдү. Жоокерлерди командирлери менен тааныштырган соң, аскердик машыгуулар башталды. Үч айлык машыгуулар аяктап, аларды эми согуштук бөлүктөргө бөлүштү. Ошондо Ленин районунан чогуу барган он сегиз бала ар башка бөлүкторго бөлүнүп кетти.

Абдыкерим Асанов алгач 121-ички аскерлер полкуна түшүп, Сталинград темир жолунун станциялары менен копүрөлорүн коргоодо кызмат отодү. Кийинчерээк 91-полкко которулуп, согуштук аракеттерге катышты. Душман менен далай ирет бетме-бет салгылашууларга туш келип, биздикилер үстүн келгенинин күбөсү болду. Согуш жылдарында “Улуу Ата Мекендик согуш” ордени жана бир топ медалдар менен сыйланган.

Ал 1946-жылы аскерден кайтып келип, Ленин райко-

мунда инструктор, болум башчы болуп иштеди. Кийинчерээк Октябрь райкомунун секретары болду. Октябрь району жоюлуп, Сузак районуна бириктирилгенде ал кайра Ленин районуна келип, Карл Маркс атындагы колхозго төрагалыкка дайындалган. Ленин районунан өзү менен бирге согушка кеткен балдарды согуштан кийинки жылдары сурап-сурүштүрүп жүрдү. Чогуу кеткен он сегиз баладан болгону бешөө гана тирүү келгени маалым болду.

Абдыкерим Асанов Ленин жол орто мектебинде мугалим болуп иштеп жүрүп, 1976-жылы бул жарык дүйнө менен кош айтышты. Анын эл үчүн күйүп-бышып кылган эмгеги узак жылдар бою унутулбай кала бермекчи.





Арапбай Кадыров 1905-жылы азыркы Ноокен (мурдагы Ленин) районунун Масы айылында туулган. Масы айылында "Большевик" колхозу түзүлгөндө, колхозго мүчө болуп катталып, түрдүү жумуштарды аткарып жүрдү. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда айылдагы бардык эр жеткен эркектер катары ал да аскерге чакырылып, мекенди коргоо үчүн батышты көздөй сапар тарткан.

Ал фашисттик баскынчылар менен 2-Белоруссия фронтунда согушту. Гитлердик Германия толугу менен басып алган Белорус жерин душмандан кайра тартып алуу үчүн айыгышкан согуштар болгон. Мына ошол согуштарда Арапбай Кадыров зор эрдик менен салгылашып, далай немис жоокерлерин жер тиштеткен. Ошондо анын күчкө толуп турган кези болчу, душман менен бет-маңдай келип, кээде кол менен мушташа кеткен учурлар болгон. Андай учурларда Арапбайдын муштумунун соккусуна эч бир немис чыдай алган эмес. Арапбайдын муштуму таамай тийгенде, ар кандай немис жоокери оңкосунан кетип, эс-учун жоготчу. Кээ бирлери ошол эле жерден мүрт кетчү.

Мылтык менен атышуу учурунда да Арапбай мээлеген жоону тирүү койчу эмес, себеби анчалык таамай аткан жоокер чанда кездешер эле. Согуш деген согуш экен, канчалык этиет болсоң да адашкан ок жаңылып, тийип кетиши мүмкүн экен. Арапбай Кадыровго да катуу салгылашуулардын биринде ок жаңылды. Оор жаракат менен госпиталга түшкөнүн өзү билген да жок. Көзүн ачкан кезде аппак бир бөлмөнүн ичинде, аппак шейшепте жатканын, ал эми бүткүл денесин зыркыраткан ооруу чыдатпай баратканын билди…

Ошентип, госпиталда дарыланып чыккандан кийин аскердик врачтык комиссиянын тыянагы менен ал экинчи топтогу согуш майыбы деп табылып, согушка жараксыз катары оз мекенине жонотулду. Согуштагы эрдиктеринин натыйжасында биринчи даражадагы "Улуу Ата Мекендик согуш" ордени, бир топ медалдардарга татыктуу болду.

Согуштан кайтып келгенден кийин оз жериндеги колхоздо чын коңулу менен ар турдуу колхоз иштерин аткарып жүрдү. Пенсияга чыккандан кийин деле кара жумуштан кол үзгон жок. Өзүнүн ак эмгеги менен өзүнөн кийинки муундарга үлгү болуп, озу тууралуу элдерде жакшы таасирлерди калтырып кетти.





Ахмаджан Закиров 1924-жылы Масы айылында туулган. Масы айылындагы Ленин жол мектебинде окуп, орто билимге ээ болгон. 1942-жылы сентябрда аскерге чакыруу кагазы Ахмаджанга да келди. Муну ал озү да күтүп жүргон, себеби ал кезде он сегизге толгон балдарды четинен аскерге чакырып жатышкан эле.

Ал Саратов шаарындагы 5-запастык полкко барып түшүп, ошол жерде аскердик машыгуулардан оттү. Ары сабаттуу, ары зирек жигит курал атууну, аскердик аракеттерде өзүн алып жүрүүнү мыктылап өздөштүрүп алды. 1943-жылдын январь айында Москвага жакын Смоленск шаарындагы 628-аткычтар полкуна бөлүнүп, ошол жерден анан согуштук аракеттерге катыша баштады.

Согуштук аракеттерге катышып жүргон жеринен катуу ооруп калгандыгынан, аскердик медициналык комиссия аны согушка жараксыз деп тыянак чыгарып, аскерден бошоткон. Согуштан бошонуп келген соң, ал эки-үч жыл "Большевик" колхозунун кецсесинде иштеди. Андан кийин райондук милицияга кызматка кирип, узак жылдар бою паспорт жана виза болумүнүн башчысы болуп иштеди. Пенсияга жашы жеткенге чейин милициянын капитаны чинин алып. анан ардактуу эс алууга чыккан.

Өмүрлүк жубайы Хукуматхан менен 8 перзенттүү болушуп, алардын бардыгына татыктуу тарбия берип, турмуш жолуна аттандырышты.



Абдуллажан Юлбарсов 1924-жылы азыркы Ноокен районунун Масы айыл аймагына караштуу Беш-Жыгач айылында туулган. Айылдагы башталгыч мектепте окуп, 4 класстык билимге ээ болгон. Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы жылдарында колхоздо иштеп, башкарма тарабынан тапшырылган ар кандай иштерди аткарып жүрдү. Анын айылдаш теңтуштары биринин артынан бири аскерге кетип, айылда ал теңдүү балдар дээрлик калбаган.

1943-жылы Абдуллажан да аскерге чакырылды. Ал учурда Советтик Армия фашисттик баскынчыларды СССРдин чегинен сүрүп чыгып, Европа мамлекеттеринин чегине жетип калган болчу. Абдуллажан согушка Румыния мамлекетинин аймагында катышты. Румындардын бир катар шаарлары менен айылдарын немистик баскынчылардан бошотууга өзүнүн жоокердик салымын кошту. Согуштагы эрдиктери үчүн бир топ медалдар жана төш белгилер менен да сыйланды.

Согуш бүтүп, өз мекенине кайтып келгенден кийин, алгач Базар-Коргон районунун Сейдикум айылындагы Фрунзе атындагы колхоздо текшерүү комиссиясынын торагасы, кийин пахтачылык бригадасында бригадир болуп узак жылдарга чейин иштеди.

Согушта алган жаракаттарынын залакасы кийинчерээк дагы таасирин тийгизип жүрүп, Абдуллажан Юлбарсов 1986-жылы бул дүйнө менен кош айтышты. Анын эрдиктери, эмгеги эч качан унутулбайт.

## ЖООКЕРЛЕРДИН АКСАКАЛЫ



Абдуллажан Куватов 1902-жылы мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районунун Масы айылында кедей дыйкандын үй-бүлосүндо туулган. Жаштайынан кара жумуш иштеп күн кечирген. "Большевик", "Кызыл октябрь" колхоздорунда колхозчу болуп иштеген.

Советтик Армиянын катарына ал 1942-жылы сентябрь айында чакырылган. Ошол кезде аскерге чакырылгандардын арасында эң аксакалы болчу. Адегенде 209-запастык полкко түшүп, ал жерде аскердик машыгуулардан өтүп, аткыч болуп даярдалган. Ал эми 1943-жылдын сентябрынан 1944-жылдын ноябрь айына чейин 191-аткычтар полкунун курамында Смоленск, Ростов-на Дону шаарларында, ушул эки шаардын ортосундагы айыл кыштактарда согуштук аракеттерге катышкан.

Согушта бир нече жолу жараланып, санитардык бөлүктөрдө дарыланып, кайра эле согушка кирип кеткен учурлары болгон. Салгылашууларда корсоткон эрдиктери бир нече медалдар менен бааланган.

Согуштан кайткандан кийин, карылыгы жетип, пенсияга чыкканга чейин "Большевик" (кийинчерээк "Москва" колхозу болуп аты өзгөртүлгөн) колхозунда пахтачылыкта эмгектенди. Пенсияга чыгып, картайып калган кезинде да дыйканчылыкты таштаган жок.



Ага-ини Нурдин Исмаилов 1907-жылы, Шамшидин Исмаилов 1910-жылы азыркы Ноокен районундагы Масы айыл өкмөтүнө караштуу Богот айылында төрөлүшкөн. Согуш башталганга чейин булар Масы айылындагы Кызыл-Туу колхозунда колхозчу болуп иштеп турушкан. Улуу Ата-Мекендик согуш башталган жылы бир тууган ага-инилер биринин артынан бири согушка кетишет.

Нурдин Исмаилов Украинанын Харьков областындагы салгылашуулардын биринде оор жараланат. Кавказдын Пятигорск шаарындагы аскер госпиталында дарыланып, аскердик медициналык комиссиянын чечими менен согушка жараксыз деп табылып, туулган айылына кайтып келген. Үйүнө келгенден кийин кайрадан колхоздо иштеп калат. Колхоздо иштеп жүргөн убагында, 1943-жылы кайрадан Советтик Армиянын катарына чакырылып, эмгек фронтуна жиберилип, Өрёл, Тула, Воронеж шаарларындагы согушта талкаланган темир жолун кайра калыбына келтирүү иштерине катышкан.

Советтер Союзу фашисттик Германияны жеңгенден кийин, 1945-жылы сентябрь айында Нурдин Исмаилов кайра демобилизацияланып, туулуп-өскөн айылына келет. Кайрадан колхоздун ишине аралашып, согуш мезгилинде начарлап кеткен колхозду кайра оңолтууга өзүнүн ак эмгеги менен салым кошот. Өмүрлүк жубайы менен биргеликте беш уул, беш кызды тарбиялап чоңойтуп, эл катарына кошкон. Ардагер 1989-жылы дүйнөдөн кайткан. Азыр анын 40тан ашык небере-чөбүрөлөрү бар.

Нурдин аксакалдын бир тууган иниси Шамшидин

агасынан кийин эле согушка аттанып, ошол бойдон андан дарек болгон эмес. Агасы Нурдин согуштан келгенден кийин өмүрүнүн акырына чейин инисин эстеп, бүгүн болбосо, эртең келип калат деген үмүт менен жашап өттү. Мүмкүн Шамшидин Исмаилов да канчалаган салгылашууларга катышып, канчалаган фашисттин солдаттарын жер менен жексен кылган чыгар. Кантсе да Ата-Мекенди душмандан коргоо үчүн аскерге кеткен бул адамды ушундай жакшы күндөрдө эскерип койгонубуз ашыкчалык кылбас.



# АЛТЫ ЖЫЛ АСКЕР КАТАРЫНДА



Маматкадыр Аракулов 1922-жылы мурдагы Ленин районунун Ленин-Жол айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1934-жылы башталгыч, 1940-жылы орто мектепти бүтүрөт. Мектепти бүтүргөндөн кийин бир жыл Базар-Коргон районунда башталгыч мектепте мугалим болуп иштеди. 1941-жылдын 12-декабрында бардык аскерге жарактуу эркектердин катарында Маматкадыр Аракулов да аскердик милдет отоого чакырылды. Болгондо да, аскердик милдетин кан күйгөн согуш майданында өтөөгө туура келди. Улуу Ата-Мекендик согуш бүткөнгө чейин фронтто жүрүп, согуш бүткөндөн кийин, 1947-жылдын аягына чейин дагы эки жыл аскер катарында калып, кыйраган шаарларды, талкаланган завод-фабрикаларды кайра калыбына келтирүү иштерине активдүү катышты.

Аскерден бошонуп келгенден кийин бир жыл колхоздун бухгалтеринин жардамчысы, бир жыл "Кызыл-Октябрь" колхозунун чарба бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Андан соң, 1951-жылдан 1959-жылга чейин чарбанын түрдүү жооптуу иштеринде иштеп жүрдү. 1959-жылдан баштап, пенсияга чыкканга чейин токой чарбасында эмгектенди. 1968-жылы Ташкент шаарындагы айыл чарба техникумун сырттан окуп бүтүрүп, Ленин токой чарбасынын Кара-Мисте токойчулугунда токойчунун жардамчысы, токойчу болуп иштеди.



Бакир Таджиматов 1905-жылы Масы айылында туулган. Өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында Кызыл Армиянын курамында, легендарлуу генерал Эргеш Алиев менен биргеликте кызмат отоп, басмачыларды жок кылууда коптогон эрдиктерди көрсөткөн. Басмачылардын башчысы Эргеш аттуу корбашынын артынан сая түшүп, Хива шаарына чейин кубалап барып, колго түшүргөн. Корбашынын бир куржун алтын теңгелерин Пишпек шаарына алып барып, мамлекетке өткөрүп берген. Ошол кездеги аскер башчы М. В. Фрунзе менен жолугушуп, анын колунан баалуу сыйлык алган. Айылдагылар ага “Кызыл Бакир” деп ат коюп алышкан.

Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда биринчилерден болуп, оз ыктыяры менен мекенди коргоого аттанган. Согуштун алгачкы жылдарында аттуу аскерлер дивизиясында кызмат отоду. 1943-жылы Панфилов шаарында атактуу жердешибиз Рахманжан менен бир аскердик бөлүктө немистер менен салгылашкан. Ошондо баатырларча курман болгон Рахманжанды өз колу менен жерге бергенин омүрүнүн акырына чейин эстеп, балдарына айтып берип жүргөн.

Согуш бүткөндон кийин да Советтик Армиянын курамында калып, дагы беш жыл кызмат отоп, Берлин шаарында СССРдин Туусун кайтарып турган. 1950-жылы гана аскерден кайтып келип, бүт эмгегин эли-жерине арнады. Кыргыз айыл чарба институтун бүтүрүп келип, алгач Арстанбап айылдык Советинин төрагасы, кийинчерээк Ленин райкомунда секретарь, анан дагы башка жооптуу кызматтарда иштеди. Ленин райкомунда иш-

теп жүргөн учурунда райондун борборундагы эс алуу багынын түптөлүшүнө чоң салым кошкон. Кийинчерээк Таш-Көмүр шахтасынын жетекчиси болуп иштеп туруп, 60 жашында кайрадан Ленин районуна келип, базар башчысы болуп 20 жыл эмгектенди.

Бакир Таджиматов Согуштагы эрдиктери, согуштан кийинки партиялык иштердеги активдүү эмгеги үчүн коптөгөн медалдар менен сыйланган. 1988-жылы көзү откону менен анын эмгектерин эл унуткан жок. 1993-жылы Масы айылындагы көчөлөрдүн бирине анын аты коюлду.



# АЧКАЧЫЛЫК МЕНЕН АРБАШКАН



Жуманали Тайлаков он сегиз жашында өз мекенин душмандан коргоо үчүн өз ыктыяры менен согушка аттанган. Эми эле он сегизге толгон бала бойлуу, бакубат болгондуктан анчамынча кыйынчылыктарга моюн бербеди. Жаш экенине карабай, немистик баскынчылар менен бетме-бет атышууларда далай фашистти жер тиштетүүгө жетишти. Кыймыл аракети чапчаң болгондуктан далай немистин огунан буйтап аман калган.

Согуш учурунда анын отряды далай ирет душмандын курчоосунда калып, ачкачылык менен арбашкандарын, душмандын огунан өлбөй, ачкачылыктан өлүп кетебизби деп, кайгыга далай батышканын балдарына, неберелерине көп ирет айтып берчү экен. Ал айтып берген мындай бир окуя неберелеринин эсинде калыптыр: Жуманалы кызмат кылган отряд катуу айыгышкан согушка кирип, көптөгөн жоокерлер ал согуштан чыкпай калышат. Булардын отрядында аз гана жоокер калат. Ошого карабай, отряд азчылык болсо да, немистердин артынан калбай алга карай жылып жүрүп отурат. Ошентип, фронт сызыгынан душмандын тылына карай бир канча километр тереңдеп кирип кетишет. Ошол учурда буларга артка кайтуу буйругу берилет. Душман качып баратып өздөрүнүн артында эч бир бүтүн үй, тирүү жан калтырган эмес экен. Жадагалса, өзөк жалгаарлык бир нерсе калтырбай, машиналарына жүктөп алып кетишиптир.

Жуманалинин отряды артка кайтып келе жатып кыштак четинде бузулбай бүтүн калган бир үйгө туш келишет. Ал үйдө жалгыз карыган кемпир калыптыр.

Советтик жоокерлерди коргон кемпир сүйүнгонүнон, жүгору талаасынын ичинде немистердин бир машинасы жүгү менен турганын айтат. Жоокерлер жүгору аянтын дароо курчап алып, андагы фашисттерди колго түшүрүп, машинаны алып чыгышат. Ал машинага немистер жалаң азык-түлүктордү жүктоп коюп, алып кетүүго үлгүрбой калышкан экен. Бир нече күн ачка жүргон жоокерлер ошондо курсактарын жакшылап тойгузуп алышып, кайрадан фронтко аттанышкан экен...

Жуманали Тайлаков 1945-жылы бутунан оор жарадар болуп, согуштан кайтып, оз элине келген. Андан кийинки тынчтык жылдарында гүлдоп-оскон олкобүздүн экономикасына озүнүн карапайым эмгеги менен аз да болсо салым кошууга жарады. Эгер ал тирүү болгондо, быйыл 91 жашка чыкмак. Анын жаркын элесин небере, чобүролорү, айылдаштары эч качан унутушпайт.



## БАЛА ЖООКЕР



Адилбек Сатаровду бала жоокер деп атоого негиз бар. Анткени ал 17 жашында согушка катышкан. 1926-жылы туулган Адилбек үй-бүлөдө беш бир тууугандын эң улуусу болгондуктан, мектепте 4-классты аяктагандан кийин окуусун улантпай, колхоздо иштеп, өзүнөн кийинки ини-карындаштарын багууда ата-энесине жардам берген.

Он жети жашында, башкача айтканда 1943-жылы аскерге чакырылып, адегенде блокадада калган Ленинград шаарын баскынчылардан бошотууга катышат. Ленинград шаарын фашисттерден толук тазалашкандан кийин Адилбекти бир топ жоокерлер менен кошо Ыраакы Чыгыштагы Владивосток шаарына жиберишет. Анткени ошол жылдарда Германиянын союздашы болгон Япония СССРдин чыгыш тараптагы чек арасына жакын жерге өз аскерлерин алып келип, мамлекетке коркунуч салып турган.

Фашисттик Германия жеңилип, биротоло багынгандан кийин Япония менен болгон согушка да катышкан Адилбек Сатаров согушта далай кыйынчылыктарды башынан өткөрүшкөнүн ар дайым өзүнөн кийинки муундун окуулдоруна айтып берчү эле. Согуш бүткөндөн кийин дагы төрт жыл Советтик Армияга кызмат кылып, 1949-жылы өз элине кайтып келген. Андан кийинки өмүрүн бүт бойдон эмгекке арнап, чарбанын түрдүү иштерин аткарып жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Анын согуштагы эрдиктери, чарбадагы эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, бир топ медалдар жана баалуу белектер менен сыйланган.

## ГВАРДИЯЧЫ КАВАЛЕРИСТ



Макамбай Орозматов 1923-жылы 8-мартта азыркы Ноокен районунун Богот айылында туулган. Орто мектептен билим алып, 10-классты бүтүргөндөн кийин, 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталаардан мурдараак, февраль айында аскерге чакырылды. Адегенде 44-резервдик кавалерия полкунда аскердик тактиканы үйрөндү. Аңгыча согуш башталып кетип, аталган полктун курамында согушка кирген.

1943-жылдын май айынан 236-мотоаткычтар полкуна которулуп, бул полктун курамында 1944-жылдын декабрына чейин согушкан. Айыгышкан салгылашуулардын биринде жараланат да, госпиталга түшөт. Госпиталдан айыгып чыккандан кийин запастагы 125-мотоаткычтар полкуна жиберилген. Ал жерде взводдун командиринин орун басары болуп кызмат өтөйт. Кийинчерээк 152-мотоаткычтар полкуна өтүп, бул полктун курамында 1947-жылдын апрель айына чейин аскердик кызматта болду. Согуш биздикилердин жеңиши менен аяктагандан кийин дагы эки жыл Ата-Мекен үчүн кызмат кылып берди.

Аскерден кайткандан кийин, өзү туулуп-өскөн айылдагы колхоздо колхозчулуктан баштап, талаачылык бригадасынын бригадири жана башка бир топ жооптуу иштерди аткарып жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Согуш жылдарында биринчи даражадагы “Ата-Мекендик согуш” ордени, “Германияны жеңгени үчүн” медалы менен сыйланса, согуштан кийинки жылдарда Улуу Жеңиштин бир нече юбилейлик медалдары жана “Эмгек ветераны” медалы менен сыйланууга татыктуу болгон.

Өмүрлүк жубайы Салима менен эки уул, эки кыздуу болуп, аларды татыктуу тарбиялап, эл катарына кошушту.

Макамбай аксакал 1987-жылы кайтыш болду. Артында анын балдары, эл оозунда анын жакшы сапаттары, ак эмгеги айтылып калды. Азыркы учурда анын балдарынан тараган 25 небереси, 43 чобүросү бар. Алардын бардыгы ыймандуу, тартиптүү инсандардан болушкан.



# АЙЫЛДАГЫ БИРИНЧИ КОМСОМОЛ



Нурпазыл Бегматов 1926-жылы азыркы Базар-Коргон районундагы Беш-бадам айылында туулган. Мектепте жакшы окуп, активист окуучулардын бири болгон. Ошол учурда айылда жаңыдан түзүлүп жаткан комсомол уюмуна биринчилерден болуп мүчөлүккө өткөн. Комсомолго мүчө болгондон кийин өзүн мамлекет алдында эки эсе жоопттуу сезип, комсомол уюму тарабынан берилген ар кандай тапшырманы так аткарууга аракеттенди. Мектепте окуу менен бирге колхоздо табелчи болуп да иштеп жүрдү. Ал кезде комсомолдун мүчөсү ар кандай жакшылык жана жамандык иштерде алдыңкы катарда туруп, башкаларга үлгү көрсөтүүсү керек эле. Ошол себептүү Нурпазыл да 1942-жылы 16 жашында эле ыктыярдуу түрдө өз каалоосу менен аскерге кеткен.

Фергана өрөөнүнөн чакырылгандарды Ташкент шаарынан поездге жүктөп, Новокузнецк шаарына алып кетишет. Станцияга жакын жердеги токойдо жайгашкан 104-аткычтарды окутуу полкуна түшөт. Бир нече ай окуу-машыгууларынан өткөн соң, 1000 жоокерди Москва шаарына алып барып, ал жерден согуштук аскер бөлүктөрүнө бөлүштүрүштү. Москвадан 60 километр батышта турган Нарофоминск районундагы 238-танкалык бригаданын курамында 167-аткычтар батальону бар эле, Нурпазыл ушул батальондо аскердик милдетин өтөп калды.

Москваны душмандан коргоо үчүн аябагандай оор согушту башынан өткөрдү. Кыштын күнү кардын калыңдыгы 2 метрге чейин жетет. Согушуп жылып кетип бара жатып, согуштук техникалар саздакка батып калган

учурлар болду. 1943-жылы 238-озгочо танкалык гвардиячылар бригадасы Нарофоминск районуна кайтып, толукталып алып, полковник Тиминдин жетекчилигинде кайрадан фронтко кирип кетти.

167-мото-аткычтар батальонун Нехорошков деген командир башкарып турган. Ал өзү да абдан чечкиндүү, күчтүү командир эле. Жоокерлерди да эр жүрөктүк менен чечкиндүүлүккө үндөп, бир далай чабуулдарда немистердин үстүнөн жеңишке жетишкен. Гвардиячы танкисттердин бригадасы жүктөлгөн эшелон Воронеж шаарынан өтүп, Ворошиловград шаарынын жанында токтоду, анткени немис самолёттору катуу бомбалап, темир жол менен көпүрөлөрдү жараксыз абалга келтирген эле. Ошол жерден танктар тездик менен платформалардан түшүрүлүп, дароо согушка кирип кетишти. Ошондогу салгылашуулардан кийин Нурпазыл Бегматовду "Күжүрмөн эрдиги үчүн" медалы менен сыйлашып, взводдун командири этип дайындашты. Себеби ошол салгылашууда көптөгөн жоокерлер менен бирге командирлер да каза болушкан эле.

Танкалык бригада 1943-жылы октябрда Зеленое, Знаменка, Каменка аттуу чоң кыштактарды фашисттерден бошотуп, Никополь шаарына жакындашты. Ошол жыл Советтик жоокерлер үчүн өтө оор жыл болду, фашисттерди талкалап, артка сүрүп жатышканы менен көптөгөн жоготуулар да болду. Бегматов да жараланып, талаа госпиталында дарыланып чыгып, кайрадан согушка кирди. 1944-жылдын 22-январынан 23-январына өтөр түнү Днепр дайрасын кечип өтүп, Никополь шаарын ээлешти. Севань көлүн кечип өтүп, Крымды бошотушту...

Башынан бир канча оор салгылашууларды өткөрүп, бир нече жолу жараланып, айыгып, жеңиш күнүнө чейин жеткен Нурпазыл Бегматов согуштан кийин аман-эсен өз жерине кайтып келди. 1947-1951-жылдарда Беш-Бадам селолук советинин төрагасы, 1951-1955-жылдарда райондук аткаруу комитетинин жооптуу катчысы болуп

иштеди. 1956-жылы КМУнун финансы факультетин бүтүргон. 1955-жылдан 1990-жылга чейин алгач Базар-Коргон райондук, андан кийин Ноокен райондук финансы болумүнүн башчысы болуп үзүрлүү иштеди.

Согуштагы эрдиктери үчүн "Кызыл жылдыз", "Ата-Мекендик согуш" ордендери жана коптогон медалдар менен сыйланган. Согуштан кийинки эмгектери үчүн СССРдин финансы министрлигинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Ардак Грамоталары менен сыйланган. Согуштун жана эмгектин ардагери Нурпазыл Бегматов 2002-жылы дүйнодон кайткан.



## ОҢ КОЛУНА ОК ТИЙГЕН



Өсөр Эрчороев 1913-жылы 10-октябрда Ленин районуна (азыркы Ноокен району) караштуу Ленин-Жол айылынын Богот кыштагында туулган. Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда Өсөр 28 жаштагы күч-кубаты толуп-ташкан жигит болчу. Согуш башталгандан көп өтпөй эле Ленин райондук аскер комиссариаты аны аскердик милдет отоого чакырып, фронтко жиберген.

Аскерге чакырылгандан кийин бир нече ай даярдыктан өтүп, 1942-жылдын январында 20-мото-аткычтар полкуна барып түшкөн. Аталган полктун курамында 1944-жылга чейин болуп, далай кыргын согуштарды башынан откорду. Тободон ок жамгырдай жаап турган учурларда жалгыз Кудайдын өзү аны олүмдон сактап турду. Өсөр Эрчороев болсо, бир канча немис жоокерлеринин ажалын колуна карматкан.

Бир нече күндоп-түндөп уйку көрбөй, дем албай, даам татпай согушкан күндор болгон. Басып кетип баратып саамга уктап кеткен учурлар да болгон. 1944-жылы 10-февралда оң колуна ок жаңылып, оор жараланды. Госпиталда бир айдан ашык жатып дарыланганы менен мурдагыдай согуштук аракеттерге жараксыз болуп калды. Аскердик медициналык комиссиянын чечими менен аскерге жараксыз деп табылып, туулуп-оскон жерине кайтып келди.

Согуштан майып болуп кайтып келгени менен айылына келээри менен эле колхоздун ишине аралашып кетти. Анткени ошол учурда колхоздун жумушун жалаң аялдар менен балдар, анча-мынча чалдар, анан Өсөрго окшоп согуштан кайткан майыптар аткарышат эле.

Колхоздогу ушундай оор абалды коргон Өсор Эрчороев майыпмын деп үйдо жатып алууга коңүлү чыдабады.

Колхоздун жоопту иштерин аткарып, башкаларга үлгү корсото баштады. Жылдызы топ келишкен жарга үйлонүп, беш уул, бир кыздуу болду. Балдарынын бардыгын тартиптүү, эмгекти сүйгон, ыймандуу балдардан кылып тарбиялады. Уул-кыздары чоңоюп, ар кимиси өзү сүйгон кесипке ээ болуп, мамлекет үчүн алар да ак эмгек жасашты. Ардагер аксакалдын козү отконү менен азыркы учурда анын атын очүрбой 16 небереси, 7 чобүросү жашап жатат.



## АНДИЖАНДАН КЕЛГЕН ЖИГИТ



Марипжан Саримсаков 1919-жылы Өзбекстандын Андижан шаарында туулган. 1937-жылы Масы айылына көчүп келген. Математиканы жакшы оздоштүрүп, эсеп-кысапка өтө тың болгондуктан ошол кездеги “Большевик” колхозунда эсепчи болуп иштейт. 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда алгачкылардан болуп согушка аттанган. Москва алдында аскердик даярдыктан өткөндөн кийин Москвага жакын жерде артиллериялык полктун курамында согушка катышкан.

Москваны немис фашисттеринен коргоп, аман алып калууда Марипжандын да үлүшү бар. 1944-жылга чейин далай салгылашууларга катышып, далай фашистти жер менен жексен кылган. 1944-жылы Украина жергесинде, Днепр дарыясынын жээгиндеги согушта ал байланыш бөлүмүндө кызмат өтөп жаткан эле. Аскердик бөлүмдүн тапшырмасы менен алдыга карай бара жатып, немистер көмүп кеткен минага жарылып, сол бутунан жараланат. Госпиталда анын сол бутунун тизеден ылдыйкы бөлүгүн кесип салышат, анткени ансыз анын жанын аман алып калууга мүмкүн болбой калган болчу.

Ошентип экинчи топтогу майыптык алып, аскер кызматынан бошотулуп, өз айылына келет. Келгенден кийин колхоз башкармасынын түрдүү тапшырмаларын жоокерлерче аткарып жүрдү. 1947-жылы масылык Исакжанова Ходисахан менен турмуш курган. 6 уул, 4 кыздуу болуп, алардын тортоонө жогорку, тортоонө атайын орто, экөөнө орто билимдүү болуу үчүн бардык шарттарды жаратып берди.

Өзү болсо 1948-жылдан баштап райондук керек-жа-

рак коомунда сатуучу болуп иштеп, пенсияга чыккан. Согуштагы эрдиктери үчүн биринчи, экинчи жана үчүнчү даражадагы "Ата-Мекендик согуш" ордендери, "Германияны жеңгени үчүн" медалы жана бир нече юбилейлик медалдар менен сыйланган. Өмүрлүк жубайы "Баатыр эне" орденинин ээси. Ардагер Марипжан Саримсаков 1991-жылы 18-апрелде бул жарык дүйнө менен кош айтышты.



## ТУТКУНДАН АМЕРИКАЛЫКТАР КУТКАРГАН



Кочкорбай Курбанкулов 1905-жылы Масы айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1938-жылы Үлпат эже менен турмуш курган. 1942-жылы райондук аскер комиссариаты аны аскерге чакырат. Аскердик машыгуулардан өткөн соң, ал кызмат кылган аскер бөлүгү Сталинград фронтуна жиберилген. Эки тараптан тең өтө көп жоготуулар болгону менен тарыхта калган Сталинграддагы согушта 1178-аткычтар дивизиясында кызмат кылган Кочкорбай да Советтик жоокерлердин катарында фашисттерди талкалоого салым кошкон. 1943-жылы аскердик бөлүктөн ажырап, фашисттердин тылына тереңдеп кирип кеткен Кочкорбайдын взводу немистердин колуна түшүп калат. Немистер аларды Польшадагы “Гросс-Розен” концлагерине жиберишет. Колго түшкөн Советтик жоокерлерди концлагерде аёосуз кыйнашып, эң оор жумуштарды аткартышкан. 1944-жылы концлагерден Кочкорбай менен кошо алты туткун качып чыгат. Америкалык жоокерлер аларды куткарып алып, алты ай багып, дарылап, Берлинди алуу үчүн болгон согушка жиберишет. Кочкорбайдын кат-сабаты болбогондуктан, өзүнүн тирүү экени тууралуу эч кимге кат жаза алган эмес, үйдөгүлөрү да Кочкорбайды өлдү деп ойлоп калышкан.

Советтик жоокерлер Берлинди багындырышкандан кийин, Кочкорбай Курбанкулов 1945-жылдын сентябрында үйүнө кайтып келген. Келгенден кийин колхоздун ишинде маңдай тер менен эмгек кылып, эки кыз, беш уулун тарбиялап чоңойтту. Экинчи даражадагы “Ата-Мекендик согуш” ордени, бир нече юбилейлик медалдар менен сыйланган.

## АЛГАЧ ЖООКЕР, АНАН БАНКИР БОЛГОН



Нематжан Исакжанов 1925-жылы 21-сентябрда мурдакы Ленин-Жол, азыркы Масы айылында туулган. 1943-жылы аскердик милдет отоого чакырылган. Эки айлык аскердик даярдыктан өткөн соң, 8-дивизиянын курамында фашисттик баскынчыларга каршы согушка кирген. Ал учурда Германиянын аскерлеринин мизи кайта баштап, Советтик жоокерлер улам алга карай жылып бара жаткан эле. Бирок, ошентсе да тиш-тырнагына чейин куралданган фрицтерди артка сүрүү оңойго турган жок. СССРдин армиясындагы көп улуттуу жоокерлердин ынтымак-биримдиги, коммунисттик партиянын идеясынын күчтүүлүгү, Сталиндин эрки бектиги натыйжасында душмандын мизи майтарылып жатты.


Далай кан күйгөн салгылашууларды, бетме-бет таймашууларды башынан өткөргөн Нематжан катуу салгылашуулардын биринде оор жараланат. Госпиталга жаткырылып, врачтардын дарылоосу менен аман калат. Бирок, аман калганы менен кайра согушка кирүүгө жараксыз болгондуктан, аскердик медкомиссия аны тылга кайтарууга чечим кабыл алды. Ошентип, ал 1945-жылы туулуп-өскөн айылына кайтып келди.

Айылына келгенден кийин колхоздун ишине аралашып жүрүп, 1948-жылы Ташкенттеги финансы техникумуна кирет. Аны 1951-жылы бүтүрүп чыгып, мамлекеттик банктын Ленин райондук бөлүмүндө кредиттик эксперт болуп иштей баштаган. 1952-жылы Үч-Теректеги банкка которулат. 1954-жылдан 1957-жылга чейин Сакалды айылдык керек-жарак коомунун торагасынын орун басары болуп иштеген. 1957-жылы кайрадан банк

тармагына отуп, Ленин райондук мамлекеттик банктын Ленин-Жол болумундо иштеди. 1984-жылы Ленин райондук маданият болумунун бухгалтерлигине дайындалган.

Кийинки жылдарда колхоз базарынын бухгалтери, Ленин райондук статистика комитетинин экономисти болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Анын эмгеги бааланып, бир нече жолу райондук, областтык деңгээлдеги сыйлыктарды алууга татыктуу болду. "Ата-Мекендик согуш" ордени жана Улуу жеңиштин бир нече юбилейлик медалдары менен сыйланды.





Алийжан Нурматов 1911-жылы 27-октябрда Тажикстандын Ленинабад шаарында туулган. Жаштайынан ал тартиптүү, тарбиялуу болуп чоңойду. Өзүнөн улуулардын айткан насаат создорүн коңулуно түйүп, аксакалдар буюрган ар кандай ишти коңүлдогүдой аткараар эле. Кийин улгайган кезде озү да жаштарга акылдуу кеп-кеңештерин айтып, туура жолго үндоп жүрдү.

Улуу Ата-Мекендик согуш башталаардан мурда анын үй-бүлосү Кыргызстанга кочүп келип, Масы айылында жашап жаткан болчу. Алийжан болсо Сүлүктү шаарындагы ФИЗОго окууга жиберилген эле. ФИЗОдо окуп, Сүлүктүдогү шахтада иштеп жаткан убагында, 1942-жылы Алийжан Нурматовду Сүлүктү шаардык аскер комиссариаты аскерге чакырып, фронтко жиберген. Ошол кеткен бойдон үч жыл ар кайсы фронттордо немистик баскынчыларга каршы согушуп жүрдү. Россиянын, коптогон шаар-кыштактарын бошотууга катышып, жеңишти Германиянын Кенхгсберг шаарында тосот. 1945-жылдын 9-майындагы жеңиштен кийин дагы август айына чейин аскердик кызматта болуп, август айында Кыргызстанга кайтып келген. Согуштагы эрдиктери үчүн бир нече медалдар менен сыйланган.

Согуштан кийин ал Масы айылындагы Москва колхозунда ар түрдүү иштерди аткарды. Колхоздун ишинде да активдүүлүк корсөткондүгү үчүн колхоз башкармасы тарабынан бир нече жолу сыйланган. Үй-бүлолүү, бала-чакалуу болуп, балдарын да озүндөй тартиптүү кылып тарбиялады. 1999-жылы 11-мартта бул жарык дүйнө менен кош айтышты.

## ОТУЗ БЕШ ЖЫЛ БИР КЕСИПТИ АРКАЛАП



Эргеш Топчубаев 1924-жылы 24-сентябрда азыркы Ноокен районунун Кызыл-Туу айылында туулган. 1942-жылы Ленин райондук аскер комиссариаты тарабынан аскерге чакырылып, Ата-Мекенди коргоо үчүн батышты коздой сапар тарткан.

Согуштун эң оор участкалары болгон Сталинград шаарын бошотуудагы, Курск дугасындагы чоң согуштарга катышкан. Сталинграддагы салгылашуулардын биринде жаракат алып, санитардык болүкто дарыланып, айыккан соң, кайрадан согушка кирген. Ал эми Курск дугасындагы айыгышкан согушта экинчи жолу ок тийип, оор жаракат алат. Госпиталда жатып айыкканы менен экинчи топтогу майып болуп калат.

Согуштан майып болуп келгенден кийин бухгалтердик курсту бүтүрүп, 35 жыл бир жерде - Москва колхозунда бухгалтер болуп иштеп, пенсияга чыккан. Жеңиштин 30, 40 жылдыгына арналган юбилейлик медалдар менен сыйланган. 1982-жылы “Эмгек ветераны” медалын алган. 1986-жылы 12-декабрда оорудан улам кайтыш болгон.



Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу Жалил Карашов 1926-жылы 1-июнда Ленин районунун Кызыл-Туу айылында туулган. Башталгыч мектепти аяктаган. 1943-1944-жылдарда Тоскоол токой чарбасында жумушчу болуп иштеген. Советтик Армиянын катарына 1945-жылы февралда чакырылды. Согушка Воронеж фронтунда кавалериялык полктун курамында катышат. Кавалерист катары согуш менен жүрүп отуруп, Кенхгсберг шаарына жеткенде Советтик Армия Германияны жеңип, Берлиндеги Рейхстагдын үстүнө жеңиш туусу сайылган.

Жалил Карашов аскердик милдетин андан ары улантып, 1945-жылы Ирандын борбору Тегеран шаарына жиберилет. 1946-жылдан 1948-жылга чейин авиациялык полкто аткыч болуп кызмат өтөгөн. 1948-жылы 7-майда ден соолугуна байланыштуу аскерден демобилизацияланып, айылына келген. Аскерден келгенден кийин колхоздо финагент, андан кийин колхозчу, пахта бригадасында табелчи, фермада малчы болуп иштеди. 1968-жылдан 1974-жылга чейин Кызыл-Туу айылында дүкөнчү болуп да иштеди. 1975-жылдан пенсияга чыкканга чейин колхоздун талаачылык бригадасында бригадир, андан кийин өмүрүнүн акырына чейин арендатор болуп иштеп жүрдү. Эмгеги бааланып, бир нече медалдар жана төш белгилер менен сыйланган.

## УСТАНЫН УУЛУ



Шүкүржан Османов 1917-жылы 3-майда Масы айылында жыгач устанын үй-бүлөсүндө туулган. Согушка 1941-жылдын күзүндө, 24 жашында кетти. 1945-жылдын мартына чейин согушта болуп, Россиянын көптогон шаарларын, Белоруссияны бошотууга катышып, Германияга чейин барган.

Бир нече жолу жеңил жараланып, айыккандан кийин кайрадан согушка кирип кете берген. Германия жергесиндеги согушуулардын биринде жарылган минанын осколкасы тийип, жарадар болуп жатып калат. Ордунан тура албай жатканда анын жанынан куралданган эки немис жоокери өтүп, бактыга жараша көрбөй калыштыбы, же жарадар адамга тийгилери келбедиби, айтор Шүкүржан аман калды. Бирок жарааты оор болгондуктан, госпиталга жаткырылып, ал жерден комиссиянын чечими менен туулган жерине жиберилген.

Туулуп-өскөн айылына 1945-жылдын март айында келип, арадан эки ай өтүп-өтпөй жеңиш жөнүндөгү кабарды укту. Согуштан кийинки жылдарда колхоздо ар кандай иштерди аткарды. Масы айылын электрлештирүү учурунда да активдүүлөрдүн катарында эмгектенди.

Пенсияга чыккандан кийин да өмүрүнүн акырына чейин дыйканчылык менен алектенди. Эмгектери бааланып, медалдар жана баалуу сыйлыктар менен бир нече жолу сыйланды. 1992-жылы 12-мартта ичээр суусу түгөнүп, бул жарык менен кош айтышты.

## АПЫРТАНДЫК АРДАГЕР



Артыкбай Зулпиев 1921-жылы Ноокен районунун Апыртан айылында туулган. 1937-жылдан 1943-жылга чейин "Алаш" токой чарбасында иштеди. 1943-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 2-Украина фронтунда немистерге каршы согушкан. Украинаны, Венгрияны, Австрияны немецтик фашисттик баскынчылардан бошотууга катышкан. Согуштагы эрдиктери үчүн "Эрдик" медалы, Будапештти, Венаны бошоткондугу үчүн медалдары, 2-Украина фронтунун командачысы, Советтер Союзунун маршалы Коневдин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Аскердик катардан 1946-жылы демобилизацияланып келген. Фрунзе шаарындагы милициянын атайын мектебин бүтүрүп, 1953-жылга чейин Токтогул райондук милиция болумүнүн башчысынын орун басары, анан башчысы болуп иштеген. Андан кийин Советтик чарбанын түрдүү тармактарында ар кандай кызматтарда иштеп, 1982-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Согуштан кийинки жылдарда "Жуков" ордени жана жеңиштин юбилейлик медалдары менен сыйланган. Өмүрлүк жубайы менен биргеликте 9 уул-кызды тарбиялап, бардыгын жогорку билимге ээ кылып, турмуш сапарына аттантышты. Перзенттери да атасын тартып, мамлекет үчүн чын дилден эмгек өтөп келишүүдө.

## ПАРТИЯ ИШЕНГЕН КЫЗМАТКЕР



Мамасали Каримов 1913-жылы 13-январда Ленинжол селсоветинин кызыл-Туу айылында туулган. Башталгыч мектепти бүткондон кийин түрдүү жумуштарда иштеп жүрдү. 1938-жылдан 1942-жылга чейин Майли-Сай каналында мурап болуп иштеди. 1942-жылы 8-февралда аскерге чакырылган. Батыш фронтунун 42-гвардиялык аткычтар полкунун 6-ротасында аткыч болуп кызмат отоду. Харьков шаарын бошотууга, Курс дугасындагы катуу согуштарга катышты. Ошол Курск дугасындагы салгылашуулардын биринде оор жарадар болуп, госпиталга түшот. Жарааты оор болгондуктан дарылануусун улантуу үчүн Ташкент шаарына жиберилген. Согушка жараксыз болгондуктан 1943-жылы апрелде аскерден бошотулуп, айылына келген.

Согуштан келгенден кийин 1945-жылдан 1949-жылга чейин Ленин-Жол селолук советинин төрагасы болуп иштеди. 1946-жылы коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. 1949-жылы райкомпартиянын чечими менен "Кызыл Кыргызстан" колхозуна башкармалыкка дайындалат. Дагы эле партиянын жолдомосу менен 1951-жылдан 1966-жылга чейин алгач Сакалды пахта пунктунда, кийин Кыла пахта пунктунда жетекчи болуп иштеди. 1966-жылдан "Кызыл-Туу" колхозунда башкарма болуп эки жыл иштеген. Андан кийин дагы бир топ партиялык жана чарбалык кызматтарда иштеп жүрүп, пенсияга чыккан.

Согуштан кийинки жылдарда "Күжүрмөн эмгеги үчүн" медалы, биринчи даражадагы "Ата-Мекендик согуш" ордени, бир топ юбилейлик медалдар менен сый-

ланган. Жетекчилик кызматтарда иштеп жүргөн мезгилинде жардам сурап кайрылган карапайым адамдарга көптөгөн жардамдарды берген. Ошол себептүү эл арасында аны дайым урматтап, сыйлашкан. Төрт уул, эки кыздуу болуп, алардын бардыгын татыктуу тарбиялап, турмушка аттандырып, 1992-жылы 26-июнда дүйнөдөн кайткан.



# КАЛИНИНГРАДДАН КАЙТКАН ЖООКЕР



Калмурат Каримкулов 1900-жылы 10-августта Масы айылында туулган. Улуу Ата-Мекендик согуштун экинчи топтогу майыбы. Советтер Союзунун бардык эле граждандары сыяктуу Калмурат Каримкулов да оз мекенин душман баскынынан бошотуу максатында 1941-жылы фашисттерге каршы согушка аттанган. Согушка ал Украина жана Белоруссия фронтторунда катышкан. Бардык совет жоокерлери сыяктуу ал дагы согуштун оор күндорүн, уйкусуз түндорүн жана бардык кыйынчылыктарын башынан өткөрдү.

Калининградды бошотуу үчүн болгон 1943-жылдагы айыгышкан катуу салгылашууларда Каримкулов катуу жаракат адат. Аскердик санитарлар жараланган Калмуратты согуш талаасынан көтөрүп алып чыгып, жараатын таңып, санитардык болукко жеткирет. Санитардык болүкто аны айыктыруу мүмкүн болбогондуктан аны Свердловск шаарындагы аскердик госпиталга жиберишет. Анткени оң колуна тийген душмандын огу колду бүтүндой жарактан чыгарган эле. Аскердик госпиталда бир нече ай дарылангандан кийин, аскердик медициналык комиссия аны экинчи топтогу майып деп таап, аскердик кызматтан бошотуп, айылына жиберген.

Аскерден кайткандан кийин Калмурат Каримкулов Ленин районундагы Андреев атындагы колхоздо иштеди. Майып экенине карабай колхоздун ар түрдүү оор иштерин аткарды. Себеби ал кезде замандын талабы ошондой болчу, тошокто жатып калбай, басып жүрүүгө мүмкүнчүлүгү бар адам, колунан келишинче колхозго жардам берүүсү зарыл эле. Кийинчерээк торт майда колхоз биригип Москва колхозу болуп кайрадан түзүл-

гондо, ал ошол Москва колхозунда колхозчу болуп иштеп, пенсияга чыккан.

Согуштагы жана согуштан кийинки эмгектери үчүн бир топ медал жана тош белгилер менен сыйланган. Апыртан айылында жашап, жашы 90дон ашкан кезде жарык дүйнө менен кош айтышты.



# КАВАЛЕРИСТ ЧЕГАРАЧЫ ДА БОЛГОН



Насирдин Маматсаев 1923-жылы 10-майда Ноокен районунун Ленин-Жол айылында туулган. Мектепте окуп, 7 класстык билимге ээ болгон. 1942-жылы 10-апрелде Советтик Армиянын катарына чакырылган. Аскердик даярдыктан откон соң, Ички иштер министрлигинин 44-атчандар кавалериялык полкунун курамында болуп, 1943-жылдын июль айына чейин бир топ согуштук аракеттерге катышкан. 1943-жылдын июль айынан баштап Сталиндин буйругу менен Түркстан Аскер округунда жайгашкан КГБнын 48-чек ара отрядына жиберилет. Ал жерде 1949-жылдын март айына чейин үлгүлүү кызмат отоп, бир топ алкыштардын жана командачылыктын ыраазычылык каттарынын ээси болуп, март айында аскердик кызматтан бошотулган.

Аскерден келгенден кийин масы айылындагы Москва колхозунда коп жыл эмгектенип, пенсия жашына жеткенде ардактуу эс алууга чыккан. Бул аралыкта озүнүн эпкиндүү эмгеги менен бир топ сыйлыктарды, медалдарды алууга жетишти. Үй-бүло күтүп, 3 уул, 3 кыздуу болуп, аларга татыктуу тарбия берди. Богот айылынын ардактуу аксакалы аталды. Согуштун жана эмгектин ардагери Насирдин Маматсаев 2009-жылы 5-ноябрда дүйно салды.



Ганы Касымов 1925-жылы Масы айылында колхозчунун үй-бүлосүндо туулган. 1943-жылы аскерге чакырылып, фронтко жиберилген. Ганыга чакыруу кат келгенин уккан апасы боздоп-боздоп ыйлап алып, анан аргасыздан уулун аскерге жиберүүгө камылга көргонүн, ошондогу апасынын козүнон агып, бетин жууган коз жашын омүрүнүн акырына чейин унута албады.

Өн сегиз жаштагы Ганы башка дагы аскерге чакырылган жигиттер менен бирге шаарга чейин жоо барып, андан ары поездге отуруп, жонөп кетти. Фронтко 6-гвардиялык танкчылар полкунда автоматчы катары кирди. Эки жыл согушта болуп, далай кыргынды кордү. Далай куралдаш достору анын коз алдында окко учканын коруп, далай жолу сай-соогу сыздаган. Өзү атып олтүргон немис жоокерлеринин тагдырына да кейиген учурлары коп болгон. Себеби немистин жоокери деле озүно окшоп бир бейкүноо эненин баласы да.

Немистик аскерлерди кубалап отуруп, Венгриянын чегине да жетип барышты. Ошондо 1945-жылдын жазы эле. Ошол жердеги согушта Ганы жараланып, Венгриянын борбору Будапешт шаарындагы госпиталга түшот. Госпиталда дарыланып жаткан күндорүнүн биринде Советтер Союзу Германияны жеңгендиги тууралуу кубанычтуу кабарды угат. Башкалар катары ал дагы кубанычы койнуна сыйбай, палаталаш жарадар жоокерлер менен кучакташа бирин-бири куттукташканы эсинен эч качан чыкпады.

Согуштан кийин туулуп-оскон айылына келип, колхоздо тракторчу болуп иштеди. Жакырланып кеткен

колхозду бутка тургузууда азбы-коппу өзүнүн салымын кошту. Согуштагы эрдиктери үчүн кужурмөн медалдар менен сыйланса, тынчтык убагындагы эмгеги үчүн дагы бир топ мартабалуу сыйлыктарга ээ болду. Үй-бүлө күтүп, бактылуу жашоону башынан өткөрүп, уул-кыздарын элдин керегине жарай турган инсандардан кылып өстүрдү.



# КЫСКА ӨМҮРДӨ КЫЙЛА ИШ АТКАРДЫ



Макамбай Токтогулов 1923-жылы Ленин районундагы Апыртан айылында туулган. Мектепте окуп жүрүп, 15 жашынан эле колхозго мүчө болуп, иштеген. Жашы 18ге эми толгондо Улуу Ата-Мекендик согуш башталып кетти. Эми шапар тээп, ойноп-күлө турган курагында эл-жерди баскынчылардан коргоо үчүн согушка аттанды. Кыл муруту чыга элек жаш жигит далай от жанган согуш талааларын аралады, далай жолу фашисттер менен бетме-бет келип атышты.

Ошентип, кан кечип, душман менен согушуп жүрүп, 1944-жылдын күзүндө оор жарадар болот. Эс-учун билбей жаткан жеринен аскердик талаа санитарлары алып чыгып, госпиталга жиберишти. Бир нече ай дарылангандан кийин, аскердик медкомиссия аны согушка жараксыз деген чечим чыгарды. Айылына келип, баш аягын жыйганча жаз келип, артынан жеңиш тууралуу кубанычтуу кабар да келет. Согуш аяктагандан кийинки жылдарда Макамбай Токтогулов бир катар партиялык жооптуу кызматтарды аркалап, райондогу колхоздордо башкарманын торагасы болуп иштеди. Эл депутаттарынын айылдык, райондук. областтык Советтерине бир нече жолу депутат болуп шайланды.


Согуштагы күжүрмөндүүлүгү эске алынып, "Германияны жеңгени үчүн", согуштан кийинки эмгеги бааланып, "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалдары жана бир катар Ардак Грамоталар менен сыйланган. Макамбай Токтогулов 1970-жылы дүйнөдон мезгилсиз кайтты. Бул өмүрдө аз жашаганы менен элге эмгеги таанылып, кадыр-баркка ээ болду.



Баракан Мадияров 1916-жылы Ленин районундагы Апыртан айылында туулган. 1935-жылы мектепти бүтүрүп, трактористтердин райондогу атайын мектебине кирет. Аны бүтүрүп, колхоздо тракторист болуп иштеп жүргон кезде Улуу Ата-Мекендик согуш башталып кетти. 1941-жылы 9-августта райондук аскер комиссариатынын чакыруусу менен аскерге жиберилет. Аскердик милдетин Ыраакы Чыгыштагы Хабаровск шаарында отоп, мамлекетибиздин чек арасын Япон милитаристтеринен коргоду. Фашисттик Германия биротоло багынгандан кийин Япониянын Квантун армиясын жок кылуудагы кужурмөн аракеттерге катышты.

Кужурмөн эрдиктери үчүн биринчи даражадагы “Ата-Мекендик согуш”, ордени жана эки медаль менен сыланган.

Ал 1947-жылы аскерден кайтып, 1948-1950-жылдарда колхоздо башкарма, 1950-жылдан 1958-жылга чейин май чыгаруучу заводдун директору, андан соң 1969-жылга чейин Ленин районундагы Москва колхозунда суу чарба адиси болуп үзүрлүү эмгектенди. Эмгеги бааланып, “Эмгек Кызыл Туу” ордени менен сыйланган. 2009-жылы анын элесин түбөлүк калтыруу максатында жергиликтүү кеңештин депутаттары Масы айылындагы көчөлордүн бирине атын ыйгарышты.



## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮК

# *Оруктун оор жүгүн көтөргөндөр*



Биз соз кылып жаткан Сабыралы Тойчукулов озү жашап өткөн мезгилдин билимдүү, маданияттуу, иш билги адамдарынын бири болчу. Өзүнүн коптогөн жакшы сапаттары менен ал эл арасында чоң кадыр-баркка ээ болгон. Ал 1903-жылы Масы айылында туулган. Кичинекейинен ата-энесине жардам берүү менен бирге бош убактысында тынбай китеп окуп, билбегендерин мечиттеги молдокелерден сурап үйрончү. Сабыралы баштаалгыч мектепте болгону үчнчү классты бүтүргон, бирок катасыз жазып, китепти шатырата окучу.

Бир миң тогуз жүз жыйырма биринчи жылы Масы айылында алгачкы мектеп ачылган. Ал кезде сабаттуулар өтө аз болгондуктан, мугалимдер жетишсиз эле. Сабыралынын сабаттуулугун эске алган райондук эл агартуу бөлүмү аны чакырып, мектепке мугалим этип дайындады. Ошентип Сабыралы жети жыл мектепте мугалим болуп иштеди.

1928-жылы Масы айылында пахта кабыл алуучу пункт ачылган. Ошол пунктту уюштурууда активдүү катышкандыгы үчүн Сабыралы Тойчукулов пунктка жетекчиликке дайындалат. Ошол кездерде басмачылар пахта пунктуна тез-тез чабуул коюшуп, колхозго киребиз деген дыйкандардын пахтасын орттоп кетишчү. Сабыралы озү баш болуп, пунктту коргоого алган. Айылдагы бакубат жигиттерден, колхозчулардан ыктыярдууларды чогултуп, сакчылар тобун түзгон. Генерал Эргеш Алиевдин "Ыйык жол" аттуу китебинде бул тууралуу эскерилет.

1932-жылдан Базар-Коргон райондук аткаруу коми-

тетинин жооптуу катчысы, торагасы, Чарбак айылдык кооперативинин торагасы болуп иштеген. 1938-жылы Базар-Коргон районунун курамынан Ленин (азыркы Ноокен) району бөлүнүп чыккан. Ал кезде дыйкандар пахталарын Өзбекстандын Пахта-Абад районундагы пахта тазалоочу заводго тапшырат болчу. Сабыралы Тойчукулов Кыргыз ССРнин пахта заводдогу окүлү болуп турган.

1939-жылы Ленин районуна кайтып келип, "Большевик", Молотов атындагы колхоздордо башкы бухгалтер болуп иштеди. Ал аталган колхоздордун эсеп иштерин бир топ жакшы жолго салып койду. 1953-1955-жылдар аралыгында "Ленин жолу" колхозунда башкарманын төрагасы болуп иштеп, колхозду алдыңкы колхоздордун катарына кошту.

"1954-жылы, мен анда Жалал-Абад областынын орус тилинде чыгуучу "Сталинский путь" газетасында оз кабарчы болуп иштечүмүн. Бир күнү чыгармачылык сапар менен "Ленин жолу" колхозуна барып калдым. Төраганын каанасында 4 киши сүйлөшүп отурушкан экен. Алардын арасында бир жаш жигит да бар. Мен эшикти ачканымда алар тура калып, мени тосуп алышты. Алардын катарынан орун алдым. Башкарманын торагасы Тойчукулов тиги жаш жигит жакты жаңсап: -Бул бала Фрунзе шаарына окууга жоноп жатыптыр, врач болом дейт. Врач болсо, абдан жакшы, өзүбүздүн ооруканабызга да врачтар абдан керек, - деди. Анан башкы бухгалтерин чакырып, баланын ата-энеси жана туугандарынын эсебинен акча жазып берүүнү тапшырды" - деп эскерет карыя журналист С. Садыков.

Ошол бала Шамшидин Суёркулов эле. Ал Фрунзедеги медициналык институттун хирургия факультетин бүтүрүп келип, райондук борборлоштурулган ооруканада узак жылдар бою үзүрлүү эмгектенип, коптогон адамдардын өмүрүн сактап калууга жетишти. 1978-жылы "Социалисттик эмгектин баатыры" наамын алган. Врач болуп иштеп, мына ушундай жогорку наамга жана коп-

тогон ийгиликтерге жетишине биринчи себепчи Сабырали Тойчукулов болгон. Азыркы учурда райондук оорукана Суеркуловдун аты менен аталат.

Сабыралы Тойчукуловдун коп жылдык татыктуу эмгеги бааланып, окмот тарабынан "Эмгек Кызыл Туу", "Ардак белгиси" ордендери, "Кайратман эмгеги үчүн" медалы жана бир нече тош белгилер менен сыйланган.



## ЧАРЧАП-ЧААЛЫКПАГАН ЖЕТЕКЧИ



Акматжан Маткалыков 1902-жылы азыркы Ноокен районундагы Ноокен айылында туулган. Совет өкмөтү орногондон баштап эле коллективдештирүү ишине активдүү катышкан. 1931-жылы райондо биринчи болуп уюшулган "Кызыл аскер" колхозуна башкарманын торагасы болуп шайланган. 1936-жылдан райондук суу чарба болумүндо гидротехник болуп иштеди. Ал эми 1943-жылдан 1948-жылга чейин Ленин райондук кеңешинин торагасынын орун басары, "Кызыл аскер", Филонец атындагы колхоздордун башкармасынын торагасы болуп иштеди. Ал кайсы иште иштебесин, мамлекет тарабынан алдыга коюлган план-тапшырмалардын ашыгы менен аткарылуусуна жетишчү.

Акматжан аке 1952-жылдан 1963-жылга чейин Масы айылдык кеңешинин торагасы болуп иштеди. Ал торага болуп иштеп турган мезгилде Масы айылдык кеңешинин аймагында коптогон озгорүштор болду. Райондук ооруканнанын, орто мектептердин имараттары, мекеме-ишканалардын кеңселери, дүкондор менен ашканалар, колхозчулар менен жумушчу-кызматкерлер үчүн жаңы типтеги турак жайлар курулган. Ошол учурда курулган имараттардын копчүлүгү бүгүнкү күндө да эл үчүн кызмат кылууда.

Ал торага болуп турган жылдарда айылдык кеңештин аймагында бир нече гектарлаган момолүү бактар эгилип, алар жетилген кезде момосү элге тартууланып турду. Ал абдан сабаттуу, маданиятуу, оз ишин мыкты билген жетекчи эле. Чарчадым-чаалыктым дебей тынымсыз изденүүчүлүк менен эмгектенчү. Айылдык ке-

цештин депутаттары менен иштоодо да озүнүн жондомдүүлүгүн корсотө алчу. Ар бир депутат оздоруно алган наказдарын кантип аткарып жаткандыгын дайым козомолдоп турчу.

Түрдүү маселелер менен кайрылган айыл тургундары менен бетме-бет сүйлошүп, алардын маселесин жеринде чечүүго аракет кылаар эле. Кайрылган адамдарга жылуу-жумшак мамиле жасап, анын маселесин дароо чече албаса да, акырындык менен чечүүго аракет кылаарын айтып, ал адамды үмүтсүздүктон арылтып, курсант кылып узатчу. Бир дагы маселени унутта калтырбай, ошону чечүүнүн жолдорун издоо менен алектенчү.

Өзүнүн мыкты сапаттары, талбаган эмгеги, элге кылган камкордугу аркылуу Акматжан Маткалыков “Кайратман эмгеги үчүн”, “Эмгек ветераны” медалдары жана коптогон башка сыйлыктарга татыктуу болгон. Ал 1979-жылы 77 жаш курагында дүйнодон кайтты. Аны таанып-билген жана анын элге кылган коптогон жакшылыктарын коргон эл маркумдун ысмын жана элесин жүрогүндо сактап келет.



## ЭЛДИН ЧЫНЫГЫ ДОСУ



Петр Владимирович Сорокин 1904-жылы Кыргызстандын түндүгүндө туулган. Эмгек жолун 1929-жылы Фрунзе областындагы (азыркы Чүй областы) Киров районунун суу чарба бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен баштаган. Кийинчерээк ошол эле райондун аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеди. 1933-жылы түштүк жергесине жиберилип, Ноокат, Ильичевск МТСтеринде агроном болуп иштеп турду.

1933-жылы, Жалал-Абад областы уюшулганда тажрыйбалуу адис катары жаңы түзүлгөн областка жиберилет. Алгач Жалал-Абад областынын Октябрь районундагы Михайловск МТСинин башкы агроному, андан соң Ала-Бука районундагы Ак-Коргон МТСинин директору болуп иштейт. 1950-1958-жылдар аралыгында алгач Ноокен районундагы Сакалды, Ленин МТСтеринде, кийинчерээк Масы айылындагы МТСте директор болуп иштеген. Ал кайсы МТСте директор болуп иштесе, ошол МТСтин техникалык базасы чыңдалып, анын техникалары тейлеген колхоздордун эгин аянттары агротехникалык жактан жакшы иштетилип, түшүмдүүлүгү артып турган. 1959-жылы Сузак райондук айыл чарба инспекциясынын жетекчилигне дайындалган.

Ал жерде да мыкты иштеп, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөткөндөн кийин, 1961-жылы Ноокен районундагы "Москва" колхозунун башкармасынын төрагалыгына шайланган. Бул колхоздо он бир жыл жемиштүү иштеди. Ал жетектеп турган учурда колхоздун бардык тармактары экономикалык жактан өсүп-өнүктү. Жердин асылдуулугу жогорулап, колхоз кирешелүү чарбага ай-

ланды. Сорокин өзү механизатор болгондуктан, айыл чарба техникасын өркүндөтүүгө, техниканы ондурумдуу пайдаланууга көп көңүл бөлдү. Өздөрүндө жок айыл чарба шаймандарын башка жактардан таап келип, колхозчулардын кол эмгегин жеңилдетүүгө аракет кылды. Ал төрага болуп турган мезгилде колхоздогу техниканын саны 154 даанага жеткирилди. Колхоздо механизатор кадрларды көп өстүрдү, 200дөн ашык тракторист, айдоочулар өсүп чыкты.

Ал Сакалды, Ленин МТСтеринде иштеп жүргөндө аны менен чогуу иштеген Сабырали Камилов жана Сайиткул Тажибаев деген теңкур достору бар эле. Колхозго жетекчи болуп келгенден кийин ал эки досун чоң ишеним менен колхоздун трактордук бригадаарына механик этип дайындады. Алар да өз кезегинде Сорокиндин ишенимин актап, техника ишин алга жылдырууда жакындан жардам беришти. 1971-жылы Петр Владимирович Сорокин башкарган колхоз 1820 гектар пахта аянтынын ар гектарынан 32 центнерден түшүм алып, жалпысынан малекетке 5820 тонна пахта тапшырган. План 115 пайызга аткарылып, тапшырылган пахтанын дээрлик бардыгы биринчи сортко өткөн.

Колхоздун мал чарбачылыгында да көрсөткүчтөр көңүл кубантарлык болгон. Тактап айта турган болсок, малекетке эт тапшыруунун жылдык планы 107 пайызга, сүт – 102, жүн – 251 пайызга аткарылган. Колхоздун жылдык кирешеси 5 миллион сомдон ашып кеткен. Ошол кездеги сомдун күчү АКШ долларынан бир жарым эсе жогору болгонун эске алсак, Сорокин башкарган колхозду чыныгы миллионер деп атоого болот эле. Ошол жылдарда колхозчулардын айлык маяналары жогорулап, турмушу оңолуп, жыргалчылыкта жашап калышкан. Ошондуктан да айылдыктар Сорокинди өздөрүнүн чыныгы досу деп билишет.

Өлкөнүн айыл чарбасына сиңирген эмгеги жогору бааланып, Петр Владимирович Сорокин “Октябрь революциясы”, Эмгек Кызыл Туу”, “Ардак белгиси” ор-

дендери, бир топ медалдар жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ал 1978-жылы автокырсыктан каза болду. Бирок анын жогорку адамгерчилик сапаты, элге кылган эмгеги жана жакшылыктары жердештерибиздин эсинен эч качан кетпейт.



## КЫРГЫЗГА ЖАКЫН ОРУС КЫЗЫ



Дубова Клавдия Константиновна 1924-жылы Россия Федерациясынын Оренбург областындагы Бугуруслан шаарында, дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда Клавдия айымдын үй-бүлөсүн Кыргызстандын Жалал-Абад областына жиберишкен. Областтан Клавдия Константиновна Базар-Коргон районуна бөлүнүп, Советское (азыркы Абдыраимов) айылындагы бир чоң складда иштеп калат. Ал складда фронтко аталган азык-түлүк, кийим-кече жана фронт үчүн керектүү өнөр жай товарлары сакталчу.

Складга жыйналган азык-түлүк, кийим-кече жана товарларды улам станцияга жеткиришип, поездге жүктөп, фронтко жөнөтүшчү. Ал кезде "Бардыгы фронт үчүн!" деген ураан менен өздөрү ач калса да, продукциялардын бардыгын фронттогу жоокерлерге жөнөтүп турушкан. Балким ошол кездеги оруктагылардын чыдамкайлык менен кылган эмгектери биздикилердин жеңишке жетишине зор өбөлгө болгон чыгаар.

Клавдия Константиновна да оруктагы көптөгөн эмгекчилердин катарында ошол оор жылдардын кыйынчылыгын түзүк эле тартты. Бирок, эркинин бекемдигинен, мекен үчүн берилгендик сезиминин күчтүүлүгүнөн бардыгына чыдады. Ошентип, биздикилер жеңишке жеткен күндү көпчүлүктүн катарында көздөрүндөгү кубанычтын жашы менен күтүп алды. Анын оруктагы эмгеги бааланып, "Оруктагы кайратман эмгеги үчүн" медалы жана башка медалдар менен сыйланган.

## ЧЕБЕР ТЕРИМЧИ



Октамхан Садыкова 1928-жылы Масы айылында туулган. Анын атасы Казак аксакал болуштун уулу болгон, бирок мен болуштун уулу элем, деп чиренчү эмес. Өткөн кылымдын отузунчу жылдарынын башталышында олкөдо коллективдештирүү башталганда, Казак аксакал биринчилерден болуп колхозго мүчө болуп кирген. Ошого карабай айрым "аша чапма" активисттердин чагымынын айынан сүргүнгө да айдалган. Ошондо апасы Ханбүбү балдары менен калат.

Октамхан 4-классты бүтүргөн жылы каргашалуу согуш башталат. Эр жеткен беш агасын биринин артынан бирин аскерге чакыртышып отуруп, 1941-1942-жылдар ичинде бардыгы тең согушка кетишет. Өзүнөн кийинки төрт синдисин багып, тарбиялоо иштери апасы менен Октамхандын мойнуна жүктөлөт. Ошондо араң он үч жашка толгон Октамхан колхоздун иштерин аткарууга аргасыз болгон. Ал кезде техника жетишпейт, бар техниканы башкарып турган тракторчулар да согушка кетип, бардык иш кол менен аткарылып калган. Бир гана "Бардык эмгегибиз фронт үчүн" деген ураан оруктагы кары-жашка кайрат берип турар эле...

Тагдыр деген татаал неме тура, агаларынын үчөө согушта курман болуп, экоосу оор жаракат алып, эмгекке жараксыз болуп, кайтып келишти. Эркектердин ишин жалаң аялдар менен жаш балдар аткарып калышты. Кап көтөрүп, арабага дан жүктөгөн - аялдар, эгин сугарган - аялдар, ат жетелеп жер айдаган – балдар, кыскасы оруктун оор жүгү ушулардын мойнуна түшкөн. Ошол оор учурда элдин ынтымагы бекем, ишеничи күчтүү экенин эскерет Октамхан. Кимдир бироонун бир наны бол-

со, ортодо баары чогуу болуп жешкен. Кимдир бироонун башына кайгы түшсо, бардыгы чогуу жардам берген. Эртең болбосо, бүрсүгүнү согуш бүтоорүно, жеңиш биздикилер тарапта болооруна терең ишенишкен.

Ошентип, согуш биздикилердин жеңиши менен аяктады. Андан кийинки жылдарда Совет мамлекети жылдан-жылга чыңдала баштады, калктын турмушу жыл санап жакшырып барды. Өктамхан да эми эки эселенген күч-кайрат менен иштеп, колхозчулардын алдыңкы сабында болду. 1946-жылы "Оруктагы эмгеги үчүн" медалын алганына шыктанган Өктамхан, бар күчүн колхоздун жумушуна үродү. 1952-жылы Москвада өткөн айыл чарба жетишкендиктеринин коргозмосүно катышуу да насип этти. Ошол эле көргозмөгө катышууга 1972-жылы дагы татыктуу болду.

Совет мамлкетинин гүлдоп онүгүү доору 1960-1980-жылдардын аралыгына туш келген болсо, Өктамхандын кайрат күчүнүн ташкындашы да ушул жылдарга дал келди. Ошол жылдар аралыгында пахтачылык бригадасында иштеп, пахта терим убагында бир сезондо алгач 4-5 тоннадан баштап, кийинчерээк сезондо 8-9 тоннага чейин жеткирип "ак алтын" терип жүрдү. Ушуну менен эле чектелбей, ооматы келген жылдарда сезондо 14-15 тоннага жеткирди.

Октамхандын эмгеги жогору бааланып, эки жолу "Эмгек кызыл Туу" ордени, коптогон медалдар менен сыйланды. Мындан тышкары Кахраман аттуу уулу машина менен пахта терүү боюнча республикада рекорд жасап, "Эмгек даңкы" ордени жана "Жигули" автомашинасы менен сыйланган. Пазылжан аттуу уулу колхоздо механик болуп иштеп жүрүп, СССРдин мамлекеттик сыйлыгын алган.

Учурда Өктамхан жаш кезинде өтогөн эмгегинин үзүрүн корүп, омүрлүк жолдошу менен биргеликте уулкыздардын, небере-чеберелердин урмат сыйына болонүп, бактылуу карылыктын доорун сүрүп жаткан чагы. Бул бактылуу энеге мындан ары дагы да бактылуу жашоо каалайбыз.

## ОРДЕНДҮҮ МЕХАНИЗАТОР



Инабатхан Парманова 1937-жылдан баштап эле ошол кездеги Ленин районунун Масы айылында уюшулган "Большевик" колхозуна мүчө болуп кирип, активдүүлүк менен иштей баштаган. Согуш башталып, айылдагы бардык ишке жарамдуу эркекетер согушка кеткенде, Инабатхан Масы айылындагы МТСте ачылган тракторчулар курсуна кирип, тракторчулук кесипке ээ болгон. Трактордун жардамында жер айдоодон баштап, пахтанын катар аралыктарына иштөө берүү, жөөк салуу, машинанын жардамында пахта терүү иштерин аткарып жүрдү. Мына ушул иштерди мыкты аткаруу менен башкаларга үлгү да болду.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында орукта мыкты эмгектенгендиги үчүн Инабатхан "Кайратман эмгеги үчүн" медалы менен сыйланды. Согуш бүтүп, жоокерлерибиз жеңиш менен кайткандан кийин, тракторчулук ордун эркектерге бошотуп берип, өзү пахтачылык бригадасында звено башчысы болуп иштеди. Кол менен пахта терүүдө да алдыңкы теримчилердин катарын толуктап, сезондо 10-12 тоннадан пахта терип, бригаданын кырманына төгүп турду.

Өткөн кылымдын алтымышынчы, жетимишинчи жылдарында ирилештирилген колхоздордун пахта аянттары аябай кеңейтилди, техниканын саны да көбөйдү. Ошондо Инабатхан кайрадан механизатор болуп иштөөгө бел байлады. Ал өзүнүн арызы менен 1972-жылдан баштап кайрадан трактордун рулуна отурду. Ошол жылы СССРдин түзүлгөнүнө 50 жыл толуп, юбилейлик жыл болгон. Юбилейдин урматына Бүткүлсоюздук со-

циалисттик мелдеш жарыяланды. Ошол мелдешке Инабатхан да катышып, пахта теруучу машинанын жардамында 120 тонна пазхта терип, социалисттик мелдештин жеңуучусу аталды.

Инабатхан Пармpraлованын эпкиндуу эмгегине шыктанып, механизатор болууну эңсеген кыз-келиндер чыга баштады. Инабатхандын демилгеси менен колхоздон 8 кыз Жалал-Абад шаарындагы механизациялык окуу жайына колхоз тарабынан жиберилди. Мына ушул демилгеси жана буга чейинки кужурмон эмгектери бааланып, ал Ленин ордени менен сыйланды. 1973-жылы Инабатхан баштаган механизатор кыз-келиндер машинада пахта теруу боюнча зор ийгиликтерге жетишишти. Инабатхан сезондо 158 тонна, башка келин-кыздар 100 тоннадан 150 тоннага чейин пахта теришти.

Ошентип, Инабатхан Парманова колхоздо курдоолдуу иштоо менен бирге 11 бала тороп, алардын бардыгын омурлук жолдошу менен биргеликте татыктуу тарбиялап остурду, уйлоп-жайлады. Ал пенсияга чыккандан кийин да ордендуу ардагер жана Баатыр эне катары колхоздо откорулуучу бардык иш-чаралардын, майрамдык салтанаттардын сыйлуу коногу болуп, жаштарга озунун акыл-насаат создорун арнап журду.

# КААТЧЫЛЫК ЖЫЛДАРДАГЫ КАТЧЫ



Шазадахан Арипжанова Масы айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Масы айылындагы Ленин жол орто мектебинен 7-классты бүтүргөн. Окуусун андан ары улантууга каргашалуу согуш кедергисин тийгизип, согуш жылдарында "Большевик" колхозунун кеңсесинде катчы болуп иштеди. Колхоздун кагаз иштеринин ирээттүү жүргүзүлүшү анын колунан келет эле. Колхоздун ишине байланышкан түрдүү иш кагаздарын убагында жана сабаттуу кылып жазып, даярдап туруучу.

Колхоз башкармасынын докладдарын, отчетторун сапаттуу даярдоо менен бирге, колхозчулардан келип түшкөн арыз-каттарды да тиешелүү адистерге жеткирип, анын аткарылышын көзөмөлгө алып тургандыктан, эч бир арыз тиешелүү адистердин көз жаздымында калып кетпейт болчу.

Согуш жылдарында күндүзү талаада, кырманда иштеген аялдарга жардам берсе, кечкисин кеңседе олтуруп, кагаз иштери менен алектенчү. Суткасына болгону 4-5 саат гана эс алганы болбосо, башка убактысын бүтүндөй эмгекке арнаган. Кохоздун текшерүү комиссиясынын мүчөсү болгондуктан, комиссия менен биргеликте түрдүү текшерүүлөргө чыгып, анда аныкталган кемчиликтердин жоюлушу үчүн акырына чейин көз салып турар эле.

Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин Шахзадахан Арипжанова оруктагы кужурмөн эмгеги бааланып, Совет өкмөтү тарабынан "Кайратман эмгеги үчүн" медалы менен сыйланды. Андан кийин да узак жылдар бою колхоздо активист болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан.



Рыслыгай Сатыбалдиеванын ысмын район тургай, бүтүндой областтын дыйкандары жакшы билишет. Ал пахтачылык бригадасына мүчо болуп, пахта териминде кол менен пахта терген теримчилердин алдыңкы сабында турчу эле. Район боюнча алганда да кол менен эң коп пахта терген алдыңкы теримчи аталып калды. 1939-жылы Москвада откон Бүткүлсоюздук айыл чарба жетишкендиктеринин коргозмосүно катышкан. Ушул коргозмо ага дагы да дем-күч берип, андан кийинки жылдарда пахтаны дагы да кобүроок терүүгө жетише алды.

Рыслыгай эже 1955-жылдан 1978-жылга чейин Москва колхозундагы эң чоң пахтачылык бригадасында бригадир болуп, 23 жыл бою талбай эмгектенди. Ошол жылдар аралыгында ал башкарган бригада мамлекетке пахта тапшыруунун жылдык планын райондо алгачкылардан болуп, ашыгы менен орундатып турду. Планды аткарып эле тим болбой, жылдан-жылга пахтанын түшүмдүүлүгүн да арттырып отурушту. Ал бригадир болуп дайындалган алгачкы жылдарда гектарынан 18-20 центнерден пахта алына турган болсо, жылдан-жылга түшүмдүүлүктү жогорулатып отуруп, 30 центнерге жеткирди. Бул корсоткүч дагы ал үчүн чек болуп калбай, андан ары алга карай чечкиндүү аракет жасап, ар гектар пахта аянтынан 35-40 центнерге жеткирип түшүм алууга жетишти.

Ошол жылдарда райондук, областтык, республикалык газеталардын бардыгы Рыслыгай Сатыбалдиева тууралуу макаларды жазышып, радиоберүү, теле корсотүүлордо да ал тууралуу берүүлор уюштулуп турган.

1958-жылы Москвада өткөн Бүткүл союздук пахтачылардын кеңешмесине катышкан. Ошондо КПСС Борбордук Комитетинин секретарлары Никита Сергеевич Хрущев, Леонид Ильич Брежнев жана башкалар менен жанаша отуруп, сүрөткө түшкөн. Кийин Л. И. Брежнев КПСС Борбордук Комитетинин баш катчылыгына шайлангандан кийин да Рыслыгай Москвага айыл чарба кызматкерлеринин слётторуна катышып, Брежнев менен кол алышып көрүшүп жүргөн. Брежнев да Рыслыгай Сатыбалдиеваны күжүрмөн эмгеги үчүн урматтап, сыйлайт болчу.

Рыслыгай Сатыбалдыеванын тээ согуш жылдарынан берки эпкиндүү эмгектери эске алынып, “Эмгек Кызыл Туу”, “Ардак белгиси” ордендери жана бир нече медалдар менен сыйланган. Райондо биринчилерден болуп, “Волга” жеңил автомашинасын сыйлыкка алган. Ал жетимиш жаштан ашкан кезинде деле пахта талаасына чыгып, алынын жетишинче пахта теримине катышып жүрдү. Анткени ал чыныгы эмгектин адамы болчу.



# КАТАРДАГЫ КОЛХОЗЧУ



Макамбай Сатаров 1928-жылы азыркы Масы айыл окмотуно караштуу Беш-Жыгач айылында туулган. Айылдагы башталгыч мектепти бутургондон кийин Улуу Ата Мекендик согуш башталып кетип, ал колхоздун турдуу иштерин аткарып калды. Жаш экенине карабай колхоздун эң оор иштерине активдуу катышып, согуш жылдарындагы оор эмгекти аркалады.

1951-жылы аскердик кызматка чакырылып, Россия шаарларында аскердик милдетин отогон. Аскерде жургон кезинде орус боордоштордун дыйкандарынын иштегенин оз козу менен коруп, алардын эмгегине суктанган жана алардан озуно пайдалуу улгу алган.

Аскердик милдетин отоп бутуп, 1954-жылы озу туулуп-оскон айылына кайтып келгенден кийин кайрадан колхоздун ишине баш-оту менен аралашып кетти. Эрте жаздан кеч кузго чейин пахта талааларында, кырманда талбай эмгектенип журду. Ошол жылдарда эми бутуна туруп келе жаткан Совет мамлекетинин андан ары карай өнүгүшүнө Макамбай Сатаров да өзүнүн эпкиндүү эмгеги менен салым кошту.

Эр эмгегин жер жебейт дегендей, Макамбайдын эмгеги да этибардан сыртта калган жок. Ал өзүнүн мандайдан тер агызган эмгеги менен “Эмгек Кызыл Туу” орденин алууга татыктуу болду. Андан тышкары Лениндин 100 жылдыгына арналган юбилейлик медалы, партиянын Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин жана СССР профсоюздарынын Борбордук Советинин төш белгилери менен сыйланды.

## АСЫЛ ЭМГЕКТИН ЭЭСИ



Ханипахан Юсупова 1921-жылы азыркы Ноокен районундагы Масы айылында туулуп, төрт класстык билимге ээ болгон. 1938-жылдан баштап Масы айылындагы "Большевик" колхозуна мүчө болуп кирген. Улуу Ата Мекендик согуш башталганга чейинки жылдарда эле кол менен пахта терүү боюнча эң алдыңкы теримчилердин катарын толуктап жүргөн. Ошол жылдарда бир сезондо 5-6 тоннадан пахта терип, колхоздун кырманын толтурууга бараандуу салым кошуп турган.

Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан кийин, 1941-1945-жылдарда колхоздо эркектер аткара турган оор иштердин бардыгын аткарып жүрдү. Андан сырткары дагы да болсо күз мезгилинде пахта теримине активдүү катышып, колхозчулардын арасында эң көп пахта терген терימчи катары бааланып жүрдү. Бир эле пахта талаасында эмес, буудай бышкан учурда кол орок менен буудай орууга, кырманда дан бастыруу иштерине да активдүү катышты.

Талаага чыгып колхоздун иштерин аткарып, үйүндө жаш балдарына да камкордук кылууга жетишти. Оруктун оор жүгүн аркалап, Совет мамлекетинин фашисттик Германияны жеңип чыгышына өзүнүн эмгеги менен салым кошту. Ханипа сыяктуу чымырканган аялдардын, орукта калып иштеген миңдеген кары-картаң жана жаш балдардын эмгегинин натыйжасында согуш жылдарында советтик жоокерлер кийим-кече, азык-түлүк менен үзгүлтүксүз камсыз болуп турушкан.

Ханипахан эже карыган чагында да балдарына пахта теримине жардамдашып жүрдү. Ал 1992-жылы дүйнөдөн кайтканы менен анын элеси жердештеринин көз алдында түбөлүк жашап жүрө берет.

## МАЗМУНУ

Улуу Жеңишти алып келгендерге таазим! . . . . . . . . . . . 3

Сөз башы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5

БИРИНЧИ БӨЛҮК
*Майдандан кайтпай калгандар*
Аты аталса, куту сүйүнөт . . . . . . . . . . . . . . . . . 13

ЭКИНЧИ БӨЛҮК
*Согуш хроникасы*

Москва астанасындагы салгылашуулар . . . . . . . . 22
Сталинград эпопеясы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Германиянын кыйшаюусуз багынуусу . . . . . . . . . 28

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮК
*Эрдиктер эч качан унутулбайт*

Согушта чыңалган жоокер . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Эки согушту коргон жоокер . . . . . . . . . . . . . . . 34
Кадырлуу педагог . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Согушта да, эмгекте да кужүрмон . . . . . . . . . . . 36
Москваны коргоп, Курскини бошоткон . . . . . . . . 38
Курск Булуңундагы жеңиш . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Ал күндөр эстен кетпейт . . . . . . . . . . . . . . . . . . 42
Он сегиз жашында от кечкен . . . . . . . . . . . . . . . 46
Ийгилик коштогон жол . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Берлинди багындырган жоокер . . . . . . . . . . . . . 51
Эмгектин жана эрдиктердин ээси . . . . . . . . . . . . 52
Согушта сыналган эрк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Кыраакы жоокер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 55
Чекист-сержант . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57
Эки фронттун катышуучусу . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Кайратман кавалериячы катарыбызда . . . . . . . . 60
Согуштан кайткан дыйкан . . . . . . . . . . . . . . . . 61

Мекен үчүн кан токкон . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .63
Кужурмон жоокер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .64
Советтик милициянын ардагери. . . . . . . . . . . . . .66
Милитаризмге каршы согушкан . . . . . . . . . . . . .67
Басмачыны жоюп, фашисттерди кырган . . . . . . . . .68
Боордош Украинаны бошоткон . . . . . . . . . . . . . .70
Карыя калкыбыздын жадында . . . . . . . . . . . . . . .72
Айылдык алгачкы тракторчу . . . . . . . . . . . . . . .73
Согуш жана эмгек талаасынын кужурмону . . . . . .74
Пулемётчунун эрдиги . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .75
Танкисттердин устаты. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .77
Эркектей эрктүү аял . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .78
Кандуу согуш каарманы . . . . . . . . . . . . . . . . . .79
Устат дыйкандын уулу . . . . . . . . . . . . . . . . . . .80
Танкага каршы согушкан . . . . . . . . . . . . . . . . .82
Масылык прапорщик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .83
Кайратман ага-инилер. . . . . . . . . . . . . . . . . . .84
Фронттук кужурмон байланышчы. . . . . . . . . . . .85
Ноокендик партизан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .86
Окууга барбай, согушка кетти . . . . . . . . . . . . .89
Айылдан чыккан артиллериячы . . . . . . . . . . . .91
Ленинградды блокададан бошоткон. . . . . . . . . .92
Польшадан Германияга чейин . . . . . . . . . . . . .93
Кырк жашында кыргынды көргөн . . . . . . . . . . .94
Жигит кезин Варшавада сынаган. . . . . . . . . . .95
Он сегиз баладан бешөө гана кайткан . . . . . . .97
Согушта да, эмгекте да үлгү . . . . . . . . . . . . . .99
Масыдан Смоленскиге чейинки жол . . . . . . . . .101
Румыния калааларында . . . . . . . . . . . . . . . . .102
Жоокерлердин аксакалы. . . . . . . . . . . . . . . . .103
Бир тууган жоокерлер . . . . . . . . . . . . . . . . . .104
Алты жыл аскер катарында . . . . . . . . . . . . . . .106
“Кызыл Бакир” . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .107
Ачкачылык менен арбашкан . . . . . . . . . . . . . .109
Бала жоокер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .111
Гвардиячы кавалерист . . . . . . . . . . . . . . . . . .112
Айылдагы биринчи комсомол. . . . . . . . . . . . . .114

Оң колуна ок тийген . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .117
Андижандан келген жигит . . . . . . . . . . . . . . . . . .119
Туткундан америкалыктар куткарган . . . . . . . . . . .121
Алгач жоокер, анан банкир болгон. . . . . . . . . . . . .122
ФИЗОдон ары согушка . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .124
Отуз беш жыл бир кесипти аркалап . . . . . . . . . . .125
Түрдүү кесипти аркалап . . . . . . . . . . . . . . . . . .126
Устанын уулу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .127
Апыртандык ардагер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .128
Партия ишенген кызматкер . . . . . . . . . . . . . . . .129
Калининграддан кайткан жоокер. . . . . . . . . . . . . .131
Кавалерист чегарачы да болгон . . . . . . . . . . . . .133
Жеңишти Будапештте тоскон . . . . . . . . . . . . . . .134
Кыска өмүрдө кыйла иш аткарды . . . . . . . . . . . .136
Квантун армиясы менен согушкан . . . . . . . . . . . .137

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮК

***Оруктун оор жүгүн көтөргөндөр***

Чыныгы элдик инсан. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .140
Чарчап-чаалыкпаган жетекчи . . . . . . . . . . . . . . .143
Элдин чыныгы досу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .145
Кыргызга жакын орус кызы . . . . . . . . . . . . . . . .148
Чебер теримчи . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .149
Ордендүү механизатор. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .151
Каатчылык жылдардагы катчы . . . . . . . . . . . . . .153
Брежнев сыйлаган аял. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .154
Катардагы колхозчу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .156
Асыл эмгектин ээси . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .157

**ЭРДИКТЕР ЭЧ КАЧАН УНУТУЛБАЙТ**

*Тарыхый басылма*

*Редактор* Абдумуктар Исраилов
*Техникалык редактор* Бахадыр Атажанов
*Корректор* Мухабат Пайзулаева
*Жасалгалоочу* Хуррам Газибаев

Терүүгө 10.03.2015 берилди. Басууга 27.04.2015 уруксат берилди.
Көлөмү 60X84 1/16; 10 шарттуу басма табак.
Нускасы 150 даана.

---

*Жалал-Абаддагы менчик басмаканада басылды.*


Улуу
Жеңишке
70
жыл
ОТЕЧЕСТВЕННАЯ ВОЙНА